ПАНФИЛОВЧУЛАР

АЛАР

Чет элдик баскынчыларга каршы күрөштө биздин лууу Советтик Ата-Мекенибиз үчүн баатырларча курман болгондордун жаркыраган эстелигине арналат...

63-3(2)722
А45



АЛАР ПАНФИЛОВ ЧУЛАР

Ошская
областная
библиотека
Инв. № 190868

ХРАНЕНИЕ

„МЕКТЕП“ БАСМАСЫ ФРУНЗЕ 1971

Түзгөн авторлор:
А. А. АХМЕТОВ,
Н. П. ФИЛИПОВИЧ

Бул китепти түзүүдө Кыргыз ССРинин мамлекеттик архивиндеги материалдардан жана генерал-майор И. В. Панфилов атындагы гвардиялык дивизия жөнүндөгү адабияттардан, ошондой эле мурунку офицерлер менен солдаттардын аныктамалары пайдаланылды.

Биз архивдин кызматкери Абдыкаровго, тарых музейинин кызматкери Исаковага, республикалык Чернышевскийдин атындагы китепкананын кызматкери Мураталиевге, ЦК ЛКСМ дин бөлүм башчысы Молдогазиевге, панфиловдук дивизиянын ветерандарынын советинин председатели Страченкого материалды топтоодо берген жардамдары үчүн абдан ыраазы экенибизди билдиребиз.



ФРУНЗЕНСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 190868

Ата-Мекен үчүн болгон салгылашууларда

1941-жыл, Фрунзе шаары. Дивизиянын бөлүктөрүнө кыргызстандык
уландарды жөнөтөрдөгү өкмөт үйүнүн алдындагы аянтта болгон митинг.

ДИВИЗИЯНЫН БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛДОРУ

ДИВИЗИЯНЫН ОРДЕНДЕРИ



Советтик армиялардын ичинен биринчилерден болуп 366—аткычтар дивизиясы 8-аткычтар дивизиясы деген атка конгон.



ЛЕНИН ОРДЕНИ

Панфиловчулар Ленин орденине 1942-жылы душмандын тылын көздөй калың кар менен кыйынчылыгы жагынан теңдеши жок, эки жүз километрдик жүрүш жасашкандыгы үчүн татыктуу болушкан. Бул операцияда душмандын чоң группировкасынын алды торолуп, оор жоготууга учуратылган жана 250 дөн ашуун элдүү пункттар бошотулган.



КЫЗЫЛ ТУУ ОРДЕНИ

Панфиловчулар Кызыл Туу ордени менен 1941-жылдын ызгардуу кыш күндөрүндө улуу Ата-Мекенибиздин борборун коргоодо зор каармандыгы үчүн сыйланышкан. Фашисттер Москвага өтө алышкан жок. Алардын жолуна залкар тоодой болуп башкалар менен бирдикте биздин 316-аткычтар дивизиясынын болочок гвардиячылары турушту.



II ДАРАЖАДАГЫ СУВОРОВ ОРДЕНИ

II Даражадагы Суворов ордени менен гвардиячыл-панфиловчулар Латвия ССРин жана анын борбору Рига шаарын гитлердик баскынчылардан бошоткондугу үчүн сыйланышкан.

ДАҢК ЖОЛУНАН ӨТҮНДҮ

«Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!
Биздин ишибиз ак, душман талкаланат!»

Коммунисттик партиянын бул чакырыгы тылда болсун, фронтто болсун, совет элин шыктандырып турду.

Советтик куралдуу күчтөр эмнелерди башынан өткөргөн жок. Адеп уюшулгандан баштап эле душмандар менен кармаша чыкты. 1917-жылы өзү жаш болсо да Антантанын аскерлери менен согушту. Канча жолу Ыраакы күн чыгыштагы чатактарды басты. Финдик жана эң зор татаал Ата-Мекендик согушта салгылашышты.

Биздин эл ар убак өзүнүн согуштук күчүнүн катарына, өздөрүнүн уулдарынын биринчи катардагыларын жиберип, алардын иштери менен сыймыктанып турушту. Биздин аскерлерибиз өзүбүздүн чыныгы денебизден чыккан тукумубуз болуп эсептелет. Армиялык жигиттер жалгыз гана өздөрүнүн аскердик милдеттерин аткарбастан, алар бардык жагынан, аскердик убактарда чыңалып, өздөрүнүн адистерин жакшы өздөштүрүп, оор салмактуу, аркы-беркини билген адам болуп келишет.

Советтин элдери өздөрүнүн Ата-Мекенин коргоодо далай күч куралдуу бирикмелер, бөлүктөр улуу салгылашууда эрдиктерин көрсөтүү менен душмандын белин бүктөдү. Алардын арасында даңкы чыккан: Ленин, Күжүрмөн Кызыл Туу, Экинчи даражадагы Суворов ордендери гвардиялык дивизия бар. Алар Режицкийлик генерал майор, Советтер Союзунун Баатыры Иван Васильевич Панфиловдун атындагы аткычтар дивизиясынын атында аталат. Алардын согуштук жолу Ата-Мекендик согуштун убагында даңкка ээ болгон. Бул дивизия 1941-жылдын июль айында Кыргызстандын жана Казахстандын улан-

дары менен топтолгон. Анын командири болуп граждандык согуштун солдаты, Чапаевдин тарбиясында чоңойгон, Кеңеш өкмөтүн душмандан сактап калууда активдүү катышкан командирлердин бири Кыргыз ССРинин депутаты, Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, 1920-жылдан бери КПССтин мүчөсү болуп келе жаткан Иван Васильевич Панфилов дайындалган.

Дивизиянын өздүк составын кийиндирүү жөнүндө, аларды куралжабдыктар менен жабдуудагы орчундуу иштерди иштөөдө, Кыргызстандын, Казахстандын партияларынын Борбордук комитеттери, өкмөттөрү, партиялык, профсоюздук жана комсомолдук уюмдары далай кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүштү.

Дивизиянын түзүлүшү жана анын күжүрмөн даярдыгы эң эле кыска мөөнөттүн ичинде өттү, 1941-жылдын 14-июлунан 18-августуна чейин дивизиянын командири И. В. Панфилов мына ушундай аз убакыттын ичинде бирикменин өздүк составы эң жогору уюшкандыгын, жыйынтыктуулугун камсыз кылууга жетише алган.

1941-жылы 18-августа дивизия фронтко жөнөп кетет. Боровичи станциясынан Кресцы шаарына чейин дивизия тездик менен жүрүп отуруп, Мста дарыясынын жээгиндеги Кресцы шаарынын жанында коргонууга өтөт. Сентябрь айында 316-дивизия Москвага өтүүчү жолду торгойт. 1941-жылы 17-ноябрда көрсөткөн туруктуулугу жана баатырдыгы үчүн дивизияга «8-гвардиялык аткычтар дивизиясы» деген наам берип, күжүрмөндүк Кызыл Туу ордени менен сыйлайт. 1941-жылы 6-декабрдан 7-декабрга караган түнү Панфилов дивизиясы 16-армиянын башка бөлүктөрү менен бирдикте, Крюкова, андан кийин Истра шаарына контр чабуулга өтөт, панфиловчулар чабуулдун алдыңкы катарында болуу менен фашисттерди баш аламан качууга аргасыз кылып, аларды оор жоготууларга учуратты. Дивизия душманды кууп олтуруп, Москванын жанындагы далай кыштактарды бошотушту.

Панфилов атындагы дивизия согуштун кайнаган отунан өтүп, анын жүздөгөн солдаттары, жана офицерлери, душмандарды Ата-Мекенибизден кууп чыгууда орчундуу күжүрмөндүктөрдү, каармандыктарды көрсөтүштү. Алардын ичинен массалык түрдө баатырчылыкты көрсөтүшкөн адамдар көп болушту.

Дивизиянын согуштук тарыхын төрткө бөлүүгө болот.

Биринчиси, 1941-жылдын октябрь, декабрь айлары.

Экинчиси, түндүк батыш фронту катарында: 1941-жылы январь айынан тартып, 1943-жылдын октябрь айына чейин.

Үчүнчүсү, Прибалтикалык багыт: 1943-жылы ноябрдан июнга чейин.

Төртүнчү мезгили Латвия территориясын бошотуудагы салгылашуулар: 1944-жылдын июнунан тартып согуштун аягына чейинки убакыттар.

Албетте дивизия мыкты жана кыйын салгылашууларды башынан бир нече ирээт өткөргөн. Фашисттер Советтер Союзун баш ийдирүү үчүн элден мурун Москваны басып алууга жүткүнүшкөн, ошондуктан немецтер 1941-жылы күз айларында батыштык багытына эң күчтүү курал-жарактарын топтоп, 7-ноябрда «Москванын кызыл аянтында парад өткөрөбүз» деп «Центр» деген группасын жиберген.

Фашисттер биздин күч-куралдарга караганда солдаттарды 1—4 эсе, танктарды 22 эсе, замбирек жана миномётторду 2 эсе жана самолётторду 2,6 эсе көп топтошкон. Башкача айтканда, 78 дивизияга чейин аскердик бөлүктөр коюлуп, алардын ичинен 14-техникалык жана 3 мотострелкалык аткычтар дивизияларын бөлгөн. Бул жыш токойдой болгон болот сел Москваны көздөй жутунуп турушкан.

Москваны немецтик жырткычтардан коргоо үчүн бүткүл совет эли тик туруп, анын тегерегине коргонуу окопторун, чоң бийик жардуу аңдарды жана темир жолдун рельсасынан жасалган казыктарды, тоскоолдорду орнотушту. Москваны көздөгөн немецтик багытка биздин мыкты кызыл аскерлерибиздин бөлүктөрү турушту. Анын ичинде Советтер Союзунун генерал лейтенанты, жолдош К. К. Рокоссовский командалык кылган 16-армиянын катарында, биздин 316-аткычтар дивизиясы да бар эле. 15-октябрда биздин полктордун жана батальондордун участокторунда катуу салгылашуулар болду. Дивизиянын командири кыраакы акылман генерал-майор И. В. Панфилов немецтердин чабуулдук тактикасын биле коюп, аскердик бөлүктөрдүн аралырын алыстатып топтоп бөлүктөргө түзүп, аларды душмандын негизги багыттарына каршы коюуну чечкен жана аскердик резервдер ар бир полктордун, батальондордун алдында бөлүнүп коюлган. 15-ноябрдан 27-ноябрга чейин дивизия Волоколамск шаарынын айланасында оор коркунучтуу согуштарды башынан өткөрдү. Ошол эле райондогу катуу салгылашууда панфиловчулар менен бирге РСФСРдын Жогорку Советинин Президиумунун атындагы жөө аскер окуу жайынын курсанттары өздөрүнүн командири полковник Младенцев, полковник Катуковдун жол башчылыгы менен танктык биринчи гвардиялык армиянын танкисттери жана Кызыл Армиянын башка бөлүктөрү да болушту.

Москванын жанындагы душманга каршы салгылашууда, советтик жоокерлер өздөрүнүн кажыбас кайратын көрсөтүп, эл үчүн душманга багынбаска моралдык духтарын чыңдашты. 1075-аткычтар полкунун командири полковник И. В. Капров, комиссары старший саясий жетекчи А. Л. Мухамедьяров, 1073-аткычтар полкунун командири майор Г. В. Елин, комиссары старший саясий жетекчи П. В. Логвиненко, 1077-аткычтар полкунун командири майор З. С. Шехтман, комиссары А. М. Карсаков, 857-артиллериялык полктун командири подполковник

Г. Ф. Курганов, батальондук комиссары А. И. Скоробагат, Лховский-лердин жоокерлери эң акыркы мүмкүнчүлүктөрүнө чейин кайраттуу турушту. Панфиловчулардын күндүзгү салгылашууларында канча-лык талкаланып, тымтыракайы чыкса да, түн боюнча кайта түзүлүп ордуна келип, эртең менен мурункудан да күчтүү болуп калышчу. Артыкча эрдикти, каармандыктарды ал күндөрдө 1075-аткычтар пол-кунун саясий жетекчиси В. Г. Клочков, штабдын начальниги капитан В. Г. Монаенко, полктун комсоргу Балтабек Джетгисбаев, ал полктук батальондун командири старший лейтенант И. И. Райкин, 857-артилле-риялык полктун батареясынын командири лейтенант Г. О. Бабаян, лейтенант Поцелуев, саясий жетекчи Бозманов, катардагы Блоха, ба-тальондун командири капитан М. А. Лысенко, саясий жетекчи Малик Габдуллин, сержант Цыганок, 1077-аткычтар полкунун байланышты-руучулары Харламов, Курчин жана толуп жаткан адамдар көрсө-түштү. Алардын көпчүлүгү Ата-Мекен үчүн курман болушту да, душ-мандарды Москвага коё беришкен жок.

Ноябрдын аяк ченинде 1077-аткычтар полку, 316-аткычтар диви-зиясы убактылуу чегингенин калкалап артта калып немецтердин кур-чоосуна түшүп калышат. Дивизиянын командири «курчоодон чыгуу керек, күч-куралды сактагыла, дивизия силерди күтөт» деген сөзү курчоодон гана чыкпастан, күч-куралды аман сактап чыгуу эле. Полк-тун командованиеси, «жатып өлгөнчө, атып өлөлү, душмандын турак жайын акырын байкап, алардын кароолчуларын жайлап, өздөрүн те-геректеп жоготпосок чыга албайбыз» деген ойго келди.

Алдыңкы колонналар кыштактын четине чыгып, бир тобу түндүккө, экинчи тобу түштүктү көздөй душманды курчоонун ичине алуу үчүн жөнөштү. Ошол эле убакытта биздин чалгынчылардын тобу өзүнүн командири сержант Величко менен мектептин имаратына жетип барып, андагы немецтерди гранаталар менен сого башташат. Мындай укмуш-ту ойлобогон немецтер терезеден, эшиктен чыга жүгүрүшүп, эшиктеги биздин чалгынчылардын окторунан сулап жатты.

Немецтер туюп калгандыктан план бузулуп, биздин командование башка чечимге өтүшөт. Биздин аскерлер бардык курал аркылуу кыш-такты аткылай баштайт, эки капталда турган биздин аскердик бөлүк-төр кыштакка чабуул коюшуп, көчөлөрдө, үйлөрдө салгылашуулар башталат. Пулемётчиктер өздөрүнүн командири сержант Рыбалкина-нын башкаруусунда окту мөндүрдөй төгүп немецтердин чыгуучу жол-дорун бузушат.

Кыштакка биринчи болуп лейтенант Байбосовдун ротасы чабуул коюп киришет. Алардын артынан полктун башка бөлүктөрү дагы жө-нөй башташат. Мындай ишти күтпөгөн немецтердин арасында дүрбө-лөң башталып, туш-туш жакка качышат. Фашисттер ушунчалык кор-кондуктарынан өздөрүнүн даяр турган замбиректерин жана миномёт-торун биздин солдаттарга каршы колдоно алышпай калышат. Немецтерге дүрбөлөң салып, алар эсине келгенче биздин аскерлер кыштактан аман-эсен чыгышып, дивизияны көздөй жол тартышат. Полктун бөлүктөрүн жолдош Панфилов өзү тосуп алып «баракелде» деп курчоодон аман-эсен чыкканы үчүн аларга Рокоссовскийдин алкы-шын айтат.

Фашисттер өздөрүнүн октябрдагы чабуулдарынын мизи ташка тийгенине ичи күйүшүп, Москваны катуу суук түшө электе басып алуу үчүн жаңы даярдыктарды көрө башташат.

16-ноябрда немецтер өздөрүнүн чабуулдарын бардык фронттордо улантышат. Кырк танктын жардамы менен душман биздин дивизиянын районунда, биздин чекти бузуп, 1077-аткычтар полкунун артынан жана капталдарынан сокку беришет. Полк жакшы коргонууну уюштуруп, немецтердин 17 танкын жана бир полктун көлөмүндөгү жөө аскерин талкалап, немецтик курчоодон чыгат. Немецтердин Москвага койгон ноябрдык чабуулдары бул жолу да ишке ашпай, биздин советтик аскерлердин кайраттуулугунун натыйжасында душмандар чоң зыянга учурады.

Кызыл Армиянын милдети душмандын чабуулдарын токтотуп, аларды биздин жерден кууп чыгуу эле. Бул максат биздин жоокерлер-дин ойлорунан чыккан жок. Волоколамск шаарынын тарабында биздин 16-армия немецтерге каршы турду. Анын ичинде 316-аткычтар диви-зиясы да бар эле.

Фашисттер биздин багытка 7 танктык, 3 моторлошкон, 5 жөө аскер дивизияларын топтошкон. 16-армиябыздын багытына немецтер аскер-дик күчтөрүн биздикине караганда 1,7 эсе, замбирек жана миномёттон эки эсе, танктар боюнча 1,6 эсе көп топтошкон. Немецтик күчтөрдүн мөндүрдөй жааган ок-снаряддары менен бомбалары биринчи эше-лондо турган панфиловчуларды, курсанттар полкунун, 50-атчандар, 18-жана 70-дивизияларын баш көтөрткөн жок.

16-армиянын 316-аткычтар дивизиясынын сол жагындагы багытта турган биздин 1075-аткычтар дивизиясына каршы немецтер 80 танкты, эки эсе көп аскер полкун, 6 миномёттук, 4 артиллериялык батареяларды жана шыктуу автоматчиктерди, мотоциклисттерди коюшкан.

1941-жылы 16-ноябрда эртең мененки үрүң-бараңдан тартып эле, душмандар бардык болгон күч куралдары менен 1075-аткычтар полкун ата башташты. Жер дүңгүрөп, айлана тарса-тарс, аба ок-дарынын жытына толуп, бомбалардын дүңкүлдөгөнү кулакты тундурат. Кый-мылга келген көп моторлордун үндөрү, снаряд, бомбалардын жары-лууларына аралашып жердин үстүн жаңыртат. Эртең мененки саат 10 до душмандын танктары менен жөө аскерлери Волоколамск шос-

сесине жетип, аны менен түздөн-түз Москваны көздөй жөнөсөк деген ой менен, чабуулга өтөт. Немецтик күч куралдардын мизин кайтаруу үчүн биздин дивизиянын аскердик бөлүктөрү, 1073-жана 1077-аткычтар полктору, 857-артиллериялык полк, 589-зениттик артиллериялык дивизиону, 597-сапёрдук батальону жана башка бөлүктөрдүн жоокерлери чыныгы баатырларча салгылашышты. Гитлерчилер өздөрүнүн негизги чабуулун биздин сол багытыбызда турган 1075-аткычтар полкунун 4 ротасын көздөй жибериштн. Ал рота Дубосеково жол байланышын коргоодо эле.

Бул салгылашууда ошол ротанын бир взводу политрук Клочков башында турган 28 баатырлар дүйнө жүзүнө угулган эрдиктерди көрсөтүштү. Биринчи жолу 28 баатырларга фашисттик автоматчиктер ротасы чабуул коюп, ойлогон ойлору ишке ашпай тилеги так катып бизден территорияга 70 тей өлүктөрүн ташташып, кайтышты. Бир топ убакыттан кийин эле фашисттер чабуулдарын улантып, 20 танк жиберишет. Салгылашуулар 4 сааттан ашык болсо дагы душмандар коргонуу чегинен өтө алышпайт. Биздин баатырлар танктарды, танкка каршы мылтык менен жана топ-топ болуп байланган гранаталар менен немецтик 14 танкты талкалашат. Тегеректин баарында жалбырттап күйүп жаткан немецтик машиналар, алардын арасында томолонуп жаткан каракчылардын өлүгү. Бир аздан кийин күңүрт түтүндү аралап, немецтик танраптан дагы 30 танк, алардын арасында бир топ оор машиналар келе жатты. Абалга, айланага ой жүгүртүү менен В. Клочков өзүнүн күжүрмөн жолдошторуна: «Достор! 30 танк, балким, баарыбыз өлөрбүз, Россия ошончолук кең, бирок артка чегине албайбыз, артыбызда Москва!»— деп кайрылды.

Баатырлар 30 минутка чейин салгылашып, ок-дарылары бүткөндө гана атышты токтотушту. Өздөрү баары курман болушса да душманды алга коё беришкен жок.

Биздин калкыбыз 28 баатырдын ысымдарын жакшы билет, алардын эрдиктери үчүн баштарын ийишет. Алардын эрдиктери кокусунан болгон жок, андай эрдиктерди алар чын пейилдери менен, Ата-Мекени үчүн жасашты. Баатырлар ошол убактагы биздин жалпы Кызыл Армиянын жоокерлериндей эле өздөрүнүн күчтүү, таза моралдык духтарын көрсөтүштү.

Совет эли алардын каармандыктарын эске алып баардыгына Советтер Союзунун Баатырлары деген наамды беришкен. Бирок алардын ичинен, кандайдыр күтүлбөгөн жеринен, катардагы Илларион Родионович Васильев, Григорий Милентьевич Шемякин, Иван Демидович Шадрин, Дмитрий Филипович Тимофеевдер тирүү калышкан. 28 дин ичинде биздин кыргызстандык Дүйшөнкул Шопоков, Николай Яковлевич Ананьев, Иван Васильевич Маскаленколор да бар эле. Дивизиянын

жакшы даңктуу күнүнүн бири болгон 1941-жылдын 16-ноябры согуштук орчундуу окуялар болгон күн катары эстен чыкпайт.

Бир жерде 1073-аткычтар полкунун 17 солдаты өздөрүнүн саясий жетекчиси Георгиев менен немецтик 12 танкты токтотсо, экинчи участокто 1075-полктун солдаттары, саясий жетекчи Вихревдин жол башчылыгы астында душмандын 10 танкине сокку беришкен.

Ошол эле күнү гитлердик 20 танк жана батальон жөө аскерлери менен Волокламскинин түндүк жагындагы шоссе жол менен Строково кыштагына бараткан кыймылын, 1077-аткычтар полкунун 11 сапёру тосушат. Фашисттик танктар өздөрүнүн десанттары менен биздин аскердик кошулган чек арасындагы бошураак жер менен чапкылашып полктун штабын көздөй бет алышкан. Эгерде ал танктардын чабуулу токтотулбаса, биздин аскер бөлүктөрүнүн арасына далай бүлүктөрдү салат эле. Танктарга каршы чыгууга кенже лейтенант П. И. Фирстов башында турган сапёрлорго буйрук берилген. Алар коргонуу чегин кыштактын алды жагынан алышып жолго миналарды коюп, аңды чалабула казып бүтө электе эле, танктар көрүнүп калды. Алар абдан катуу тездик менен тартипсиз аткылашып келе жатышты. Кыйкырык, ызычуу менен коркута албайсың... Танктарга гранатаны ыргытканга жеткендей жерге келгенче тим койгула» деп взводун командири буйрук берди. Биринчи танк А. И. Павловдун окобуна жакындап калды. Саясий жетекчи күүлөнүп туруп, чиркелештирилген гранаталарды танкка ыргытканда, машинанын гусеницасын талкалап, танкты турган жеринде тегеретсе, экинчи жактан чыккан танк Павловду пулемёттун огу менен сулатса, үчүнчү машина Павловдун окобунун үстүн таптады. Саясий жетекчинин коңшулары эки танкты өрттөп, машинадан чуркап качкан фашисттерди сапёрлор жерге сулатып жатышты. Сапёрлор баатырларча салгылашып бир топ танктарды өрттөштү. Далай танктар минага жарылды, бирок фашисттер кыштакка кирип келишти. Биздин солдаттар эң айласы кеткенде чиркешкен гранаталарды боорына кысып танктын астына жата калышып, далай машиналарды өрттөштү. Бул окуяны көрүп турган кыштактын адамдары алардын эрдиктерине таң калышкан. Жандары кашайган гитлерчилер саясий жетекчи Павловдун өлүгүн жолго сүйрөп барып, анын үстүнөн көп танктарды өткөзгөн.

Баатырлар өздөрүнүн жаш өмүрлөрүн арзанга беришкен эмес. Алар немецтердин чабуулун бир күнгө чейин кармап далай куралдуу күчтөрүн талкалады. Биздин сапёрлордун ысымдары кенже лейтенант Фирстов П. И. кенже саясий жетекчи Павлов Алексей Михайлович. Сержант — Зубков Александр Николаевич.
Сержант — Матеркин Данил Константинович.
Катардагылар — Снеговский Павел Иосипович.
— Семёнов Василий Иванович.

— Довжук Ерофей Антонович.
— Ульченко Глеб Владимирович.
— Калюжный Григорий Григорьевич.
— Гениевский Петр Петрович.
— Маношин Василий Иванович.

Булардын баардыгы өлгөндөн кийин Ленин ордендери менен сыйланышты. Бул күндөгү дивизиянын жоокерлеринин согуштук иштерин Кызыл Армиянын башкы жогорку командованиеси жакшы баалады.

17-ноябрда 316-аткычтар дивизиясы согуштук Кызыл Туу ордени менен сыйланып жана гвардия деген атка сыймыктуу болду. «Правда» газетасы өзүнүн 18-ноябрдагы баш макаласында панфиловчулардын эрдигин мактап жазган.

Москванын алдындагы душман менен болгон каардуу салгылашууда 8-дивизия сыйлык алууга татыктуу болду. Дивизия биздин мекенибизге, совет элине мыкты туруктуулукту, баатырдыкты көрсөтүп кармашты.

8-гвардиялык дивизия Москваны немецтик фашисттик баскынчылардан коргоодо биздин мекенибизге, совет элине берилгендикти, каармандуулукту, туруктуулукту, баатырдыкты көрсөттү.

Кыргызстан Коммунисттик партиясына, Кыргызстан Жогорку Советине жазган катында аскердик 16-армиянын команда берүүчүсү генерал лейтенант Рокоссовский жана согуштук Советтин мүчөсү, дивизиянын комиссары Лобачев мындай деп жазышкан: «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын аркасында жаралган кыргыз эли Кызыл Армия менен тыгыз байланышта. Кыргызстандын эмгекчилери бүткүл совет элинин фашисттик баскынчыларга каршы жүргүзгөн күрөшүндө активдүү катышып жатышат... Алар немецтик фашизм менен болгон согушта өлүмдү жек көргөн жана үлгү көрсөткөн, мекенди коргогон сандаган баатырларды тарбиялап өстүргөн».

Советтер Союзунун элдери 8-гвардиялык дивизиянын 28 баатырларынын эстелигинин жанында баштарын ийип сыймыктанышат. Мекенди минтип коргоо Коммунисттик партия тарбиялаган элдин гана колунан келет.

18-ноябрда эртең менен эрте Княжно жана Осташково кыштагында душман өздөрүнүн күчүн 70 танкка жана батальондон ашык жөө аскерлер менен толуктап, 1077—1075-аткычтар полкунун райондоруна чабуулду жаңыртышты. Биздин полкторубуз 11 танкын жана жандуу күчтөрүн талкалап, өздөрү ээлеген коргонуу чектерин бекем сактап турушту. 26-ноябрда душмандын жандуу күчүнүн кысымы астында составында 1077-аткычтар полкунун эки батальону, 27-артполктун беш батареясы, Л. М. Доватордун атчандар корпусунун командирлер группасы менен бирдикте Пешки кыштагына чабуул коюшуп, душмандын

эки ротага жакын жөө аскерин жок кылышты. Бул салгылашууда немецтик 1400 гө жакын солдаттары, офицерлери өлтүрүлүп жана колго түштү. 18-ноябрда дивизиянын өздүк составы баштарынан кайгылуу чоң жоготууну өткөрүштү.

Элдин сүйүктүү тажрыйбалуу кишиси, каарман согуштук постто туруп, согуш начальниги генерал-майор И. В. Панфилов каарман баатырларча курман болду.

Өздүк составдын суроосу боюнча мамлекеттик коргоо комитети 28-ноябрда дивизияга генерал майор Панфиловдун ысмын койду. Мээримдүү кыргыз эли, Кыргыз республикасынын борбору Фрунзе шаарында генерал майор Панфиловдун эстелигин тургузду.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Указы боюнча бир катар мекемелерге, училищелерге, мектептерге жана колхоздорго И. В. Панфиловдун ысмы коюлду. Борборубуздун кээ бир көчөсү, республикадагы району жана татынакай парктарынын бири баатырдын ысмы менен аталды...

Дивизия 1941-жылы 7-декабрда эртең менен Крюково станциясын бошотуу үчүн каршы чабуулга өттү. Жоокерлер Иван Васильевичтин өлүмү жана гитлерчилердин кылган кылмышы үчүн, алардан өч алуу үчүн чабуулга Интернационалды ырдап киришкен.

Комсомолдор жан аябаган баатырдык менен күрөшүштү. 1077-аткычтар полкунун комиссары ошо күнкү саясий бөлүмгө берген билдирүүсүндө мындай деп кол койгон. «Социалисттик Ата-Мекен үчүн согушта комсомолдор эр жүрөктүүлүктү, тайманбастыкты, каармандыкты көрсөтүштү».

Көпчүлүк убактарда комсомолдор каны-жанын аябай арстандарча кармашышты. 1941-жылы 8-декабрда саат 12 де Панфилов дивизиясы дагы башка бөлүктөр менен бирдикте Крюково шаарчасын жана станциясын гитлерчилерден бошотушту.

Крюководон кийин 1077-полк дивизиясы менен биригип, Ново-Свинухуни, Красное Свинухуни, Подцепочи, Маврино, Васильевшино, Конишково, Горушко дагы башка жыйырмадай эл жашаган пункттардан баскынчыларды куып чыгышты. Жогорку күжүрмөндүк иштерди дивизия батыш фронтунун составында жүргөндө салгылашкан. Дивизиянын жоокерлери ушул жердеги согушуп жаткан Кызыл Армиянын башка бөлүктөрү менен бирдикте, фашисттик армиянын «такыр жеңилбейт» деген легендасынын ташын талкан чыгарышты. Гитлерчилердин Москвада өткөрмөкчү болгон парады кыйрады, фашисттик солдаттар кийүүчү формалуу кийимдерин орустун кышкы аязына чыдабай оронуп чулганып алышты.

Москваны коргогон миңдеген солдаттар менен офицерлер, Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланышты. Өзгө-

ФШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
190868

чө каармандык көрсөткөн 77 жоокерге Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген. Алардын ичинде 30 панфиловчулар болушкан. Бул Москванын жанындагы эрдик көрсөткөндүктөрү үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилгендердин 40 процентин түзөт.

Бул болсо дивизиянын баштан аяк көрсөткөн баатырдыгынын далили болот. Москванын жанында болгон согушта дивизия душмандын 114 танкын, 20 миңден ашуун фашисттик солдаттар менен офицерлерин, беш самолётун жана башка толуп жаткан техникасын жок кылган. 31 танк, 2 оор жүк ташыгыч, 51 автомобиль, 2 оор замбирек, 12 пулемёт колго түшүрүлгөн.

Немецтик командование панфиловдук дивизиянын темирдей катуу туруктуулугун 1942-жылы январда борбордун жанындагы улуу айыгышкан күрөштүн учурунда Ата-Мекен дивизиянын муктаждыгына карабастан андан дагы оор Түндүк-Батыш фронтуна барууга буйрук берет.

Январда айыгышкан катуу согуштардан кийин 30-полк Старов Руссадан 30 километр түштүк тарапта турган Старая Русса, холм жана Днодеген душмандардын олуттуу коргонууларын алышат. Соколово үчүн болгон согуш абдан айыгышкан түрдө өтөт. Операция жол бою терең күрткүлөргө тыгылып араң келе жатып артта калган артиллериясыз эле баштайт.

1942-жылы 3-февралда экинчи гвардиялык аткычтар, корпустун составында панфиловдук дивизия Старая Русса шаарынын чыгыш табрабынан душмандын тылына чыгат. Мына ушу күндөн баштап, дивизиянын турмушунда тарыхтын жаңы барагы ачылат. Бул убакыт болсо душмандын тылы боюнча баатырдык рейд атка конот.

Рейд укмуштай оор шарттарда өтөт. Кыштын кычыраган суугу жанга батып турган учур. Жоокерлер менен техника жалгыз аяк жол менен араң жылат. Артиллеристтер менен шофёрлордун башына адам чыдагыс мүшкүл түшөт. Алар миномёт менен замбиректерди 40 градус суукта, күрткүгө моюн бербей ийиндерине салып сүйрөп келишет.

Москванын жанындагы согуштай эле бул жерде Түндүк Батышта жоокерлер менен командирлер эрдиктин, токтоолуктун, чыдамкайлуулуктун жана өткүрдүктүн үлгүсүн көрсөтүштү. 7-февралда эртең менен үрүң-бараңда 1070-аткычтар полкунун старший лейтенанты жана саясий жетекчи Малик Габдуллин башкарган автоматчиктердин ротасы, Бородино селосуна кирип келишет да, ал жердеги гитлерчилерди колго түшүрүшөт. Бородино үчүн болгон күрөштө катардагы жоокер, автоматчик Түлеген Тохтаров баатырдык көрсөтөт. Согуш учурунда ал ротадан бөлүнүп, алга кетип, немецтердин взводуна бетме-бет туш келет, Тохтаров болсо карга чөмүлүп алып ата баштайт.

Теңдеши жок согушта Тохтаров 20 дан ашык гитлерчилерди жок кылып баатырларча курман болот. Ошол көрсөткөн эрдиги үчүн Тохтаровго Советтер Союзунун баатыры деген наам берилет.

8-гвардиялык дивизиянын жоокерлери менен командирлери 1942-жылы февралда Кыргызстандын эмгекчилерине жазган каттарынын биринде мындай деп жазышат.

Кыргыз элинин балдары гитлердик баскынчылар менен баатырларча салгылашып жатат. Алардын бири Ашырбай Коёнкөзов коммунист чалгынчы, кыска мөөнөттүн ичинде фашисттердин 138 солдаты менен офицерлерин жок кылды. Ашырбай Коёнкөзов өкмөттүк сыйлыкка эки жолу көрсөтүлдү. Старший сержант Байбачиев таамай атылган ок менен бактын башынан фашисттердин үч «күкүгүн» атып түшүрдү. Ал немецтердин үйүнө биринчи кирип барып баатырларча кармашты. Байланыштыруучулар коммунисттер Ботбаев Самат, Султаналиев Шейше өзүнүн кызматын эң мыкты өтөөдө. Ал эми Бөлөкабылов Тынышбек, Бубинов Исман, Канарбаев Саткул, Тарсыбаев Таштан болсо мыкты артиллеристтер. Кыргыз элинин эр жүрөк уулдары Кызыл Армиянын башка улуттук жоокерлери менен советтик гвардиянын күчүн жана жеңилбестигин көрсөтүүдө.

Советтик өкмөт душмандын тылындагы рейдин жогору баалап дивизияны Ленин ордени менен сыйлайт. Ушул рейдде дивизия душмандын беш миңден ашуун солдаттары менен офицерлерин жок кылып, 40 танкын, 1000 автомашинасын, жүздөгөн замбиректери менен миномётторун колго түшүрүп жана талкалашкан. Немецтик фашисттик баскынчылардын эзүүсүнөн эл жашаган 250 пункт бошотулган. Коргонууда жүрүп панфиловчулар немецтерге тынчтык берген эмес, эң сонун снайпердик кыймыл башталган, 30-гвардиялык полктун снайперлери: старший сержант Абдыбеков 397, ефрейтор Мадаминов 257, старший сержант Нусупбеков Абиль 159, старший сержант Эржанов 67, катардагы жоокер Шабеков 60, катардагы жоокер Мусабеков 50 немецтерди жок кылышкан.

Старший сержант Абдыбеков 1944-жылы 22-февралда душмандын снайпери менен жеке атышууда эң акыркы гилтерчини жок кылган. Абдыбеков өзүнүн постунда курман болгон. Анын снайпердик мылтыгы катардагы жоокер Осмоналиевге берилген, ал ошол мылтык менен дагы 28 гитлерчини жок кылган. Азыр ал снайпердик мылтык казак элинин уулу Абдыбековдун эрдигин баяндап релик буюм катарында Казак мамлекеттик музейинде сакталып турат.

1944-жылы 23-январда дивизияда Александр Матросовдун эрдиги кайталанат. Согуштун катаал учурунда катардагы жоокер Григорий Постолников өзүнүн денеси менен душмандын амбразурасын жаап, жолдошторунун алга жылуусун камсыз кылат.

Жоокер панфиловчулар А. Матросовдун эрдигин кыргыздын патриоту Чолпонбай Тулебердиевдин кайталаганы менен сыймыктанышат. Ал өзүнүн эрдиги менен, өзүнүн өлүмү менен элин өлбөс, өчпөс даңкка бөлөдү.

Чалгынчы миномётчик Нарынов Шайхитдин полктун алдыңкы катарында келатып немецтердин эки пулемётун таамай атып ок жаадырып турду. Эр жүрөк чалгынчы немецтик топко жакындап жылып келип, миномёттун огун өзүнө чакырат, немецтик группа жана пулемёттор талкаланат.

13-июлда 30 километрдик жүрүштөн кийин немецтердин коргонуусун талкалап, Великая дарыясын токтолбостон кечип өтөт. 30-полктүн Шапшаев командирлик кылган батальону Пьяново районунда душмандардын терең тылын айланып Ленинград шоссесин колго алат. Немецтердин Түндүктөн-Түштүккө, Түштүктөн-Түндүккө болгон кыймылы токтолот.

1944-жылы 16-июлда Панфиловдук дивизия Латвиянын жерине кирет, аны бошотуу үчүн катуу согуш башталат. Өзгөчө айгышкан, көп кан төгүлгөн согуш Лудза менен Резекве шаарлары үчүн болот.

Биринчи болуп Резеквеге капитан Абдрахмановдун командачылыгы астында чалгынчы гвардиячылар ротасы кирип барат. Панфиловчулардын чабуулу ушунчалык өткүр жана күтүлбөгөн жерден болгондуктан, душмандардын өздөрүнүн коргонууга даярдап алган, таштан жасалган үйлөрү туруштук бере алган эмес.

Эки саат дээрлик шаардын көчөлөрүндө жамгырдай жааган ок токтогон жок. 23-июлда биздин бөлүктөр (19-полк) немецтердин коргонуусун бузуп өтүп, эки суткадан кийин Лудза шаарын алат, 30-полк Льжа дарыясын кечип өтүп Эйлигиге кирип барат.

19-августа 30-полк Ингарниеки районундагы немецтердин коргонуусун талкалап өтөт. Лысына дарыясын артка таштап Айзтылты кара жолуна чыгат. Кийинки күнү согуштун күчү менен Обеныэки, Столыдзени деген эл жашаган пункттарын алып, Ислыэна дарыясынын ары жээгине чыгышат.

27-июлда эртең мененки саат 8 де бошотулган Режицанын үстүндө биздин кызыл желек желбиреди. Панфиловдук дивизия, «Режицалык» деген ардактуу наамга ээ болот жана бардык өздүк составга жогорку командачынын атынан алкыш жарыяланат.

Латвиянын эмгекчилери өзүнүн бошотуучуларын кубаныч менен тосуп алышат. Эл жашаган пункттарда митингдер болуп, анда панфиловчулар менен жергиликтүү элдер чыгып сүйлөшөт. Алар жоокерлерди батышка, жеңиштин жолуна зор кубаныч менен узатышты.

Лубанский ойдуңунун токойлуу, саздуу татаал шарттарынын жана толуп жаткан орчундуу өткөөлдөрүнүн жагдайларында, панфиловчулар өздөрүнө жүктөлгөн тапшырманы абийирдүүлүк менен аткарышат да Ригага жакындай беришет.

5-августта Айвиекста дарыясынын алдында дивизияны душмандын «Алга» аттуу коргонуу чебинен катуу жааган ок тосуп алат. Душманга каршы согушка биринчи болуп дивизиянын ветераны подполковник Курганский Иван Даниловичтин 19-гвардиялык аткычтар полку кирет.

«Жоокерлер! Туугандар!»—деп Курганский атакага кирген алдыңкы бөлүктү баштап жүгүрөт. Душмандын огу алдыда бараткан эң сонун адамдын жүрөгүн токтотот. Өздөрүнүн сүйүктүү командиринин курман болушун укканда жоокерлер айгышкан чабуулга өтүшүп, душмандарды дарыяга камап барышып, ошол жерден көпчүлүгүн кырышат.

Андан кийин батыш Двина дарыясынын түштүк жээгине өтүп барышып, 10-гвардиялык армиянын бөлүктөрүнө Рига шаарынын сол бөлүгүн бошотууга көмөк берип, душмандын жолду тосуп турган бөлүктөрү менен салгылашат.

Дивизияны командованиенин күжүрмөн тапшырмасы үлгүлүү аткаргандыгы жана немецтик баскынчыларды талкалап, Латвия ССРин Рига шаарын бошотууда жоокердик чеберчиликти, каармандыкты көрсөткөндүгү үчүн 2-даражадагы Суворов ордени менен сыйлаган.

Бул даңкка бөлөнгөн дивизиянын күжүрмөн туусуна мекендин таккан үчүнчү ордени эле.

1944-жылы октябрдын аягында Латвиянын басымдуу бөлүгү немецтик фашисттик баскынчылардан бошотулгандыгына карабастан, Панфиловдук дивизия 10-армиянын составы менен Тукумский менен Либанын ортосунда Балтика деңизине камалган душмандын Курляндтык группировкасындагы немецтик 37-дивизиясын куралдарын колдонууга жол бербей аны талкалоого катышып, согуштун аягына чейин ошол жерде болот.

Курляндиянын жаратылыштык жана климаттык шарттары абдан оор. Мына ушуларды пайдаланып, душман ал жерде күчтүү бекемделген жана терең эшелондоштурулган коргонууну түзгөн. Алардын коргонууларына карабастан панфиловчулар тайманбастан жана эрдик менен күрөшкөн.

1945-жылдын март айында советтик аскерлер душмандын Курляндтык группировкасына чабуул коё баштайт. Мына ошолордун катарында 8-гвардиялык дивизия бар болчу. Душман биздин чабуулду токтотууга бүт аракеттерин жумшашты, бирок панфиловдук дивизиянын бөлүктөрү душмандын коргонуусунун бир бөлүгүн бузуп өтүп, немецтик фронттун тереңине кирет.

Бирок Советтик Армиянын башка бөлүктөрү панфиловчулардын чабуулун чыңдоого мүмкүнчүлүктөрү болгон жок. Гитлерчилер толуп жаткан артиллериялары менен танктарын жыйнап, панфиловчуларга,

анын Шапшаев командалык кылган полкко контр чабуул жасашат. Айыгышкан катуу согуштан кийин полк курчоодо калат. Алар 12 күн бою душмандардын танктары менен жөө аскерлеринин жан талашкан чабуулунун мизин кайтарып турушту. Полктун командири жолдош Шапшаев өзүнүн тайманбастыгы менен жоокерлерге дем берип бир нече жолу өзүнүн гвардиячыларын чабуулга баштап барып, гитлерчилер менен бетме-бет кармашып турду.

Биздин полктун алдында жүздөгөн өлүктөрү жайнап жатты. Жагдай оордогондон оордой баштайт... коңшу бөлүктөрдүн курчоодогу Шапшаевдин полкунун абалын жеңилдеттүүгө кылган бир нече аракетгери ийгилик бербейт. Полктун тамак-аш, курал-жарак, медикаменттеринин запасы түгөнө баштайт. Күндөн күнгө немецтик курчоолор улам кысыла берет. Бир күнү Шапшаевдин полкун тыптыйпыл кылып талкалоо үчүн немецтер биздин гвардиячыларга чабуул жасайт. Мына ошондо күтүлбөгөн жерден өзүнүн гвардиячыларын баштап: «Менин артыман алга, туугандар!» деп ураан чакырып, колуна автомат кармап Шапшаев көрүнөт.

Өзүнүн командиринин артынан гвардиячылар тура жөнөшүп, бирдиктүү күч менен душманды чегиндиришет, жагдай калыбына келтирилет. Ал эми андан бир нече саат өткөндөн кийин эр жүрөк командир оор жарадар болот. Ал бир колунан ажырайт. Бирок коркунучтуу учурда Шапшаев өз полкун таштабайт, зембилде жатып алып, командирлик милдетин аткара берет.

Бул баатырдык өрнөккө ого бетер шыктанышкан жоокерлер тоо томкорууга даяр эле. Акыры дивизиянын негизги күчтөрү менен байланышат. Дивизия курчоодон чыгууга буйрук берет. Бул участоктогу абалды жеңилдетүү үчүн артиллерия менен гвардиялык миномёттор топтолунат. Артиллериялык зор соккудан кийин биздикилер чабуулга өтүшөт.

Чабуулдагы гвардиячылардын алдыңкы катарында командалыкты таштабаган полктун командирин көтөрүп жүрүшөт. Душман эки тараптан болгон соккуга чыдабай качып жөнөйт. Шапшаевдин полку дивизияга кошулат.

Жеңиштин жаркыраган майрамын панфиловчулар кубаныч менен тосуп алышат. Бирок алардын көпчүлүгү жеңиш күнүн көрбөй калышты.

— Биздин Ата-Мекенибиздин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн болгон күрөштө курман болушту.

Согуш аяктагандан кийин далай панфиловчулар тынчтык турмушка кайра келишти. Азыр алар Кыргызстанда жана Казахстанда, Өзбекстанда жашап жана биздин сүйүктүү Ата-Мекенибиздин жыргалчылыгы үчүн эмгектенип жатышат.

Алардын арасында колхоздун башкармалары, жазуучулар, жумушчулар, колхозчулар жана мекемелердин директорлору, мугалимдер, партиялык кызматкерлер бар, булар ар түрдүү жаштагы, мүнөздөгү адамдар, бирок аларды фронттук достуктар бириктирип турат. Автоматчиктер ротасынын мурдагы саясий жетекчиси, Советтер Союзунун Баатыры Малик Габдуллин азыр көрүнүктүү илимпоз профессор, история илимдеринин доктору, Казакстандагы институттардын биринде иштейт. Комиссар Мухамедьяров Ахмеджан Челябинск шаарында жашайт.

Мурунку стаяший лейтенант, 19-аткычтар полкунун батареясынын командири жолдош Алы Юсупов азыр Фрунзе «Киргизгипросельстройдун» директору болуп иштейт. Аткычтар полкунун чалгынчысы Усубалиев Шаршен Кыргызстандын кинофикация боюнча комитетинин председатели, гвардиялык артполктун чалгынчысы Нургазиев Мухтар Кыргызстан КП Баткен райкомунун секретары.

Ротанын мурдагы командири, старший лейтенант жолдош Сергеев азыр Калинин районунда колхоздун башкармасынын председатели болуп иштейт. Сапёрлор батальонунун командири жолдош Боженко Лев Григорьевич Фрунзе шаарында жашайт.

Гвардиялык полктун жоокерлери Алибеков менен Джумалиев жолдоштор мугалим болуп иштешет. Ветеран панфиловчулардын бир топтору эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн өкмөттүк сыйлыкка татыктуу болушту. Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен бир нече жолу сыйлангандардын ичинде ветеран панфиловчулар Апасов А., Сергеев А. И., Юсупов А., Алибеков П., Усубалиев Ш., Нургазиев М., Эгембердиев С. жана башкалары бар. Согуштук патриоттук чоң иш жүргүзүп жатышкан ветеран панфиловчулар В. И. Старченкону, А. А. Дубининди, А. Р. Волошинскийди, Ф. М. Стукотинди, А. Исмаиловады, Л. С. Калибердаңы жана дагы башкаларын эске албай коюуга болбойт.

Ушул эң сонун ветерандарды билген адамдардын атынан бардык ветеран-панфиловчуларды көрсөткөн асыл эмгеги үчүн чоң алкыш айтып, иштеги жаңы ийгилигин, ден соолугунун чың болушун жана тоодой бакыт каалап кетким келет.

Ветеран-панфиловчулар—күжүрмөн традицияны сакташып Алма-Ата жана Фрунзе шаарында ветерандардын советин түзүшкөн, алар калкты согуштук-патриоттук духта тарбиялоодо чоң иштерди жүргүзүп жатышат.

Студенттердин жана окуучу жаштардын арасында советтик куралдуу күчтөрдүн, Панфилов дивизиясынын традицияларын пропагандалоодо көп иштешет.

Дивизияны түзүп жаткан биринчи күндөрдө «За Родину» аттуу дивизиондук газетанын баш макаласында, генерал майор Панфилов мындай деп жазган: «Биздин бириккен улуу Ата-Мекендик» согуштун баатырдык летописине тайманбас, баатырдык даңкка бөлөнгөн, ордендүү бирикме катары кирүүгө биз милдеттүүбүз жана ага аракеттенишибиз керек».

Иван Васильевичтин алдын ала айткан сөзү ишке ашты. Анын атындагы дивизия «Режицкий» атка конуп Ленин, Кызыл Туу, Суворов орденлери менен сыйланды, мына ушу атак даңкка бөлөнгөн дивизияда кызмат өтөгөн ар бир солдат, кенже командир жана офицер үчүн улуу сыймык эмеспи.

Азыркы убактарда дивизиянын бүт өздүк составы анын басып өткөн күжүрмөн жолу менен сыймыктанышат. Дивизиянын бардык солдаттары жана офицерлери, Панфилов дивизиясы Советтик Армиянын эң мыкты дивизиясынан болушуна аракеттенишет.

Дивизияда 28 баатыр панфиловчулар кызмат өтөгөн жана легендардуу баатырдык көрсөткөн аткычтар ротасы жүйөөлү баркка ээ, анын тизмесинде Советтер Союзунун Баатыры саясий жетекчи Клочков түбөлүккө калтырылган. Клочковчулардын төшүндө отличниктердин значогу жаркырайт, алардын көпчүлүгү ВЛКСМ БКнын ардак грамоталары менен сыйланышкан.

Улуу Ата-Мекендик согуштун күндөрүндө такшалган күчтүү душманга каршы күрөшүүдө, ошондой эле империалисттик баскынчылардын эзүүсүнөн кутулуу үчүн болгон башка элдердин күрөшүндө, советтик жоокерлер үчүн баатыр панфиловчулардын эрдиктери—майтарылбас эрктин, эр жүрөктүүлүктүн жана жаркыраган келечектин улуу максаттары үчүн өздөрүн курман кылууга даяр тургандыктын символу каталары болгон жана боло бермек.

Партиянын XXIII съездиндеги отчёттук докладында мындай делген: «Биз алдыда али кезиге турган жана совет элинин башына түшө турган мүшкүл мээнетти унутпоого тийишпиз».

Ал эми Борбордук Комитеттин отчёттук доклады боюнча болгон резолюцияда: комсомолду, жаштарды совет элинин жана Коммунистик партиянын революциялык, эмгектик жана жоокердик традицияда тарбиялоо—бирден бир негизги милдет» деп жазылган.



Немецтик фашисттерден бошотулган Москванын жанындагы кыштакта. 1941-жылы ноябрда Дубосеково разъездинин жанындагы ушул жерде 28 баатыр-панфиловчулар өлүмгө каршы турушкан. (Согуштан кийинки сүрөт).

Өлүмдөн тайманбастан катар басып,
Орустун кенен, жайык талаасында,
Комсомол, коммунисттер катарлашып,
Бар эле мүчө эместер арасында.
Бир тууган, 28 гвардиячы!..

(Н. Тихонов).

ЖЫЙЫРМА СЕГИЗДИН ЭРДИГИ

Душман чабуулга өтүүгө даярданып жатты. 16-ноябрда генерал Панфилов 1075-полктун командирине телефон шыңгыратып сурады: «Сол флангаңарда, Дубосеково разъездинде ким бар?» «Капитан Гундиловичтин 4-ротасынын взводу жана танктарды талкалоочу отряд бар!» деген жооп кайтарылды.

Дивизиянын командири ошол эле күнү Дубосеково разъездинде болду. Солдаттар дөбөчөдө окоп казып жатышкан. Генерал айланачөйрөгө көңүлүн абдан бөлүп көз чаптырды.

— Силер бул жерде душмандын алаканында турбайсыңарбы, — деди да, позицияны 70—80 метр разъездге жакын жылдырууну сунуш кылды. Буйрук орундалган убакытта, генерал подразделениенин позициясын дагы айланып баратып эскертти.

— Эми кеп башка, жакшылап кубулуп алгыла,—олуттуу кошумчалады ал.—Буйрукту унутпагыла, эгерде немецтин армиясы бүт келсе да бул чектен жылбагыла, артыңарда Москва!

Жаңы жерде окоптор, пулемёт, танкты атуучу курал үчүн ата турган уя — чуңкурлар пайда болду, ок-дарылар жеткирилди.

Эми, бир топ жылдар өткөндөн кийин тирүү калгандар 1941-жылы 16-ноябрда Дубосеково разъездиндеги баатырдык күрөштө 28 панфиловчулардын эрдигин архивдеги жаңы материалдар менен толуктап жатышат.

Таң атты. Айланада алай-дүлөй соккон муздак шамал, кар тозоңу куюндап турат. Сууктан чыйрыккан солдаттар чымырканып душман жакты карап турушат. Бат эле аткычтар взводунун чегин душмандын самолёттору бомбалай башташты. Жарылуулардан кулак тунду. Андан кийин окопторго артиллерия менен миномёттордун огу жаады. Мунун

артынан атакага душмандын жөө аскери кирди. Ушунча атылган октон кийин окопто тирүү калган жан жок деп ойлошсо керек фашисттер. Өздөрүнүн ийгиликтерине ишенишкен гитлердик автоматчылар катарларын жазбай келе жатышты.

Аткычтар взводу душманды күтүп жатты. Душман окопторго 100—120 метр аралыкка келгенде, кар баскан талаадан орустун кадимки ышкырыгы угулду. Ушул белги боюнча взвод ок жаадыра баштады. Пулемётту тилге келтирип жаткан Иван Шепетков эле. Аны алма-аталыктар жакшы билишчү, ал согушка чейин циркте акробат болуп иштеген, азыр болсо таамай аткан ок менен душмандын жөө аскерин кут-карбай боо түшүрүүдө. Анын жанында трамвай паркынын слесары Гаврил Митин мылтык менен атууда.

Береги шашпай мээлеп, таамай атып, огу сая кетпеген казак Аликбай Касаев, андан алыс эмес жерде алыскы Тянь-Шандын этегиндеги айылдан келген кыргыз жигити Дүйшөнкул Шопоков. Капыстан көрсөтүлгөн мындай катуу каршылыкка душман туруштук бере албай, ыш жана төгүлгөн кандан кararган, борпоң карды жиреп, сандаган өлүктөрүн калтырып артына качып берди. Ийгилик советтик жоокерлердин көңүлүн көтөрдү, бирок бул али башталыш гана экенин билишкен жоокерлер, душман менен айыгышкан катуу салгылашууга даярданышты.

Согуштун жүрүшүнө көз салып турган ротанын саясий жетекчиси коммунист Василий Клочков да ушуну ойлоду. Эми байкоочу пункттан окопторду көздөй боору менен жылып жөнөдү.

Алыскы токойдун четинен душмандын танктары көрүндү. Алар шашпай, согуш тартиби менен разъездге жакындап келе жатты. Анын артында жөө аскерлер келатышат. Болот жамынган сел окопторго карай жылып келатканын көргөндө, ар бир жоокердин жүрөгүндө коргоонун тагдыры жөнүндөгү элес-булас сезим пайда болду. Моторлордун жер солкулдаткан сүрдүү добушу улам жакындап келе жатты.

— Саламатсыңарбы, баатырлар!—деген саясий жетекчинин кайраттуу тааныш үнүн угушту солдаттар. Ал окопко секирип түшүп, душмандардын танктарын көздөй көз чаптыра сөзүн улантты:—Эчтеме эмес, достор, жыйырма эле танк турбайбы?—деди да жылмайып койду.—Баарыбызга бирден да келбейт экен. Бул анча деле көп эмес! Бул чекте жалгыз гана биз калдык.

Саясий жетекчинин сөздөрү, анын токтоо, ишенимдүү үнү солдаттын көңүлүн көтөрдү, кайратына кайрат кошулду, жеңишке шыктандырды.

Василий Клочков ок-дарыдан өңдөрү боз-ала болгон солдаттарды кыдырата карап чыкты. «Биз үчүн коркпо, саясий жетекчи, өлөбүз, бирок өткөрбөйбүз!» — жоокерлердин көз караштарынан билинип турду.

Дос элең Кыргыз элинин,
Балдарын жоого таптаган,
Артыңда берен көп калды,
Айбыгып жоодон качпаган.

(Ж. Бөкөнбаев)



Советтер Союзунун Баатыры
генерал-майор
ПАНФИЛОВ
ИВАН ВАСИЛЬЕВИЧ

Алар жыйырма сегиз болчу... Булар Кыргызстан менен Казакстанда жашагандар эле. Азыр алар Москванын жанында: «Артка чегинүүгө орун жок!» экенин билишти. Булардын ар кимиси Улуу Советтик Ата-Мекенибиздин борборун өмүрлөрүнүн акыркы минутуна чейин немецтик фашисттик танктардын жолун бузулгус чеп катары тосууну чечишти.

Акыркы минуталарында чума сыяктуу каптаган душмандын жакындап келе жаткан танктарын көрүп, кыжырлары келип, душманга болгон жек көрүүсү күч алгандыр.



Советтер Союзунун
Баатыры —
старший сержант
ГАВРИЛ МИТИН.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ГРИГОРИЙ БЕЗРОДНЫЙ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
НИКОЛАЙ БОЛОТОВ.

Салгылашуу күчөдү. Моторлордун дүрүлдөгөнү, гусеницалардын кычыраганы, гранаталардын тарс-түрс, карс-курс жарылуулары жалпы бир алаамат күңгүрөөгө айланды. Григорий Шемякин жаткан окоптун ячейкасына килейген темир дөө жакындап келе жатты. Ал гранатаны даярдады. Мына акыркы танкка чейин 15—20 метр гана калды... Шемякин өйдө болуп, колундагы гранатаны таамай ыргыгты эле, жарылуунун эпкининен кар тозоңу көтөрүлдү да, танк жылбай калды. Анын жанындагы экинчи машинаны көздөй Григорий Конкин жарылгыч суюктук куюлган бөтөлкөнү ыргытты. Танктын алдынан жалын жалбырттап күйүп, түтүн оргуду. Танктын үстүндөгү люк ачылып, күйүп жаткан танктын ичинен гитлерчилер ыргып чыгары менен таамай атылган окко учуп, карга сулап жатты. Анын жанынан дагы бир танк жалбырттады—аны Мусабек Сеңгирбаев жарган болчу. Пулемётун эс алдырбай Шепетков атып жатат. Ал душмандын аскерлерин жер боортоктоого аргасыз кылды, ошентип алар өз танктарынан бөлүнүп калды. Нарсутбай Есбулатов гранаталарды шамдагай ыргытып жатат. Ал машыгууда граната ыргытуу боюнча биринчиликти бекеринен алган эмес да. Эки танкты Иван Шадрин жарды. Төрт танкты бронебойщиктер Петр Емцов менен Николай Болотов иштен чыгарды. Иван Натаров да өзүнүн эсебин көбөйтүүдө.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
НАРСУТБАЙ ЕСБУЛАТОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ДМИТРИЙ КЕЛЕЙНИКОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
АЛИКБАЙ КАСАЕВ.

Азаматтардын окопторунун үстүндө төрт саат бою октон бүткөн бороон ойноду. Түрү суук ак кресттер тартылган он төрт танк согуш талаасында түтөп турду. Соо калгандары алды-артын карабай качып жөнөштү. Гитлерчилер 4-ротанын чегин бузуп өтө алышкан жок.

Мекенин коргогон азаматтардын арасы улам суюла берди. Николай Трофимов окко учту. Григорий Конкин кансырап жатат. Титиреген колдору менен кан шоргологон башын мыкчый кармап Абрам Крючков окопко жылмышып түштү, анын манжаларынын салааларынан кан агууда. Жарадар болгон солдаттар абалдарынын оор учурунда да өз орундарынан бир кадам артка чегинишпей, душман менен айыгышкан күрөштү уланта беришти.

Кышкы муздак күн алыскы токойдун учун серпип, ылдый түшүп батып баратат. Кечки мунарык күүгүм аралаш моторлордун кайрадан дүңгүрөгөн добуштары угулду: душмандын танктарынын экинчи эшелону чабуулга өткөн эле.

— Он, он эки... Он сегиз... Жыйырма беш... Отуз!—Саясий жетекчи Клочков уктабагандан кызарган көзү менен солдатка карады. — Отуз танк, достор!—деп кыйкырды ал.—Ырас, биздин баарыбыз курман болот көрүнөбүз. Россия чоң, бирок чегинүүгө жер жок. Артыбызда Москва!



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ПЕТР ДУТОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ЯКОВ БОНДАРЕНКО.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ПЕТР ЕМЦОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ГРИГОРИЙ КОНКИН.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
АБРАМ КРЮЧКОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
НИКОЛАЙ МАКСИМОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ДҮЙШЕНКУЛ ШОПОКОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ИЛЛАРИОН ВАСИЛЬЕВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
НИКОЛАЙ ТРОФИМОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
НИКОЛАЙ АНАНЬЕВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ИВАН МОСКАЛЕНКО



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ИВАН НАТАРОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ИВАН ШАДРИН.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ИВАН ШЕПЕТКОВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ГРИГОРИЙ ШЕМЯКИН.

Саясий жетекчинин сөзүн солдаттар душман менен кашык кан калганча салгылашкыла деген Ата-Мекендин буйругу катары кабыл алышты. Бул сөздөр Клочковдун жанында турган Иван Шадриндин жүрөгүнө терең так калтырды. Ал ошол учурда жолдошторунун оюн айттырбай билип тургансып: «Өлөбүз, бирок артка чегинбейбиз!» деп ойлоду.

Жарадар болгон Бондаренко эңкейип соо колу менен Клочковду кучактады:

— Кел, коштошуп алалык, саясий жетекчи! — Андан кийин Шадринге эңкейип: — Кош, Иван! — деп Бондаренко шыбырады да, анан экөө кучакташып өбүштү.

Танктар селдей каптап келе жатышты. Солдаттар бири бири менен коштошуп алышты. Мылтыктарын кезешип, колдорундагы гранаталарды мыкчый кармап турушат.

Илларион Васильев менен Иван Шадрин: «Мекен-Эне, душманды талкалоого күч-кубат бере гөр!» — саясий жетекчинин сөзүн угушту.

Ал дагы бир нерсе дейин деди эле, бирок катуу жарылган снаряд анын үнүн басып кетти. Аба жаңырып, окоптун ары жагынан топурак аралаш түтүн уюлгуп, асманга көтөрүлдү.

Душмандын танктары ок атып, жакындап келатышты. Аларды аткычтар взводунун эр жүрөк азаматтары жек көрүп, кыжырданып карап



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
МУСАБЕК СЕҢГИРБАЕВ.



Советтер Союзунун
Баатыры —
кызыл аскер
ДМИТРИЙ ТИМОФЕЕВ.

турат. Буларды взвод деп да атоого болбойт эле. Окопто 15—16 чамалуу гана киши калган болчу, арасында жарадарлары да бар. Аңгыча танктар окопко жакын кирип келди. Бирок эр жүрөк тайманбас, душман менен кашык кан калганга чейин күрөшүүгө даяр турган советтик жоокерлер козголуп койбой, бой тиреп турушат. Мына, комсомол Мусабек Сеңгирбаев ордунан тура, граната ыргытты. Айланадагы дүңгүрөөдөн улам гранатанын жарылганы угулган жок, бирок душмандын танкынын таман алдынан топурак бүркүлүп, от чачырап, кара түтүн каптап, танк каткан бойдон туруп калды.

Советтик жоокерлер танктарды өздөрүнө 10—15 метр калганга чейин жакын келтирип, анан гранаталар, күйүүчү суюктук куюлган бөтөлкөлөр менен таамай уруп жатышкан. Ушундай жекеме-жеке салгылашууга туруштук берүү үчүн эң зор сабырдуулук жана токтоолук керек болчу.

Мына, окоптон Илларион Васильев да турду! Ал чымырынан келген чарчы бойлуу күчтүү адам эле. Душмандын танкы ок жаадырып окопко жакындап келатты. Васильев гранатаны ыргытты да, ошол эле замат карга сулап түштү. Экинчи бир танк Конкин жаткан окопту көздөй бет алды. Шемякин коңшусун көздөй бараткан танкка граната ыргытты, бирок кечигип калды... Күйүп жаткан танктын таманынын астында жолдошунун канга баткан колу жатты.

Беттешүүнүн башталганына 30 мүнөтчө убакыт болду, советтик эр жүрөк жоокерлердин ок-дарысы түгөнүп баратты. Бронебойщик Николай Болотов акыркы патронуна чейин салгылашып жатып курман болду. Болотов танк менен бетме-бет туруп, кармашууга даярданган-дай колундагы гранатаны кармаган боюнча курман болду. Шепетковдун пулемёту үнүн басып, өзү окко учуп, окопто жатты. Гавриил Митин да жер жазданды. Танктын темир таманын тырмалап анын алдында Москаленко үзүлүп баратты. Гранаталарды мойнуна илип алып, өлүмгө тике карап казак Аскар Кожобергенов басты. Иван Шадрин акыркы гранатасын ыргытты да топуракка басылып жыгылды. Мусабек Сеңгирбаев эки танкты өрттөп, душмандын огунан кулап түштү. Григорий Безродный брондолгон машинанын таман астында жан берди.

Душмандын атакасынын мизи кайтарылды, бирок... дагы бир оор танк окопту көздөй өтүүгө аракеттенип жатты. Ага каршы саясий жетекчи Клочков турду. Анын колу акыркы бир боо гранатаны карыша кармайт. Ал аны фашисттик танкты көздөй ыргытты. Эр жүрөк саясий жетекчи талааны жаңырткан жарылууну уккан жок да, жалбырттап күйгөн танкты көргөн да жок.

Душмандын танктарынын экинчи атакасынын мизи да майтарылды. Баатырлардын туруктуулугу душмандын болотунан күчтүү болуп чыкты. Алар жеңишти.

Клочковдун жанында баштары тийишип жарадар болгон Натаров жатат, анын кулагына элес-булас, кандайдыр бир алыстан:

— Өлүп баратабыз, тууган... Качандыр бир бизди да эсине алышат... Эгерде тирүү калсаң айтып бер...—деген үн угулгансыйт.

Эл өзүнүн Москвасын душмандан коргоп калышкан эр жүрөк азаматтарын жүрөгүндө ыйык сакташат. Саясий жетекчи өлүп баратып, айткан сөзүнүн аягына чыга албай калды... Бирок советтик эл анын сөзүн улап, баатырлардын атынан мындай деди: «Биз өз өмүрүбүздү Ата-Мекен үчүн курман кылдык. Биздин өлүгүбүздүн үстүндө жашыңарды төкпөгүлө. Тиштенип сабырдуу болгула! Биз эмне үчүн өлүмгө баратканыбызды билгенбиз, биз жоокердик милдетибизди аткардык. Биз душмандын жолун тородук. Фашисттерге каршы күрөшкө чыккыла да, мына муну эсиңерден чыгарбагыла «Жеңиш же өлүм!» Биз сыяктуу эле силерде да мындан башка жол жок. Биз курман болдук, бирок жеңдик!»

Ф. Саливанов



Ветеран панфиловчулар саясий жетекчи В. Г. Клочковдун эстелигинин жанында. (Солдон оңго карай). А. И. Алексеев, И. М. Зорин, И. Л. Шапаев, Н. А. Мурзин.

АЖАЛГА КӨКҮРӨК ТОСУП

Офицер Андрей Георгиевдин командачылыгы астында танктарды кыйратуучу 17 жоокер мурда болуп көрбөгөндөй эрдикти көрсөтүштү.

Отряд 290, 4 дөңсөөсүн коргоп турган. Ал дөңсөөнүн айлана-чөйрөсүнүн мааниси чоң болчу, анын үстүнө ал душмандардын чабуул коюучу жолунда эле. Жоокерлерге: кандай гана болбосун душмандын танктарын токтотуу керек деген буйрук берилди. Буйрук — ыйык закон! Ал кандай гана оор жана коркунучтуу болбосун, советтик жоокер аскердик милдетин аткарууга тийиш.

Салгылашуунун алдында кыйратуучу отряддын командири комиссар П. В. Логвиненкого кирди.

— Адамдардын көңүлү кандай?

— Буйрук аткарылат!—деп Георгиев ишенимдүү жооп берди да, гимнастёркасынын чөнтөгүнөн партбелетин алып чыкты:— Сизде сакталуу үчүн калтырууга уруксат кылыңыз?

Комиссар кызыл тыштуу белетти алып, анын ичин ачып, баратап көрдү да, офицерге кайра берди.

— Бул партбелет... Бул урушуп жатканда сенин жаныңда болсун. Өзүңдө болгону жакшы.

Артиллериялык атышуудан кийин гитлерчилер атакага өтүштү. Алар катарларын жазбай келатышты. Ар бир советтик жоокерге 15—20 гитлерчилер туура келет экен. Биздин солдаттар душманды мылтыктар, пулемёттор менен чогуу ок жаадырып тосушту. Биринчи атаканын мизи кайтарылды. Фашисттер советтик позицияга экинчи жолу чабуул коюшту, бирок таамай атылган октор аларды алга жылдыра койгон жок, кардын үстүнө ондогон өлүктөрүн калтырышып артка чегиништи. Панфиловчулардын позициясын ээлеп алуу оңой-олтоң иш эмес эле!

БОЕВЫЕ ТРАДИЦИИ ГВАРДЕЙЦЕВ—ПАНФИЛОВЦЕВ

СЕМНАДЦАТЬ БЕССТРАШНЫХ

Победа или смерть!—таков девиз гвардейцев-панфиловцев. С этим девизом семнадцать бесстрашных гвардейцев из подразделения т. Логвиненко отбили бешеную атаку фашистских танков.

ТАНКИ НЕ ПРОШЛИ

Фашистские танки обходили с фланга. С чудовищным грохотом двигались гитлеровские панцырные бандиты на горстку храбрецов—гвардейцев.

Комиссар гвардейцев коммунист Георгиев обратился к своим шестнадцати бойцам.

—Танки не должны пройти. Мы—панфиловцы. Родина велела нам—умереть или победить.

—Танки не пройдут, товарищ комиссар! — ответил гвардеец Иван Елисеев!

—Не пройдут!—стиснув зубы и сжимая гранаты, подтвердил гвардеец Яковенко.

—Не пройдут!—сказали все семнадцать.

Началась неравная, невиданная битва людей с танками.

Вражеские машины шли железным кольцом. Подсчитали гранаты. 40 штук. Приготовились. Подпустили танки на 15—20 метров.

—Огонь по гадам! За Родину! За Сталина!—отдал команду комиссар и под гусеницы фашистских машин полетели гранаты.

Четыре танка остановились, об'ятые пламенем, остальные повернули обратно.

Вскоре враг опомнился и вновь железные чудовища, поддержанные на этот раз большой группой автоматчиков, двинулись на храбрецов гвардейцев.

Семнадцать героев два с половиной часа отбивали эту бешеную атаку, пока не подошло подкрепление.

Четырнадцать погибло в этой битве смертью героев вместе со своим любимым комиссаром, большевиком Георгиевым.

Трое пришли к комиссару тов. Логвиненко. Гвардеец Карпенко доложил: Боевое приказание выполнено, товарищ комиссар! Танки немецких гадов не прошли!



Орудийный расчет тов. Михайлова прямой наводкой уничтожил штаб противника, склад горючего и много автомашин с немецкими солдатами.

НА СНИМКЕ: Расчет ведет огонь по противнику (слева направо): наводчик Б. Т. Тюрин, заряжающий Н. В.Фролов, командир орудия Н. П. Михайлов.

Фото спец. корр. «За Родину» А. Моклецова.

ВЫСОКАЯ НАГРАДА

Вручение орденов и медалей героям панфиловцам

Селение только, что очищено от немецкой нечисти. Еще дымятся, сожженные гитлеровскими убийцами, дома мирных колхозников, еще гремят орудийные и минометные раскаты.

В маленьком домике собрались бойцы, командиры и политработники. Сегодня знаменательный день на фронте: дивизионный комиссар т. Лобачев вручает ордена и медали героям—гвардейцам.

Ордена Красного Знамени получают комиссар т. Логвиненко, храбрый командир гвардейцев т. Елин, Орден «Красной Звезды» получают комиссар т. Клыков, военврач т. Абдукаримов, медаль «За боевые заслуги» медицинская сестра Нина Павлова, военфельдшер т. Меленевский. Ордена и медали были вручены так же другим бойцам, командирам и политработникам.

Дивизионный комиссар т. Лобачев горячо поздравил награжденных.

С ответным словом выступил комиссар т. Логвиненко.

После официальной части состоялся товарищеский ужин.

Военкор
Г. ЗАГУМЕННЫЙ.

Герой—санитар

Стремительным ударом мы теснили врага фашисты не сдавались и оказывали упорное сопротивление.

Хорошо действовали санитары в этом бою. Особенно отличился тов. А. М. Гиль, который оказал помощь и вынес с поля боя 20 раненных бойцов и командиров с их оружием.

Сержант
Т. ЗАХАРОВ.

Бир нече жолу жасалган ийгиликсиз аракетинен кийин душман тынчтыкка өттү. Биздин жоокерлер ок-дарыларын толукташып, жарадар болгондордун жараттарын таңышты. Георгиев дарыдан жана ыштан өңдөрү боз ала болуп чарчаган жоокерлерди бир сыйра карап алды.

— Чыдайбыз!—деди ал.—Душманды көптүгүбүз менен эмес, билгичтигибиз менен алабыз, мекенибизге берилгендигибиз менен жеңебиз. Салгылашабыз—бизде күч көп.

1942-жылы ноябрда, 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун партиялык бюросунда атактуу снайпер Т. Абдыбековду партиянын катарына алып жатат. (Сүрөттө солдон оңго карай). Партиялык бюронун секретары А. А. Ахметов, Токарев, Бурикин, полктун командиринин орун басары Д. Муранов, дивизиянын партиялык комиссиясынын жооптуу катчысы Курганов, снайперист Т. Абдыбеков.



— Чыдайбыз!—жоокер коммунист Яковенко жолдошторунун оюн билип тургандай токтоо жана чечкиндүү жооп берди. Жоокерлердин каардуу, чечкиндүү көз караштары унчукпастан коммунисттин сөзүн кубатташты.

Бозоргон аяздуу асмандан ракета жарк этти.

— Чабуулга!

Георгиев турду. Жоокерлер өздөрүнүн урушчу ордун ээлеп окопторуна тарады.

Душман тараптан моторлордун күрүлдөгөнү угулду. Баатырлардын позициясына душмандын он эки танкы жылды, анын артынан жөө аскерлери чуркап келе жатышат.

— Силердин канча гранатаңар бар?—деп сурады офицер.

— Кырк!—деп жооп кайтарды Яковенко.

— Жетүүгө тийиш!—Георгиев ишенимдүү айтты да, катуу кыйкырды, менин буйругумсуз ок чыгарбагыла, граната ыргытпагыла!

Душмандын танктары ок атканын токтотпой дөңсөөнү айланып фланга тараптан өтүп баратышты. Советтик жоокерлер офицеринин буйругун күтүштү. Танктар жакындап келгенде:

— Аткыла!—деген буйрук угулду.

Гранаталар душманга карай биринин артынан бири учту. Жер дүңгүрөп жарылып эки танк сулк жатты, бирок калгандары токтобостон позицияны көздөй жыла бериште. Тынымсыз ок атылып, гранаталар жарылууда. Согуш талаасында душмандын машиналары күйүп, гитлерчилер каршы-терши мүрт кулап жатышты. Баатырлардын күчтөрү тайып баратты. Тирүүдөн экөө гана калды: алар орус жигит сержант Мельников жана азербайжан сержант Гариев эле.

Душмандын кутургандай чабуулун токтотуп, алар ок ата беришти. Ошентип, фашисттер өтө алышкан жок! Дөңсөөгө толуктоо келгенде жарадарлардын бирөө, келген офицерге буйруктун орундалганы жөнүндө рапорт берүү үчүн ордунан турду, бирок ансыз деле бардыгы белгилүү болчу. Буга душмандын күйүп жаткан танктары, ошондой эле дөбөнүн капталында сулап жатышкан фашисттердин өлүктөрү айгине күбө болуп турган эле.

Эр жүрөктөрдүн позициясына комиссар Логвиненко келди. Кулачын кере жайып партиянын эр жүрөк уулу офицер Георгиев өлүп жатат. Комиссар анын төнтөгүнөн партиялык белетин алды. Белеттин ички баракгарына чейин өткөн кара кочкул кан уюп калган.

Панфиловчулар курман болушту, бирок душманды өткөрүшкөн жок.

Ф. Саливанов

ОН АЛТЫ БААТЫР

Айгышкан катуу салгылашуу үч соткеге созулду. Чабуулдар биринин артынан бири болуп, артиллериянын октору күүлдөп жарылып жатты. Чабуулга өткөн гвардиячылардын алды жагынан мунарык ардо аябай куралданган фашисттердин бөлүгү бугуп жаткан болчу.

Анын айланасында бир километрдей жерге созулуп, анда-санда өскөн майда бадалдарын кар басып калган кең мейкин талаа жатат. Ошол талааны басып өтүп, душман менен беттешүүгө каршы турууга өлүмдөн коркпогон, жана Мекен үчүн бел байлаган гана адамдардын колунан келмек эле.

Алдыдагы боло турган операциянын оордугун билген биздин командование чабуулдун алдында олуттуу даярдык жүргүздү. Батальондун командиринин орун басары, саясий жетекчи Соловьев 75 аткычтардан, пулемётчулардан, миномётчулардан түзүлгөн сокку уруучу топту чогултту да, аларга алдыда турган милдетти айтты. Ал гвардиячылардын эрдиги жөнүндө айтып берди, 28 панфиловчулардын, 17 эр жүрөк аткычтардын, миномётчу Новиковдун эрдиктери жөнүндө жоокерлердин эстерине салып, гвардиячылардын наамын, полктун ар-намысын жогору кармоого чакырды.

Жоокерлердин ичинен кимдир бирөө: «Жолдош, комиссар, гвардиячылар уятка калтырбайт. Панфиловчулардын ким экендигин душмандын көзүнө көрсөтөбүз!» деп айтты.

...Мына эми чабуул. Юрченконун тобунун пулемёттору ишке киришти. Кирилловдун миномёттору окту мөндүрдөй төктү.

Сарайларда, үйлөрдө, подвалдарда жатышкан душман гвардиячылар көрүнгөндө окту аябай жаадырышты. Бирок бул гвардиячыл-пан-

филовчуларды токтото алган жок. Алар буйрукту кандай гана болбосун аткарууга даяр эле.

Сокку уруучу топту баштап, 1-аткычтар ротасынын командири Дмитрий Михайлович Волгапкин жана ротанын саясий жетекчиси Рашид Жангожин келатты. Кол пулемётчулар менен танкка каршы аткычтар тобун взводдун командири Голдецкий жана саясий жетекчи Фролов баштап баратышты.

Мөндүрдөй жааган окко карабастан сокку уруучу топ кечинде чечиндүү чабуулга өттү. Жоокерлер калың карды шилеп алга жылып баратышты. Алардын артынан позицияны алмаштырып, ок атканын токтотпой пулемётчулар менен миномётчулар баратышты.

Тынбай, үстөмөндөтүп атылган ок душманды бир оокум баш аламан кылды. Ушундан пайдаланышып, алга барып калган 25—30 жоокер

БОТБАЕВ СЕМЕТ БОТБАЕВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы аткычы. Гвардиянын старший сержанты. Душманды чечкейге аткан солдат. Анын ысмы «Мыкты баатыр жигит» деп далай жолу газетанын беттерине жарыяланган. Азыр Кыргызстандагы Кемин районунда жашайт.

8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун старший сержанты Туңгучбай Апасов. Азыркы убакта Фрунзе шаарында иштейт.





«Мекен үчүн!», «Панфиловчулар алга!» деген кыйкырык менен четтеги үйлөргө чуркашты. Душман штык менен болгон урушту каалабай, кирип келген гвардиячыларды мөндүрдөй жааган ок менен каршы алды. Биздин 16 жоокерибиз сарайга кирип барып, андагы фашисттерди жок кылышып, алга жылуу үчүн таяныч пунктун жасоого аракеттенишип даярдана башташты.

Гвардиячылар бекинип алышкан жерден 20—30 метрге жакын жерде үч жагынан тегерете курчалып салынган имараттын ичинде, 16 баатырдын жолун бөгөп жаткан душмандын ок атуучу точкалары бар эле. Азаматтардын артка кетчү жолун кесиш үчүн душман пулемётчулар менен автоматчиктердин күчтүү тобун алдыга койду.

16-гвардиячылардын жүздөгөн фашисттер менен болгон теңдеши жок салгылашуусу 6 саатка созулду. Алдыдагылар менен бирикмекчи болгон биздикилердин бир нече атакасын душман пулемёттор, автоматтар менен бөгөп турду.

Уруш токтогон жок. Сарайга жакындамакка аракет кылган оңдогон фашисттер баатырлардын таамай аткан огунан ажал таап жатты. Анда

ЛЕВ ГРИГОРЬЕВИЧ БОЖЕНКО — 8-гвардиялык дивизиянын сапёрдук батальондун командири. Азыр Фрунзе шаарында жашайт, пенсияда.



Гвардиянын майору, 8-гвардиялык дивизиянын парткомиссиясынын жооптуу катчысы ДЮКАНОВ, 1943-жыл, март.





КАНАТ БООБЕКОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун гвардиянын старший сержанты.



МЕДВЕДЕВ ЯКОВ ТИХОНОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын аткычтар полкунун коменданттык взводунун мурдагы командири, гвардиянын кенже лейтенанты. Азыр Ново-Троицкидеги автобазанын начальниги.

душман азаматтардан тезирээк кутулуу үчүн сарайды көздөй миномёттон ок жаадырышты. Сарайга таамай тийген эки мина, ротанын командири Варгапкинди, сержант Синицинди, гвардиячы Гореловду жана дагы башкарды жарадар кылды.

Бир нече жарадарларды жөнөтмөкчү болушту. Мээлеп таамай аткан ок менен пулемётчулар Трофимов, Прошкин, Корчагиндер биринчи эле мүнөттөрдүн ичинде ок атуучу бир нече танктарды, өзгөчө жадатып жаткан фланга жактагы пулемёттун жаагын басышты.

Немецтер башка пулемётту жылдырганча жарадарлар сарайдан чыгышты, калган 13 жоокер саясий жетекчи Жангожиндин жетекчилиги менен фашисттерден тартып алынган советтик алакандай жер үчүн кашык каны калганча салгылашмак болушту. Саясий жетекчи Жангожин жылып кетип бараткан жолдошторуна: «Жолдоштор, биз акыркы аягына чейин кармашабыз!» деп кыйкырды.

Душмандын минасынан саясий жетекчинин орун басары Галдецкий, жоокерлер Трофимовдар курман болду, бирок гвардиячылардын көрсөткөн каршылыгы, жолдошторунун атып жаткан октору токтолгон жок. Гвардиячыларды тирүү кармап ала албастыгына көздөрү жеткенден кийин душман өрт чыгаруучу октор менен атып сарайды өрттөп жиберишти. Ок атууга мүмкүнчүлүк болбой калганда гвардиячылар күйүп жаткан сарайдан чуркап чыгышты. Акыркы болуп чегинип баратканжолдошторун коргоого аракеттенип, күйүп жаткан сарайдан оор жарадар болгон саясий жетекчи Жангожин боору менен жылып чыкты. Анын кийми күйүп жатты. Ал пулемётчу Юрченконун коргоосу менен ок атканын токтоткон жок. Саясий жетекчи алсырап баратканда, ал партиялык белетин алып чыгып, аны оң колуна кармаган боюнча сарайдан бир нече метр алыстыкка чейин барып, катты да калды.

Күйүп бүткөн кийимдеринин ичинен баатырдын денеси, партиялык белетти кыса кармаган колун көтөргөн калыбында өлүп жаткан эле.

Кыштакка кирип келген баатырлар 30 га жакын фашисттерди өлтүрүштү. Жүздөгөн фашисттер, баатырлардын өлүмү үчүн өч алып жаткан жолдошторунун таамай аткан огунан өлдү. Бир нече оңдогон фашисттерди таамай тийген октору менен пулемётчу Юрченко сулатты.

Жардам алышкан гвардиячылар үздүксүз ок атуулардын аркасында кыштакты штурм менен ээлешти. Дүрбөлөңдөп калган фашисттер жарадар болгондорун албай качышты. Күйүп жаткан үйлөрдүн ичинде 300 дөн ашуун фашисттер өрттөнүп өлдү, ал эми эки күндөн кийин полк калган фашисттерди кууп жетип талкалады.

Баатырлардын өлүмү үчүн панфиловчулар ушинтип өч алды.

Баатырлардын сөөгү Сутоки кыштагынын жанындагы боордоштордун мүрзөсүнө коюлуп, Обелискеде: «Бул жерге Ата Мекендик согуштун Баатырлары, германдык фашисттер менен болгон теңдешсиз, айыгышкан согушта курман болгон Талгар полкунун гвардиячы-панфиловчулары коюлган. Кымбаттуу жолдоштор! Силер жаш өмүрүңөрдү элдердин бактысы үчүн курман кылдыңар. Силердин ишиңерди биз аягына чейин жеткиребиз. Биздин ишибиз ак, душман талкаланат, жеңиш биздики болот!» деген жазуу бар.

Бул 1942-жылы 20-февралда болгон. Ушул уруш болордон бир аз күн мурда аткычтар полкунун жоокерлери казак элине мындай деп жазышкан: «...Табигат коммунисттин бекемдигине жана эркине тең келе ала тургандай зат түзө элек. Большевиктерди эч күч жеңе албайт, ал күрөштө өлбөс болуп жаралган».

Башында комиссар Георгиев турган октон кайра тартпаган аткычтар да, Дубосеково разъездинин жанында турган 28 панфиловчулар да ушундай болушкан жана башында Алма-Ата шаарында туулуп-өскөн саясий жетекчи Жангожин турган 16 баатырлар да ушундай азаматтардан болчу.

КААР ЗАЛПТАРЫ

П. К. Касаткин биринчи жолу согушка Волоколамскинин жанында кирди. Ал кызмат өтөгөн полк өлүмгө баштарын байлап, ар бир кадам жерди баатырларча коргоп, гитлердик баскынчыларга кыйраткыч соккуру уруп жан аябай кармашты.

Крюково станциясынын жанында 1941-жылы 5-декабрга караган түнү, полк чабуулга өтүү тууралу буйрук алды. Касаткин кызмат кылган батареяда 67 киши болсо, андан 17 киши гана тирүү калган болчу. Полк чабуулга өттү, немецтер кишилеринен жана техникаларынан зор жоготууга учурап, чегинип баратты. 8-декабрда катардагы Касаткинге сержант деген наам берилип, ал замбиректердин командири болуп дайындалды.

1942-жылы 27-январда панфиловчулар Холм шаарына жакындашып, Старая Русса жактагы анча чоң эмес Соколово кыштагын бошотуу үчүн согуш башташат. Душман кыштакка кире бериш жердеги дөбөчөлөрдөгү жерге көөмп койгон танктарынан окту мөндүрдөй жаадырышты. Полк чоң жоготууга учурады.

Экинчи күнү Касаткин кызмат кылган взводго сол флангадагы замбиректерди токой аркылуу алып өтүп, душмандын тылына жетип танктарды жок кылуу тууралу буйрук берилди. Таң алдында советтик жоо-

Дивизиянын командалык составы: Солдон оңго карай. Гвардиянын генерал-майору И. В. Панфилов, гвардиялык Дивизиянын штабынын начальниги И. И. Серебряков, гвардиялык дивизиянын комиссары полковник С. А. Егоров, командалык пунктуда. 1941-жыл, күз айы.





8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы 45 мм замбиректин командири, гвардиянын сержанты Петр Кузьмич Касаткин. Азыр Фрунзе шаарында жыгач устачы болуп иштейт.



ПАВЕЛ АНДРЕЕВИЧ ЛУЗГИН — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун отделениесиндеги гвардиянын сержант-командири. Кыргыз ССРинин Токмок шаарында жашайт, азыр пенсияда.

керлер кайрадан чабуулга өтүштү. Ушул учурда Касаткиндин расчёту бир танкты жок кылды, ал эми Абдулаев командалык кылган замбиректин расчёту экинчи бир танкты талкалады. Бирок ушул маалда душмандарга төрт машинага толгон солдаттар жардамга келди.

Советтик артиллеристтер үстү-үстүнө ок атышканда гитлерчилердин арасында баш аламандык башталды. Биздин аскерлер чабуулга өтүп, Соколово кыштагын немецтерден бошотушту.

Ал согуштан кийин Касаткинди жана экинчи замбиректин командири Абдулаевди штабга чакырышты. Кармашуунун баатырлары сыйлыкка көрсөтүлдү.

Холм шаарына жакындап келип полк душман Старая Русса менен катташып турган шоссе жолун кесип таштоону чечишти. Бирок бул ишке ашкан жок. 21-мартта токой аркылуу, эл жашаган пункттан төрт километр аралыкка замбиректерди алып баруу жөнүндө Касаткин буйрук алды. Замбиректик расчётко жардам кылуу үчүн алты автоматчик беришти.

Эртең менен Касаткин замбиректердин калканынын артында тамак ичип отурганда, күтүлбөгөн жерден 50 кишиден турган немецтердин тобу чыга калды. Биринчи болуп өзүнүн замбиреги менен Касаткин ок атты, бирок немецтер жата калышты да, автоматтар менен ата башташты. Расчёттон үч киши курман болду. Касаткин катуу жарадар болду, бирок ок атканын уланта берди. Артиллеристтерге биздин жөө аскерлер жардамга келишти.

Советтик артиллеристтер каардуу салгылаштарда нечен жолу өлүмгө баш байлашты.

КРЮКОВО УЧУН САЛГЫЛАШУУЛАРДА

1941-жылы июлда Алма-Ата шаарында дивизия адеп уюштурулуп жатканда эле А. И. Попов башка жоокерлер менен бирге танктарды кыйратууга дайындалган. Фронтко келгенде ал биринчи жолу Волоколамскинин жанында согушка кирди. Бул жерде кыйратуучу А. И. Попов повго жана анын жолдошторуна дароо душмандын танктарынын чабуулун токтотууга туура келди. Танктар траншеяга абдан жакын келип калганда Попов бир боо гранатаны ыргытты. Темир алп кыйрады. Ошол учурда токойдун сол жээги жагынан биздин танктар чыгышты да, душман менен беттешти! Немецтер чабуулга туруштук бере албай артка чегиништи.

1941-жылы октябрда А. И. Попов менен анын курбусу В. М. Бабаевди полктун штабынын карамагына чакырып алып, жаңыдан түзүлүп жаткан автоматчиктердин взводунун катарына кошту. Ушундан көп узабай эле взвод немецтер ээлеген жана бекем бекилген селодогу гитлерчилердин гарнизонун талкалоого тапшырма алды. Автоматчиктер табышсыз кыштакка жетишти, сакчыларды жок кылышты да кыштакка кириштн. Автоматтар жана гранаталар менен куралданган биздин жоокерлер гарнизонду жана анын согуш техникасын жок кылышат. Буйрук убактысында жана эч жоготуусуз орундалды.


Кийин Попов ичинде болгон подразделение Москваны коргоого туура келди. Крюково станциясын душманга алдырып жибергенден кийин: «Бир кадам артка чегинбе, немецтик баскынчылардын чабуулунун мизин кайтар, душманды биздин Ата-Мекендин борбору—Москвага өткөрбөө үчүн контр чабуулга өткүлө!» деген буйрукту алат.

Бир канча оор уруштардан кийин, душман бардык фронт боюнча токтотулат, взводго Крюково станциясына кирип, автомат жана граната



1942-жыл. Согушуудагы армия. Сиздер көрүп турган сүрөттөгү үйлөргө немецтик автоматчиктер кирип алышкан. Гвардиялык-панфиловчулар атакага өтүп жатышат.





АКАЙ НУСУПБЕКОВ — 8-гвардиялык дивизиянын саясий бөлүмүнүн старший инструктору гвардиянын капитаны. Азыр Нусупбеков Казакстан илимдер Академиясында иштейт.



ЮЛДАШ АМРАЕВИЧ АМРАЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын миномёттук батареянын комиссары, гвардиянын майору, согушка чейин Ош областтык партия комитетинин экинчи секретары болуп иштеген. Немецтик баскынчылар менен болгон согушта өлгөн.

талар менен душмандын арасында баш аламандыкты туудурууга буйрук берилет. Крюково станциясына жакын калганда, взвод бугуп жаткан душманга туш келет. Жөө аскерлер жана танктар менен болгон тең эмес кармашууда биздин жоокерлер Крюково станциясынын четиндеги кирпич заводуна кирип, коргонууга өтүшөт.

Кирпич заводундагы салгылашуу эки суткага созулду. Биздин жоокерлер өз позициясын эр жүрөктүк менен коргошту. Үчүнчү суткада биздикилер жардамга келгенде, взвод курчоодон чыкты.

Айыгышкан катуу салгылаштан кийин станция алынды. Чегинип бараткан гитлерчилер бул жерде толуп жаткан техникасын жана курал-жарактарын таштап кетүүгө аргасыз болду. Бул советтик армиянын бардык фронт боюнча чоң чабуулунун башталышы эле.

Панфиловчу А. И. Попов Ата-Мекендик согушту гвардиянын лейтенанты деген наам менен аяктады.

ВОЛОКОЛАМСКИНИН ТҮНДҮК-ЧЫГЫШЫНДА


Бул окуя ноябрдын суук күндөрүнүн биринде Волоколамскинин түндүк-чыгыш жагында болду. Фашисттердин 20 танкы жөө аскердик десант менен биздин коргонууну жиреп өтүп, тереңдеп кирип, Панфилов дивизиясынын бөлүктөрүнүн биринин штабы жайланышкан Строково кыштагын көздөй бет алды. Коркунучтуу абал түзүлдү. Кенже лейтенант Фирстовго душмандын жиреп кирген танктарын жок кылуу жөнүндө буйрук берилет. Он сапёр антип-минтип окопторун казып жашынаар замат, жолго брондолгон машиналар келип калышты. Алар эки жакка баш аламан ок атышып, катуу келатышты.

— Күрүлдөп-шарылдаганың менен бизди коркута албайсың,—деп кенже лейтенант мыйыгынан күлдү да:—Душманды граната жетээр жерге чейин жакын келтиргиле!—деп олуттуу кошумчалап койду.

Саясий жетекчи Алексей Павлов өзүнүн солдаттарына кайрылып, жөнөкөйлүк менен токтоо гана мындай деди:

— Эгерде селт этсек, чыдамсыздык кылсак—Мекен бизди кечирбейт. Биздин ата-энебиз бизди каргашат, катындарыбыз жана балдарыбыз бизден баш тартышат. Туулуп-өскөн жерибиз үчүн кайраттуу туралы.

Ал эңкейди да окоптун түбүндөгү тоңгон, муздак жерди өптү, анан солдаттарды карап, алардын көздөрүнөн акыр-аягына чейин күрөшүүгө белсенген ишенимди көрдү. Танктар жакындап келатты. Алардын бирөө саясий жетекчи Павлов турган окопко жакындап келди. Ал өйдө болуп, танкты көздөй бир боо гранатаны ыргытты. Кулак тундурган жарылуу айлананы дүңгүрөттү.



МАМЫРКУЛ ЧҮКЕЕВ — Кыргызстан атчандар дивизиясынын мурунку саясий бөлүмүнүн начальниги, батальондук старший комиссар. Ал Панфилов дивизиясына кыргызстандык жоокерлерди тандап жиберүүгө орчундуу эмгек сиңирди. М. Чүкеев тажрыйбалуу жана боорукер адам эле. Ал Советтик Ата-Мекенди коргоп жатып каза болду.



ОМОРКУЛ ЭГЕМБЕРДИЕВ — 8-гвардиялык дивизияның аткычтар ротасынын саясий жетекчиси. 1943-жылы февралда Калинин областындагы Чүкеново кыштагындагы салгылашууда баатырларча курман болду.

Ушул учурда душмандын экинчи бир танкы пулемёт менен траншеяны үзгүлтүксүз атып турду, а үчүнчүсү окопко карай зымырады. Павловдун жанында салгылашып жаткан жоокерлер—сержант Алексей Зубов, солдат Глеб Ульченко жана башкалар танктарды көздөй гранаталарды, күйүүчү бөтөлкөлөрдү ыргытышты.

Душмандын бир нече танктары өрттөндү, жалбырттап күйгөн танктардан качып чыгып жатышкан гитлерчилер, сапёрлордун таамай атуулларынан жерге кулап жатты. Уруш күчөгөндөн күчөдү. Окоптордо советтик жоокерлер азайып баратты: сержант Данил Матеркин, жоокер Прокофий Калюжный курман болушту. Жарадар болгон жоокерлер

Василий Манюшин жана Ерофей Довжук жаратынын ооруганына карабастан акыркы патрону калганга чейин кармашышты. Гитлерчилер окоптун кырына чыгышты.

— Киндик каныбыз тамган жер үчүн кара санатай шумпайларды соккула! Соккула, боордошторум,—деп оор жарадар болгон саясий жетекчи Павлов жолдошторуна кайрат берип үндөп жатты.

Жомоктогу баатырлар сындуу канга баткан Ерофей Довжук акыркы күчүн жыйнап, душманды качырып сала берди. Анын артынан тирүү калган жоокерлер турушту. Бир аз бетме-бет найза менен салгылашышты. Согуш талаасында душмандын танктары өрттөнүп, сапёрлордун окопторунун жанында фашисттик солдаттардын жүздөн ашуун өлүктөрү жайнап жатты.

Гитлерчилер салгылашууга жаңы бөлүктөрүн жиберип жатты. Душман аябаган салгылашуудан кийин гана Строково кыштагына кирип келди. Катуу жарадар болгон кенже лейтенант Петр Фирстовду жана солдат-сапёрлор Петр Ганиевскийди, Василий Семёновду фашисттер кыштакка ала келишти.

Суракта, көргөн адамдардын айтуусуна караганда, Фирстов жарадын ооруганына карабастан өйдө болуп, гитлердик офицердин бетине кан аралаштыра жаба түкүрөт. Андан кийин жанындагы өзүнүн сапёрлорун көрүп:

— Ооз ачпагыла, жолдоштор... Өлгүлө, бирок душманга бир сөз да айтпагыла... Ата-Мекен—деп кыйкырат.

Ок атылат. Ал жыгылат. Мыкаачы канкор фашисттер солдаттарды айбанчылык менен кыйнашат. Алар Ата-Мекенине берген антын жана өз командиринин буйругун орундатып, бир ооз да сөз айтпастан адам чыдагыс кыйноолорго чыдап курман болушат.

Ф. Саливанов

КАВАЛЕРИСТТИН АЙЛАКЕРЛИГИ

Пржевальскийлик А. Ф. Школа согушка өз ыктыяры менен кетип, артиллериялык полктун чалгынчысы болот. Күндөрдүн биринде ага полковник Курганов, генерал Панфиловго тез аранын ичинде жеткире турган пакет тапшырат.


А. Ф. Школа пакетти дивизиянын штабына жеткирет да, «С» сериясындагы эки пакет менен кайра тартат. Бирок ал кайра келсе полк кыштакта жок болуп чыгат. Көчөлөр немецтик солдаттарга толгон. Алар үйлөрдү өрттөп, биздин туткун солдаттарды айдап жөнөтүп жатышат.

Күтүлбөгөн жерден немецтик аскерлердин тобуна кез келет да, атынын башын буруп, чапкан бойдон артына жөнөйт. Ал үч жүз метрдей узап кеткенде гана душмандар пулемёт жана автоматтар менен ата башташат.

А. Ф. Школа мурдагы чек ара кызматкери болуп жүргөндөгү кавалериялык айлакерлигин эске түшүрөт да, өлүмүш болуп аттын бооруна оор салпактап немецтерден кутулуп кетет.

Экинчи кыштакка келип, чалгынчы ал жерде да немецтерге туш келет. Ал ээрге түз отуруп, кызыл жылдызы бар тумакты маскировкалоочу халат менен жаап алып, жылмая күлүп, шашпай бастырып баратты. Немецтер атчан адамдын бул ээлеп турган территориядан келаткандыгынан улам, аны өз кишиси катары көрүштү.

Кыштактан өтүп, чалгынчы атынын башын токойду карай бурду да көп узабай дивизиянын штабын тапты. Эки пакетти тең генерал Панфиловго тапшырып, өзүнүн байкагандарын айтты. Дивизиянын штабы



ШКОЛА АЛЕКСАНДР ФЕДОРОВИЧ— 8-гвардиялык дивизиянын чалгынчысы, гвардиянын катардагы жоокери. Азыр Пржевальский шаарындагы автомехколоннада иштейт.

үч тараптан тең курчоодо калгандыгы белгилүү болду. Генерал чегинүүгө буйрук берди.

Жарадар болгондон кийин А. Ф. Школа 17-гвардиялык бригадада кызмат кылды. Сталинграддын жанындагы салгылашууда жана Курск-Орлов дугасында болуп, Берлинге чейин жетти.

Ал Кызыл Жылдыз ордени. «Күжүрмөн эрдиги үчүн» медалы менен сыйланган. Анын мындан башка алты медалы жана Мамлекеттик Коргоо Комитетинен бир нече алкышы бар.

ЗЕНИТЧИКТЕРДИН КҮЖҮРМӨН КҮНДӨРҮ

Волоколамскинин жанындагы согуш панфиловчу гвардиячылардын эсинде түбөлүккө сакталып калды. Ошондон бери көп жылдар өтсө да гвардиячы В. Понамарёв ошол оор күндөрдү согушта көрсөткөн жолдошторунун баатырдыгын дайыма эскерет. В. Понамарёв кызмат кылган 316-аткычтар дивизиясынын катарына кирген, зенитчик артиллериялык дивизион Москванын жанындагы Асташково поселогуна жайгашкан районго келишти. Буерде артиллеристтер өмүр үчүн эмес, өлүм үчүн турушту. Алар өздөрүнүн жакшы көргөн дивизиянын командири Панфиловдун көп буйруктарын эң жакшы аткара билишти.

— Генерал-майор Панфилов менин көзүмчө катуу жарадар болду,—дейт В. Понамарёв.—Мен уккан генералдын буйругу анын эң акыркы сөзү эле. Ал мага: «Жат» деп кыйкырды, кырдаал коркунучтуу болчу: миналар биринин артынан бири ышкырып жатышты. Андан жарым гана мүнөттөн кийин, генерал штабдан чыгып баратканда аны мининин чачырандысы жарадар кылды.

Москванын жанында фашисттик аскерлерди талкалагандан кийин, панфиловчуларды Старая Руссанын жанына жиберди.

В. Понамарев ал учурда дивизиянын штабында байланыштыруучу болчу. 28-март күнү немецтик самолёт менен жекеме-жеке кармашканы бүгүнкүдөй эсинде. Гитлерчилер пулемёт менен атып жатышса, а Понамарев аны мылтык менен атып жатты. Биринчи жолку атышынан натыйжа чыккан жок. Фашист экинчи жолу кайрылып келип, пулемёт менен дагы атты. Понамарев да эки жолу удаа атууга үлгүрдү. Ошол учурда самолёттон аны көздөй гранаталар куюлду. Анын чачыранды-

лары тийип, панфиловчу жети жеринен жарадар болду. Ал санбатта жатканда гана эсине келди. Айыккандан кийин өз бөлүгүнө кайтып келди.

1942-жылы августта алардын аскердик бөлүгүн Москвага чакырышты да, Сталинграддын жанына бара жаткан зениттик батареянын составына кошту. Понамарев жана анын жолдоштору 15-танктык бригадага жиберилди.

Сталинграддын жанына келери менен батарея немецтердин «Рама» аттуу биринчи самолётун атып түшүрдү. Анын артынан дагы бирөө учуп келди. Ал дагы жерге сайылды. Андан кийин батареянын үстүндө 12 бомбалоочу самолёт пайда болду. Батарея андан селт этип да койгон жок. Биринчи залп менен алдыда келаткан эки самолётту атып түшүрүшкөндө, калгандары кайра тартты.

— Пафиловчулар ушундай эле болуш керек,—дешти, аларды байкап турган жөө аскерлер.

Сталинграддын жанындагы немецтерди талкалагандан кийин 15-танктык бригаданы да Орлово-Курская дугасына жиберди. Понамарев кызмат кылган батарея биринчи эле күнү немецтин төрт тарпчылын атып түшүрдү. Бул жерде зенитчиктер бир нече ийгиликтүү салгылаштарды башынан өткөрүштү.

1943-жылдын аягында зенитчиктер Житомирдин, Лемблиндин, Бельцтин (Румыния), Варшаванын, Берлиндин жанында салгылашты.

Мындай окуя болду. Германиянын чек арасына өтүп баратканда, немецтер артиллеристтерге каршы ири күчтү жиберди. Батарея бир эле күндүн ичинде немецтин 28 самолётун атып түшүрдү, ошол үчүн полктун командири гвардиянын майору Мыцыкке Советтер Союзунун Баатыры деген наам берди.

Бирок бул ардактуу наамдын берилгенин ал уга албай калды. Ал ууланган ок менен бутунан жарадар болуп дүйнөдөн кайтты.

В. Понамарев кызмат кылган артиллериялык полк өзүнүн күжүрмөн жолун Берлинден бүтөт. Алар 126 немецтик самолётту атып түшүрүшкөн.

ТОО УУЛУНУН ЭРДИГИ

Кыргыздын учу-кыйрына көз жетпеген талаасы унчукпайт. Анын жымжырттыгында бейпил турмуш үстөмдүк кылган сыяктуу болот. Бирок Жуматай карыя мына ушул жымжырт жаткан бул туулуп-өскөн мейкиндигинин ичинде кандай көп сырлар катылып жатканын айтып бере алат. Ал мурунку убактардагы кедейлердин көчүп-конуп жүргөн гара элек. Совет бийлиги талаага келген убакытта, Жуматай карыя, талаа кезип жүрүүдөн биринчи болуп баш тартты. Байсыз отурукташуу турмушу кедейлер самаган бакытты алып келди. Мүмкүн ушул жаңы жаралган турмуштун урматына Жуматай баласынын атын Кубат деп койгондур. Жылдар өтө берди. Эски турмуштун көкөй кескен азап-тозокторун Кубат атасынын сөзүнөн, кошуна-колоңдордогу абышкалардын аңгемелеринен гана билди. Буерде, кичинекей айылда, ал комсомолго кирди. Өзүнүн элин жана өздөрүнүн алдында эшиги кеңири ачылган жаңы турмушту сүйүүнү Кубат атасынан мурас кылып алды.

Кубат өзүнүн гүлдөгөн балалык мезгилдерин Калинин районундагы кичинекей Орто-Кайырма кыштагында өткөргөн. Далай жолу шымынын багалегин өйдө түрүп алып, өзүнүн теңтуштары менен көк чыбыкты ат кылып минип жарышкан.

Ал ошол эле кыштакта жашап турганда, комсомолдун тарыхын жакшы билбесе да анын ишин, тапшырмасын өз убактысында аткарып турган. Анын иштеринин ийгиликтеринин жүрүшүн байкаган комсомолдун активдери Кубат жөнүндө жакшы пикирлерди айтып калышчу. Кубат мындай мүнөздөмөнү угуп ичинен кубанып жаштардын ишин андан да жакшыртууга тырышчу.

Арадан бир топ убакыттар зыпылдап өтүп, Кубаттын оюн келечек бөлөт. Өзүн окутуп жүргөн кээ бир мугалимдердин иши ага жагып, мугалим болсом, жаштарды тарбияласам деген тилек менен Фрунзе-деги мугалимдер институтуна кирет.

Анын институттагы сабак үстүндө кыйналып кысталганы жылдан жылга жеңилденип, институтту ийгиликтүү бүтүрөт.

Мына тилеген тилеги өз ордунан чыгып, мугалим деген наамды алып мурдагы Жалал-Абад областын көздөй жол тартат. Поездде бара жатып вагондун терезесинен айланага көз чаптырып, дөңгөлөктүн ырына анын ички сыры кошулуп, Кубаттын оюн асманга жетелейт.

Жолдун жээгиндеги жайнаган кыштактар, аппак үйлөр, көктү тиреген жашыл теректер, кызыл-тазыл чөптүн гүлдөрү, аркайган Ала-Тоолор, төштө бытырап жайылып жаткан колхоздун төрт түлүк малы, Ата-Мекенди сактагын, эл үчүн, жер үчүн патриот болгун, дегендей табыштарды Кубаттын кулагына жакшы күүлөр менен жеткиргенсишет.

«Чын эле булардын тилектерин иш жүзүнө аткара тургандар биздин жеткинчектер, жаштар эмеспи» деп макулданат...

Ооба, балдарды окутуу, аларды чын патриоттук духта тарбиялоо иши оңой иш эмес. Алардын ар кимиси менен ар башка сүйлөшүү, ар түрдүү мамиле кылуу, чындыкты айтып берип, турмуштун туура жолуна салуу абдан орчундуу жана керек маселе.

Кубат мугалим. Анын окуучулары өздөрүнүн түшүнүүсүнө жараша биздин Лениндик партиябыздын негизи, идеялары менен окуу башынан эле мугалими Кубат аркылуу тааныша башташат. Окуунун үлгүлүү иши менен жаштардын көңүлүн алга жетелейт.

Арадан көп убакыт өтпөстөн Кубатты Жалал-Абад областтык комсомолдор комитетинин имаратына иштөөгө чакырышат.

Кубат жаштардын жол башчысы. Далай жолу баштапкы комсомолдук уюмдарда, жаштардын арасында аларга алдыдагы орчундуу иштер жөнүндө, балдардын жана кыздардын кулк-мүнөзү жөнүндөгү кызуу толкундаткан сөздөрүн көп жолдоштору өздөрүнүн эстеринен кетиришпейт.

Ал ар убактарда жаштардын арасында, эмгектин үстүндө жүрүүнү эң жакшы көрчү. Курбуларына өзүнүн күүдүл тамаша сөздөрүн айтып берип, алардын арасында шаттык убакыттарды түзүп берген күндөр аз эмес эле. Ошол күлкүсү менен Кубат канча жолу Жалал-Абад областынын райондорунун жайлоолорун, кышкы күнү күрткү баскан тоо кыштактарын далай аралап чыккан. Аны көрүп-билген адамдар «Кандай кичи пейил, шамдагай бала» деп ичтеринен ойлонуп, Кубат жок жерде кеп кылып калар эле.

Согуш бардык адамдардын өздүк ойлогон оюн, тилеген тилектерин үздү. Тынч эмгектин учуру бузулду. Эл Кубатты башка жигиттердей эле

согушка жөнөтүштү. Жуматай уулун чоң казатка жөнөтүп жатып — «Уулум, сен азыр коммунистсиң, коммунисттерче күрөшүп үлгүлүү бол, элиң үчүн, жериң үчүн, душманды токтотуу үчүн жаныңды аяба»... деп келип көзүнөн чыккан жашты Кубатка билдирбөөгө аракет кылып, уулун кучактап, көз жашын кылгыртып кайра, кайра көкүрөгүнө кысып өпкүлөдү.

Күжүрмөн даярдыктардын учурунда, андан кийинки фронттук таал турмуш күндөрүндө Кубат Жуматаев жоокердик өнөрдү үйрөнүп, эр жете берди. Кубат гвардиячыл-саясий жетекчи ишине жетти.

Ал согуш учурунда солдаттарды башкарууну ага ишенип беришкенине чоң сыймыктанды жана ал ишенимди актоого чымырканды. Күйүп жаткан өрткө өзүн салып, элдин жыргалчылыгы үчүн канын төгүш керек. Андай эрдикти солдаттарга сөзү менен, үлгүсү менен саясий жетекчи адам үйрөтөт.

Саясий жетекчи жоокерлер менен ар убакта бирге болуп, адамдарды жоокерчилик чеберчиликке, туруктуулукка, айлакердикке үйрөтүү боюнча көп эмгектерди сиңирет.

Согуштук салгылашуунун бир күндөрүндө ротанын командири катуу жарадар болуп, катардан чыгып калат. Командирдин жанында турган Кубат кайрат кылуу менен: «Жолдош командир! Коркпоңуз, тезинен айыгып кетип кайра келиңиз» деп айтуу менен бирге: «Жоокерлер менин командованиямды уккула! Алга! Ата-Мекен үчүн!» деген ураан менен солдаттарга демилге берип, душмандын бекитилген алдыңкы катардагы чебин көздөй чуркайт.

Кым-куут. Байкабаган кишиге ким кимди атып жатканы билинбейт. Солдаттар душманды көздөй бирде боору менен жылса, бирде тура калып өбөктөп жүгүрөт да, анан жалп дей түшүшөт. Эки жактан атылган мылтык, автомат, миномёт жана замбиректердин үндөрү кулакты тундурат жана ар кимдин башын жашынтууга мажбур кылат.

Кубат өзүнүн ротасы менен немецтердин капталынан чыгып, Ураа! Ураа! фашисттик алдыңкы чектеги траншеяларын талкалап, андан качкан немецтерди кууп жөнөйт. Биздин солдаттардын чабуулун улантып, биздин башка бөлүктөр дагы немецтерге сокку ура башташты.

Фашисттерди куугандан кууп олтуруп, бир-эки сааттын ичинде гвардиячылар немецтерден үч кыштакты бошотуп алышты. Ошол эле күнү Кубаттын жоокерлери анын командачылыгы астында үч чыңдалган бийиктик-дөңсөөдөн гитлерчилерди кууп чыгып өздөрү орун алышты.

Жеңиштин кубанычы кандай! Кубат улам алгалап гвардиячыларды артынан ээрчитти. Анын ротасы душмандын он беш танкысы менен беттешкенде, ал автомат менен кандай мыкты атса, ошондой эле граната-ларды таамай ыргытып, душмандын танктарын талкалап жатты. Ку-



бат немецтик танктардын чабуулун токтотууда жата калып атып жаткан жоокерлерин, боору менен жылып кыдырып дем берип, аларды шыктандырып турду. Жуматаевчылар 80 ден ашуун гитлерчилерди жок кылып, душмандын эки жолку танктык чабуулунун мизин кайтарып, эки танкыны талкалашты.

Ошол эле чабуулда Кубат кызуу менен алга өтүп кетип душмандын танктарынын курчоосунда калат. Немецтер ал офицерди көздөй жутунуп жыла беришет.

«Жок, оңой ала албайсыңар» деп Кубат ордунан туруп айланасын тегерете карап, кошкула гүлдөгөн турмуш, алтын дүйнө, элим, менин мекеним жана жеткинчектерим мени унутпас, совет элинин жыргалы үчүн» деп акыркы бир боо гранатаны белине курчап, боюн танктын астына таштап, аны жарат. Бул көзү жок эрдик анын баскынчыларга урган соккусу эле. Аны көрүп турган Жуматаевдын жоокерлери: «Жолдоштор, Жуматаев үчүн ураа!» деп немецтик танктарга сокку берип, алардын чабуулдук мизин үчүнчү жолу кайтарат. Кыргыздын айылдарына кыргыз элинин мыкты уулу Кубат Жуматаевдин эрдиги жөнүндөгү даңк канаттуу куштай зыпылдап учуп жетти. Элибиздин акындары анын эрдигин ыр менен баяндады, аны түбөлүк эстен чыгарбас үчүн, анын ысмында көчөгө ат коюлду. Кубаттын эли, анын ага туугандары, жолдош-жоролору анын эрдиги менен чоң сыймыктанышат. Бул согуш убагындагы чындык окуя.

◀ САБИР УМАРОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун снайпери. Ал 22 гитлерчини жок кылган. 1942-жыл ноябрь

ГВАРДИЯНЫН СЕРЖАНТЫ КАДЫРКУЛОВДУН ЭРДИГИ.

Төрт бүктөлгөн бир барак кагазда төмөнкүдөй сөздөр жазылган: «Сиздин буйругуңуз аткарылды. Немецтердин атакасы кайтарылды. Биздин чектин алдына гитлерчилер өзүнүн 23 солдатынын өлүгүн калтырышты. Отделениенин командири сержант Кадыркулов бул согушта 11 немецти өлтүрүп, өзү да курман болду».

Бул кыска гана билдирүүдө ошол күнкү салгылашуунун кандай өткөндүгү жөнүндө маалыматтар жок. Бирок гвардиянын сержанты Кадыркулов жана анын куралдаш жолдоштору — 9 советтик жоокер немецтердин бүтүндөй бир взводуна каршы, кандай кайраттуулук жана эр жүрөктүүлүк менен кармашканын толук айтып беришет.

«... Немецтер чекти алууга эки жолу чабуул коюшту. Бирок гвардиячылар селт этпей аларды кайра артына чегинүүгө мажбур кылышты, автоматтын мөндүрдөй жааган огу менен узатты. Отделениенин командири, гвардиянын сержанты, Кадыркулов он гитлерчини өлтүрдү. Он биринчиси сержантка чуркап келип, такап атуунун аркасында аны өлгүдөй жарадар кылды. Баатыр жерге жыгылып бара жатып, автоматын фрицти көздөй суна берип, акыркы огу менен аны да ала жатты».

Кыргыз элинин сыймыктуу уулу Кадыркулов күчтөр тең болбогон бул катуу салгылашта баатырларча курман болду.

Ал жүрөгүнүн акыркы согулганына чейин, Мекендин буйругун жана 28 гвардиячылардын: «Фашисттер менен күрөшкө чыккыла! Жеңиш же өлүм!.. Силерде башка жол жок, биз өлөбүз, бирок жеңебиз!» деген осуятын эсинен чыгарган жок.



Москванын жанындагы 316-аткычтар дивизиясынын катарына кирген 16-армиянын согуштук Советинин мүчөлөрү: К. К. Рокоссовский, А. А. Лобачев, М. С. Малинин, В. И. Казаков. 1941-жыл.

НАМЫСЫН БЕРБЕГЕНДЕР

Терең күрткүлүү кар. Ызгаардуу суук. 1941-жылдын декабрь айынын орто чени. Сегизинчи гвардиялык дивизия, өзүнө кошулган башка бөлүктөр менен бирдикте: Крюково, Каменка, Андреевка, Александровка жана Михайловка элдүү пункттарды ээлөө үчүн согушуп жатты. Үч күндүн ичинде советтик жоокерлер саны жагынан алда канча артыкчылык кылган гитлерчилердин күчүн талкалоого жетишти. Душман жүздөгөн солдаттары менен офицерлеринин өлүктөрүн, танктарды менен машиналарын калтырып, курал-жарактарын таштап чегинип барышты.


Дивизиянын бөлүктөрү толуп жаткан олжону колго түшүрдү. Алардын ичинде: 31 танк, 2 оор жүк ташыгыч машина, 4 брондолгон машина, 47 автомашина, эки жеңил машина, 100 мылтык, 12 ящик снаряд, 30 миң патрон, 130 ящик мина, көп сандаган курал-жарактар бар. Бул согушта жоокерлердин, командирлердин, саясий жетекчилердин көпчүлүгү эрдиктин жана баатырдыктын үлгүсүн көрсөтүштү. Сержант Николай Бердицкий өзүнүн отделениеси менен душмандын тылына өтүп барып, фашисттик автоматчылар жаткан бир нече үйлөрдү ерттөштү.

Аткычтар полкунун 2-батальонунун командири, кенже саясий жетекчи Краснов намысты бекем кармап, фашисттер менен тайманбай салгылашты. Бул жеңишке карай калтаарбаган адам.

Ал батальонду баштап, Крюково посёлогуна биринчи кирип барды.

Аткычтар полкунун жоокери Татаров душмандын үч танкын талкалады.

Кенже саясий жетекчи Петренко, гвардиячылар Бабичев, Тентиев, Погнеев жана башкалар душман менен баатырларча салгылашып, алардын көзүнө көрүнөрлүк сокку урушуп, өздөрүнүн эрдигин көрсөтүштү.



БӨРҮБАЙ КУЛБАЕВ—8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун атакчуу снайпери, гвардиянын катардагы жоокери. Согушуп жаткан армия. 1943-жыл январь.

КҮЖҮРМӨН ГАЗЕТА—

Согушуп жаткан армия. 1942-жыл. 8-гвардиялык дивизиянын Панфилов атындагы «За Родину» газетасынын көчүп жүрүүчү типографиясы.



ЖООКЕРДИН ЖОЛДОШУ

АТА-МЕКЕНДИК СОГУШТУН БААТЫРЫ АШЫРБАИ КОЁНКӨЗӨВДУН ДИВИЗИОНДУК ГАЗЕТАГА ЖАҢЫ ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЗГАН КАТЫ

1942-жыл Улуу Ата-Мекендик согуштун күйүп турган учурунда өттү. Бул жаңы жылдын түнүн, алоолонуп күйгөн өрттүн жалыны жарык кылып турат. Колумда мылтык, белимде граната — азыркы менин тилегим да, кубанчым да ушул. Ушул мылтык менен 138 немецти өлтүрдүм, граната менен коркутуп, 15 каракчынын булганыч колдорун өйдө көтөрттүрдүм. Мен аларды да өлтүрөйүн дедим, согуштун өз закондору боюнча командованиеге «тил» керек болду, ошондуктан ал «тилдерди» бөлүккө алып келдим.

Өлкөм мага мындай дейт:

— Туура кыласың, кыргыз Коёнкөзов. Кадамыңды жазбай шилте! Кароолуңду таамай мээле!

— Мен ага:

— Кыргыз Коёнкөзов Ата-Мекен айткандай гана иштейт,— деп жооп берем.

Кош, 1942-жыл, сен бекер өткөн жоксуң. Сен Мекенди, элди чексиз сүйүүгө жана душманды чексиз жек көрүүгө үйрөттүң.

Саломалейкум, жаңы жыл!

Гвардиянын сержанты А. Коёнкөзов
«За Родину» газетасы, № 194, 1943-жыл, 1-январь.

КЫЗЫЛ АСКЕР И. ПЕТРОВДУН ТАБЫЛКАН НАУРУЗБАЕВДИН ЭРДИКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ ФРОНТТУК ГАЗЕТАГА ЖАЗГАН МАКАЛАСЫ

Окопто төрт ай жаткан мезгилдин ичинде ким немецтин эки офицерин жана жыйырма бир солдатын өлтүрдү?

Гвардиянын старшинасы Табылкан Наурузбаев.

Чабуул койгон уруштардын мезгилинде өз подразделениесинин жоокерлерин материалдык жактан ким өз убактысында жана так уюштуруп турду?

Гвардиянын старшинасы Табылкан Наурузбаев.

Дал мына ушул Табылкан Наурузбаев өз демилгеси менен үч жоокерди снайпердик өнөрүнө үйрөттү. Эр жүрөк жана каарман жоокерге атак жана даңк!

Кубаныттуу кабар кыргыздын айылына да жетти. Жакында тоолуу Токтогул районунун колхозчулары өздөрүнүн жердеши Табылкан Наурузбаев Советтер Союзунун Жогорку башкы командачысынын биринчи майдагы буйругун ар-намыстык менен аткарып, «Каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланганын билишет.

Гвардиянын кызыл аскери И. Петров

1943-жыл 19 май

Пролетарии всех стран, соединяйтесь!

ПРОЧТИ И СОЖГИ.

За Родину

КРАСНОАРМЕЙСКАЯ ГАЗЕТА

10 ДЕКАБРЯ 1941 года СРЕДА

ГВАРДЕЙЦЫ—ПАНФИЛОВЦЫ, еще крепче и беспощаднее уничтожайте ФАШИСТСКУЮ НЕЧИСТЬ

Товарищи красноармейцы командиры и политработники Западного фронта

Наши войска от обороны перешли к наступлению. Несколько дней тому назад на Южном фронте разбита фашистская армия Клейста. Теперь войска нашего фронта под Тулой громят танковую группу Гудериана, 3 и 4 танковые дивизии этой группы нашими войсками окружены и уничтожаются. Захвачены огромные трофеи. Продолжается преследование врага.

В результате наступления на северном участке нашего фронта нашими войсками захвачены обратно Рогачев, Ольгово, Красная Поляна, десятки других населенных пунктов и идут бои в Клину и за Солнечногорск. Многие дивизии противника окружены. Фашистские войска, направленные Гитлером для удара на Москву, дезорганизованы и отходят, оставляя на поле боя танки, орудия, автомашины, тысячи убитых, раненых и обмороженных.

Разгром немецких войск под Москвой—начало окончательного разгрома и уничтожения немецко-фашистской сволочи. Этот разгром начался. Мы должны его довершить!

Товарищи бойцы и командиры! Используйте создавшуюся обстановку, не давайте врагу опомниться. Действуйте решительно и смело. Беспощадно истребляйте фашистских захватчиков. Разобьем гитлеровские полчища на-голову и похороним их в подмосковных снегах и лесах.

Смерть немецким захватчикам!

За РОДИНУ! За СТАЛИНА! Вперед к победе!

Военный Совет Западного фронта.

БОЕВЫЕ ПОДВИГИ САНИТАРА

От командира до бойца—все в подразделении тов. Елина знают отважного и смелого санитара тов. Киреева.

Тов. Киреев.—командир санитарного взвода, он не только успевает командовать бойцами, но и сам вытаскивает с поля боя раненых красноармейцев и командиров.

Недавно, во время ожесточенных боев в селе К., т. Киреев за один день вынес на своих плечах с поля боя 15 человек, оказав в то-же время помощь 105-ти раненым бойцам и командирам.

За время военных действий тов. Киреев вынес с поля боя 145 раненых бойцов.



ДЕЙСТВУЮЩАЯ АРМИЯ. Танковый экипаж гвардейцев лейтенанта т. Лавриненко по возвращении из боевой операции под селом Ш. Отважные катуковцы во взаимодействии с гвардейцами—Панфиловцами уничтожили 6 вражеских танков.

На снимке: (слева на право): А. С. Шаров—радист пулеметчик, О. Ф. Лавриненко—командир танка, М. И. Бедный—водитель, В. Я. Федотов—командир башни.


фото А. Моклецова.

8-ГВАРДИЯЛЫК ДИВИЗИЯНЫН САЯСИИ БӨЛҮМҮНҮН НАЧАЛЬНИГИНИН ОРУН БАСАРЫНЫН ГВАРДИЯЛЫК КОРПУСТУН САЯСИЙ БӨЛҮМҮНӨ „ДИВИЗИЯНЫН БӨЛҮКТӨРҮНҮН ЖООКЕРЛЕРИНИН ЖАНА КОМАНДИРЛЕРИНИН ФАШИЗМ МЕНЕН БОЛГОН СОГУШТАРДА КӨРСӨТКӨН ЭРДИКТЕРИНИН ЖАНА БААТЫРДЫКТАРЫНЫН ФАКТЫЛАРЫ ЖӨНҮНДӨГҮ БИЛДИРҮҮСҮ“.

1942-жылдын июнь айында, 8-гвардиялык дивизиянын бөлүктөрү Холм шаарынын жанында кан төгүшкөн уруш жүргүзүп жатышты. Бир айдын ичинде: төрт пулемёттук чекит, алты автоматтык замбирек, сегиз станковый пулемёт, төрт кол пулемёт, эки чоң калибрлүү пулемёт, ок-дарылар салынган үч араба жок кылынды. Душмандын 33 блиндажы жана байкоочу пункту талкаланды. Эки оор жана эки миномёттук батареялар иштен чыгарылды, 7 танк жарылды, эки миңден ашык фашисттик солдаттар менен офицерлер өлтүрүлдү.

28-июнь. Эртең менен артиллеристтердин чалгынчыларынын 76 мм батареясы шаардын четинде, душмандын тамак салынган склады жана үйлөрдүн бирөөндө немецтик бөлүктүн ашканасы жайгашканын билдирди. Батареянын командири старший лейтенант И. Н. Коновалов ачык жерге замбиректи алып чыгып, түз мээлей атылган снаряд менен тамак-аш складын жок кылып, ашкананы талкалап, 50 гө жакын гитлерчини жок кылды.

29-июнь. Ошол эле полктун 45 мм замбиректүү батареясынын командири лейтенант Ващенко, фашисттер ашкананын жанында кечки тамакка чогулушканы жөнүндө кабар алат. Тез аранын ичинде залп берүүнүн камылгасын көрүшөт, наводчик Макаровдун замбиреги биринчи эле атуу менен ашкананы талкалап, жыйырмага жакын фашисттик солдатты кырат. Ошол эле күнү душмандын тылында жыйырмага жакын гитлерчилер жок кылынат.



Фронттон келген каттар



Панфиловдун согуштук делегациясы Фрунзе шаарынын вокзалында.
1942-жыл, июнь.

КЫРГЫЗ ССРинин ЭМГЕКЧИЛЕРИНЕ

Кымбаттуу жердештер! Сиздердин белегиңерди биз толкунануу жана кубаныч менен кабыл алып жатабыз. Бул кыргыз элинин фронттогу өз уулдары жөнүндө көргөн ченемсиз камкордугу.

Кызыл Армиянын күчү, баарынан мурда биздин тылыбыз, биздин баатыр Армиябыздын бекем тиреги экендигинде. Ал душманды жеңиш үчүн эмне керек болсо, ошонун бардыгын берип жатат.

Силер, кымбаттуу биздин жердештерибиз, ата-энелерибиз, зайыптарыбыз, бир туугандарыбыз биз социализм өлкөсүнүн ыйык жерин немецтик баскынчылардан биротоло тазалап, силерге жеңиш менен келишибиз үчүн бардыгын иштеп жатасыңар.

Фронтко кетип баратканыбызда бизде бир гана жол бар болчу, ал жол — өлүм же жеңиш. Бул улуу антты аткаруу менен биз ар-намыска, даңкка ээ болуп, эки жолу өкмөттүн жогорку сыйлыгына татыктуу болдук.

Кызыл Армиянын алдыңкы катарында болуу менен, биз немецтик баскынчыларды Москванын жанында талкаладык, Мекенибиздин жүрөгү — Москваны сактап калдык.

Биздин 28 баатыр-панфиловчулардын осуятын ишке ашырып, алардын традицияларын бийик кармоо менен, биз фронттун башка участокторунда чабуулду уюштуруп, немецтик кулчулуктан 250 калктуу пунктту бошоттук, 5000 ден ашуун немецтик солдаттар менен офицерлерди жок кылып, көп сандаган олжолорду колго түшүрдүк.

С., Б., О., жана М. кыштактары үчүн болгон уруштар дивизиянын баатырдык тарыхынын жаңы барагын ачты. Гвардиячылар өзүнүн чечкиндүү атакалары менен душмандын ондогон бекемделген таяныч пункттарын талкалады.

С. жана М. кыштактарынын районунда дивизия жакшы коргонгон күчтүү душман менен салгылашты. Бул жерде немецтердин чоң таяныч пункту бар эле. Бирок тайманбаган чабуул менен бул чек да алынды. Бул жерде 400 дөн ашуун фашисттер жок кылынып, пулемёттор, автоматтар жана миномёттор колго түшүрүлдү.

С. кыштагы үчүн болгон күрөштө 16 гвардиячылар өлбөс-өчпөс даңкка ээ болду. Селонун четин душмандан тартып алышты, 16 эр жүрөк батальондун өтүшүн камсыз кылуу үчүн сарайды ээлеп алышып,

окту мөндүрдөй жаадыргандыктан душман бардык күчүн сарайга бурушка аргасыз болду. 16 баатыр душмандын соккусун бүт өздөрүнө алды. С. кыштагын биздин аскерлер ээлешти.

Фашисттер сарайды өрттөп жибергенде, баатырлар өрт ичинде өлүштү, бирок колго түшкөн жок. Коммунист саясий жетекчи Жангожин үч жарадарды коргоп жатып, өзү өрттөнүп, баатырларча курман болду.

Азыркы учурда биз күжүрмөн буйрукту орундатып, күнүгө фашисттерди жок кылып, алардын коргонуу чептерин талкалап жатабыз. Биздин бир гана девизибиз бар, ал — алга— батышка! Согуштук салгылаштарды күндөлүк окуу менен айкалыштырып, гвардиячылар душманды жеңүү искусствосуна, таамай атуу чеберчилигине үйрөнүп жатышат. Душманды жок кылуу боюнча чеберлердин алдыңкы катарларында сержант Бунь, пулемётчулар Тарада, Демин, Казаков, Яковлев, наводчу Копытов, замбиректердин командири Турсунходжаев жана башкалар бара жатышат. Булар биздин сыймыгыбыз — элдешпес душман үчүн курч кылыч.

Кыргыз элинин эр жүрөк уулдары гитлердик каракчылар менен баатырларча салгылашып жатышат. Алардын арасында Коёнкөзов Ашырбай бар. Ал коммунист, чалгынчы. Кыска мөөнөттүн ичинде гитлерчилердин 138 солдаты менен офицерин жок кылды. Коёнкөзов Ашырбай өкмөттүк сыйлыкка эки жолу көрсөтүлдү. Старший сержант Байбичиев таамай атып, бактын башынан фашисттин үч «күкүгүн» түшүрдү. Ал К. кыштагына биринчи болуп кирди, айрыкча С. кыштагы үчүн болгон урушта баатырларча салгылашты.

Байланыштыруучу коммунисттер Ботбаев Самат, Султаналиев Шейше өз кызматын эң жакшы аткарууда. Түлөкабылов Төлөбек, Бубинов Ысман, Конокбаев Саткул, Торсыкбаев Таштан — эң мыкты артиллеристтер.

Кыргыз элинин эр жүрөк уулдары Кызыл Армиянын башка улуттардан келишкен жоокерлери менен бирдикте гвардиянын күчүн жана жеңилбестигин далилдөөдө.

Кымбаттуу биздин жердештерибиз, немецтик фашисттик баскынчылар менен болгон мындан кийинки салгылаштарда да, силердин улуу ишенчиңерди актайбыз жана фашисттик армияны акыр-аягына чейин талкалап, немецтер убактылуу басып алган биздин кыштактарыбыз менен шаарларыбызды бошотууга бардык күчүбүздү жумшайбыз деп силерди ишендиребиз.

Силер, кымбаттуу биздин жердештерибиз, дагы жаңы күч менен мындан ары да Кызыл Армия менен бирдикте тылдын гвардиячыларын фабрикаларда, заводдордо, рудниктерде, колхоздордо жана мекемелерде дагы жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгү үчүн күрөшкө көтөрөсүңөр. Кызыл Армия гитлердик каракчыларды талкалоо үчүн болгон бардык мүмкүнчүлүгүңөрдү аябайсыңар деп ишенебиз.

Силердин белегиңер үчүн көптөн көп гвардиялык ырахмат, кымбаттуу жердештерибиз.

Жашасын Советтер Союзунун элдеринин достугу!

Жашасын күнөстүү Кыргызстандын эмгекчилери!

Жашасын Лениндин улуу партиясы!

8-ГАДнын командири, полковник Серебряков.

ГАДнын согуш комиссары, полктун комиссары Лобов.

8-ГАДнын бөлүмүнүн начальниги, ст. батальондун комиссары Галушко.

Гвардиячыл-панфиловчулар: (22 кол коюлган).

ГЕНЕРАЛ-МАЙОР И. В. ПАНФИЛОВ АТЫНДАГЫ 8-ГАДнын ЖООКЕРЛЕРИ МЕНЕН КОМАНДИРЛЕРИНИН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМГЕКЧИЛЕРИНЕ ЖАЗГАН КАТЫ

Кымбаттуу ата-энелерибиз, ага-инилерибиз, эже-карындаштарыбыз, бир тууган кыргыз элибиз! Силердин кыргыз жоокерлерине жазган катыңарды толкундоо жана зор кубаныч менен окуп чыктык. Силердин ыйык тапшырмаңардын ар бир сөзүн жүрөккө бекем түйдүк. Биздин бир тууган элибиздин жазган каты Улуу Мекенибизге болгон сүйүүбүздү ого бетер бекемдеди. Мекен-Эненин, бир тууган кыргыз элинин алп үнү биздин күжүрмөн духубузду дагы бийик көтөрүп, бизге жаңы дем-күч берип, жек көрүмчү душманга каршы күрөшкө чечкиндүүлүгүбүздү арттырды.

Биздин ыйык жерибизди фашисттик каракчылардан бошотуу үчүн кан ичкич гитлерчилер менен айыгышкан күрөш жүргүзүп жаткан учурубузда, бизге — панфиловчуларга, кымбаттуу меймандардын жердештеribиздин келиши, Советтик Кыргызстандын жетекчилеринин каты, силердин фронттогу балдарыңарга алпештеп чогулткан белегиңер үчүн, көрсөткөн камкордугуңар үчүн кымбаттуу ата-энелерибиз, ага-инилерибиз, эже-карындаштарыбыз, биздин жүрөгүбүз терең алкыштын сезимине толду. Мына ушунун бардыгы бизди Ата-Мекен үчүн зор эрдиктерге шыктандырат.

Биз гвардиячылар-кыргыздар, биздин бир туугандарыбыз орустар жана украиндыктар, казактар жана белорустар, грузиндер, татарлар, Советтер Союзунун жана дагы башка өкүлдөрү менен бирге, фронттун мына ушул участогунда немецтик баскынчыларга каршы күрөшүү менен өз жерибизди, үйүбүздү, өзүбүздүн күнөстүү Кыргызстаныбызды коргоп жатабыз.

Арасында кыргыздын даңкы өлбөй-өчпөй турган уулу Дүйшөнкул Шопоков бар бир боордошубуз — 28 баатыр-панфиловчулардын кулак угуп, көз көрбөгөн эрдиги, Сталинградды коргоочулардын кайталангыс баатырдыгы менен эр жүрөктүүлүгү, Воронежди, Харьковду, Ростовду, Краснодарды, Курскини, Ржевди жана Мекендин дагы башка толуп жаткан шаарлары менен кыштактарын бошоткон жоокерлердин, эч ким токтото алгыс күчү, биздин эрдигибиз жана көз каранды эместигибиз үчүн, биздин үй-бүлөлөрүбүздүн бакты-таалайы үчүн, биздин



КУРМАНБЕК САГЫНДЫКОВ — гвардиянын старший лейтенанты, дивизиондук «За Родину» газетасынын редакторунун орун басары. Азыркы күндө Алма-Ата шаарында жашайт.



МАМЫРБАЕВ ОМОР МАМЫРБАЕВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын батальонунун командиринин мурдагы адьютанты, гвардиянын капитаны. Согуштук далай түндөрдү картанын үстүндө өткөрүп, замбиректин патронунан жасалган чырактын ыштуу түтүнүн далай жуткан. Көп жолу душмандын согуштук точкаларын аныктоо үчүн чалгынчылар менен бирге барып «тил» алып келүүгө катышкан. Азыр Чүй районундагы «Ак-Бешим» колхозунда старший чабан болуп иштейт.

элибиздин кубанычы үчүн, балдарыбыздын жаркыраган келечеги үчүн болгон ыйык күрөштө бизге дем-күч бере турган үлгү болот.

Биздин ыйык күрөшүбүз улам жаңы баатырларды жаратып жатат. Өзүнүн ажал сепкен миналары менен атактуу миномётчик Абдрашит Батырбеков жүздөгөн гитлерчилерди кырса, биздин кымбаттуу мейманыбыз Марасуловдун айылдашы Мамадалы Мадаминов фашисттерди таамай аткынан жазбайт. Ал өзүнүн снайпердик мылтыгы менен 147 гитлерчини жок кылды. Душманды биринин артынан бирин жер

сүздүрдү. Ал эми жаш снайперчилер Алымкул Абибулдаевдин, Абдыжалил Адамовдун жана башкалардын аткан октору тынымсыз жер дүңгүрөтөт.

Биз өзүбүздүн мыкты жоокерлерибиз менен сыймыктанабыз. Кыргыз уулдары өздөрүнүн бир боордоштору, даңкы таш жарган баатырлар Дүйшөнкул Шопоков менен Чолпонбай Түлөбердиевдин өлбөс-өчпөс эрдиктерин улантып жатышат.

Биздин Жогорку Командачыбыз өзүнүн февралдагы буйругу менен бизди, Кызыл Армиянын жоокерлерин душманга соккуну күчөтүүгө, аны күнү-түнү менен эс алдырбай артынан сая-түшүүгө, душмандын коммуникацияларын кесүүгө, душманды курчап, эгерде багынбаса жок кылууга милдеттендирди.

Биз буйрукту абийирдүүлүк менен аткарабыз. Биз өзүбүздүн боштондук үчүн болгон күрөшүбүздү, биздин советтик жерибиздеги немецтик баскынчыларды жок кылмайынча уланта беребиз. Гитлердик баскынчылар Украинанын, Белоруссиянын жана дагы башка республикалардын гүлдөгөн шаарлары менен кыштактарын урандыларга айландырып жок кылгандарын, алган жерлерде эч бир күнөөсү жок советтик адамдарды кырып, тоноп, жок кылып, кулак угуп көз көрбөгөн кайгымуңду чачып жатышканын алар эстеринен чыгарышпасын.

Биздин боордош элибиз, фашисттик кан ичкичтердин, алардын көрсөткөн бардык мыкачылыктары үчүн өч алууга силерге ант беребиз. Кыргыз элинин күжүрмөн согуштук традицияларына татыктуу болобуз. Өздөрүнүн баатырдыгы менен кыргыз элинин атак-даңкын көтөргөн Манас, Семетей баатырлардын образдары кичинекейибизден бери биздин эсибизде. Немецтик баскынчылар менен болгон уруштарды биздин элдик баатырлардын эрдиги менен арттырабыз.

Бир боордош элибиз, биз силерге ант беребиз! Немецтик баскынчылар менен болгон уруштарда биринчи катарда болуп кармашабыз, өзүбүздүн командирлерибиздин буйруктарын жана тапшырмаларын кыйшаюусуз так аткарабыз. Командирдин буйругу биз үчүн закон.

Өз катарларыбызда биз коркоктор менен чыккынчылардын болушуна чыдабайбыз. Силер менен кошо биз ата-бабаларыбыздын ыйык сөзүн кайталайбыз: «Чыккынчыны жер жутсун», «Уят өлүмдөн катуу». Эгерде арабызда коён жүрөктөр жолугуп кала турган болсо, андайды аябай мууntуп жок кылабыз.

Чыккынчыларга өлүм! Ата-Мекендин чыккынчыларына аёо жок!

Кымбаттуу ата-энелер, курдаштар! Биз, фронтовиктер күн сайын, саат сайын, силердин аталык улуу камкордугуңарды сезип турабыз. Биз республиканын жумушчуларынын, колхозчуларынын, интеллигенциясынын баатырдык эмгегинин жемишин сезип турабыз.

Биздин Кыргызстан бай жана даңктуу. Биздин элибиз да чаалыкпас. Жерибиз да түгөнгүс кенге бай.

Бардыгы фронт үчүн, бардыгы душманды жеңиш үчүн! — Мына ушул күжүрмөн чакырык менен күндөп, түндөп эмгектенгиле биздин жердештерибиз. Бирок али да болсо күчтүү канкор душман менен күрөшүү элдин залкар күчүн, энергиясын талап кылат.

Бир тууган Кыргызстандын өнөр жай кызматкерлери өндүрүп чыгарууну эки, үч эсе арттыргыла! Фронтко колдон келишинче куралжаракты, кийим-кечени көбүрөөк бергиле.

Колхозчулар жана колхозчу аялдар, пахтанын, эгиндин, кызылчанын жана дагы башка айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн көбөйтүү үчүн күрөшкүлө!

Тылдагы гвардиячылардын элдик кыймылын кеңейткиле жана өрчүткүлө! Муну менен силер чабуул коюп бараткан Кызыл Армиянын ийгилигин камсыз кыласыңар. Биздин душманды тезирээк жана биротоло жеңишибиздин залогу мына ушунда.

Биз фронтовиктер, күжүрмөн туунун ар-намысын, жоокер-жигиттин намысын, Советтик гвардиянын намысын бийик кармайбыз!

Немецтик баскынчыларга өлүм!

Жашасын биздин өлкөбүздүн элдеринин бузулбас достугу!

ШЕФКЕ АЛЫНГАН „СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН“ ТАНКТЫК КОЛОННАСЫНЫН ЖООКЕРЛЕРИНЕН ЖАНА КОМАНДИРЛЕРИНЕН КЫРГЫЗСТАН КП БКнын СЕКРЕТАРЫНА ЖАНА КЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ КОМИССАРЛАР СОВЕТИНИН ПРЕДСЕДАТЕЛИНЕ

Кымбаттуу жолдоштор! Биз, силерден «Советтик Кыргызстан» танктык колоннасын алган танктык бөлүктүн жоокерлери жана командирлери сиздердин тапшырмаңар менен бирикменин командованиенин күжүрмөн буйругун аткаргандыгыбыз үчүн рапорт беребиз.

Сиздердин машинаңыздар менен биз 50 километрден ашык жерди күжүрмөн марш менен басып өтүп, командованиенин буйругу боюнча душмандын терең тылына 100 километрлик рейс жасадык. Ошону менен бирге колонналык танкисттерге, командование душмандын бекемделген линиясын бузуп биринчи өтүүгө тапшырма берген, биз аны аткардык.

Ушул рейддин учурунда биз эки шаар менен кошо эл жашаган бир нече пункттарды бошоттук. 100 дөн ашык паровоз, 1000 ге жакын вагон, толуп жаткан автомашиналар, элеватор буудайы менен, 5 миңден ашык кой, курал-жарак жана тамак-аш салынган 8 складды жана дагы башка көп нерселер колго түшүрүлдү. Душмандын толуп жаткан тирүү күчтөрү жана техникасы жок кылынды.

Өзүнүн жүрүшүн Волганын жээгинен баштап, биздин танкисттер Советтердин туусун түндүк Донецтин батыш жээгине алып өтүштү. Ушул уруштардын ичинде биздин колоннанын танкисттери силерден алган айбаттуу техника менен жек көрүндү душманга сокку уруп, чексиз каармандыктын жана эр жүрөктүүлүктүн үлгүсүн көрсөттү.

Механик-айдоочу Гавриил Иванович Воедило салгылаштын биринде бир нече гитлерчилерди жана миномётторду, пулемётторду жок кылды. Н. шаары үчүн болгон согушта Воедило танкка каршы атуучу эки замбиректи жана расчёттору менен эки станковый пулемётту жок кылды. Командование тарабынан Воедило эки жолу сыйланды, анын ичинде Кызыл Жылдыз ордени да бар.

Көрсөткөн кайраттуулугу жана баатырдыгы үчүн биздин бөлүктүн 22 адамы өкмөттүк сыйлыктар менен сыйланышты. Н. шаары үчүн болгон күрөштө, жана Түндүк Донец дарыясынан өтүүдө бардык эки-

паждар жан аябай чечкиндүү кармашты. Кээ бирөөлөрү баатырларча курман болушту, бирок буйрукту аткарышты. Механик-айдоочу Г. И. Воедило жана лейтенант А. П. Глазунов баатырларча курман болушту.

Уруштардын арасындагы тыныгууларда биздин бөлүктөр өздүк составдын арасында саясий аңгемелер, ал эми шаарлардын жана кыштактардагы калктын арасында массалык түшүндүрүү иштери өткөрүлүп түрарын айта кетүүбүз керек. Өзүбүздүн танктык колоннабызды түзүү үчүн бөлүктүн ичинде 135 миң сом акча чогулттук.

Уруштардын маалында көпчүлүгү партияга өтүүгө арыз беришти. Өздөрүнүн арыздарында танкисттер Федулов, Бондарев жана башка жолдоштор мындай деп жазышкан:

«Мени Лениндин партиясынын катарына алууну суранам, мен гитлердик каракчыларды партиянын мүчесү деген улуу наам менен талкалагым келет, эгерде курман болсом мени коммунист деп эсептөөңөрдү өтүнөм».

Салгылаштын алдында 22 арыз түшкөн.

Элдүү пункттарды бошотуу жана гитлерчилерге күтүлбөгөн жерден сокку уруу менен биз фашисттердин: «Кызыл Армия талкаланды, советтик тыл кыйрап жатат, өнөр жайлар токтоп, танк жана башка курал-дар жок» деген пропагандасын жалганга чыгардык.

Биз душмандын тылында болгон рейдибизде башынан аягына чейин гитлердик желдеттердин ыплас иштерин жана айбанчылыктарынын издерин көрдүк. Ростов областындагы Киев районунун Первомайск кыштагында колхоздун малын чогултуп, колхозчулардын колу менен өзүнө «чоң бакча уюштуруп» алган немецтик комендант, Чирок хуторундагы кырманга келгенде ага салам берип ордунан турбагандыгы үчүн шапалак менен сабаган. Немецтер түнкү талоондорунун биринде ушул эле хутордун граждандарынын 107 уюн айдап кетишкен. «Индустрия» совхозунда гитлерчилер жумушчулардын жашылчаларын, эгинин, канаттууларын жана малын бүтүндөй тартып алышкан. Н. шаарында 16 жаштан жогорку жаштарды Германияга кулчулукка айдап кетишкен. Бардыгы болуп 4 миңден ашуун адамды айдап кетишкен. Башка шаардан 1500 дөн ашуун адамды айдашкан, алардын көпчүлүгү кыздар. Первомайское жана Верхне-Тарасовка кыштактарында гитлердик баш кесерлер дарга уюштуруп, советтик граждандарды асышкан. Биз шаарга кирип барып 41 коммунистти куткарып калдык, жана немецтик фашисттер миңдеген баш бодо малды айдап кетүүгө үлгүрө алышпады.

Мекендин бизге жүктөгөн милдеттеринин бүткүл жоопкерчилигин түшүнөбүз. Кызыл Армиянын жетишкен ийгиликтерине манчыркабай, бир катар фронттордогу колго алынган демилгелерди бекемдеп, гит-

лерчилерди таптакыр жок кылганга чейин тынымсыз сокку ура берүү керек экенин биз билебиз.

Бул үчүн Ата-Мекендин бизге берген согуш техникаларын толук колдонобуз.

Салгылаштардын аралыгында душманды дагы талкалоо үчүн машыгууларды өткөрүп турабыз.

Биз, Советтик Социалисттик Кыргызстандын эмгекчилери фронтко танктарды, самолётторду, замбиректерди жана башка курал-жарактарды берүүдө бүткүл советтик элдин патриоттук ак ниет кыймылынан калышпайт жана биздин шефтер өздөрүнүн өндүрүштүк белектерин жумшчу-дыйкан Кызыл Армиянын даңктуу юбилейине камдайт деп ишенебиз.

ЭРГЕШ ЧОЛПОНБАЕВДИН КҮЖҮРМӨН ЭРДИГИ ЖӨНҮНДӨ

Биздин бөлүктө силердин жердешиңер Эргеш Чолпонбаев кызмат кылат. Ал Кыргыз ССРинин Талас районундагы Кең Арал сельсоветинде туулган, ал жерде анын энеси Айша Чолпонбаева турат.

Эргеш — комсомол, ал 22 де. Фронттогу биринчи күндөн баштап эле ал өзүн тартиптүү жана эр жүрөк жоокер кылып көрсөттү. Аны бөлүктөгү эң мыкты жоокер катары автоматчылардын подразделениесине которушту. 1945-жылы кышында биздин бөлүк салгылашуу менен 400 километрге жакын аралыкты басып өттү. Бул салгылаштарда Эргеш Чолпонбаев бир нече жолу артыкчылык көргөздү. Анын көрсөткөн эрдиктеринин бирине биздин бөлүктүк күжүрмөн газетанын атайын саны арналды. Макала «Эргеш Чолпонбаевдин чексиз эрдиги» деп аталган.

Жогорку Башкы Командачынын Кызыл Армиянын 27 жылдыгына карата буйругу, жоокерлердин күчүнө күч кошуп, жаңы эрдиктерге шыктандырды. Биздин Кызыл Армиянын майрам күнү Эргеш Чолпонбаев душмандын кошунуна тайманбас жортуул жасады. Душмандын ок аткан чекитин байкап калган эр жүрөк жоокер гитлерчилердин позициясына билинбей жетип барып, гранаталар менен эки солдатты жана станкалык пулемётту жок кылды.

Үчүнчү немец биздин жоокерди качырып сала бергенде, аны Эргеш Чолпонбаев күчтүү колдору менен муунтуп өлтүрдү. Ошентип, кайраттуу жоокер күндүз, душмандын алдыңкы чегинде жалгыз өзү үч гитлерчи менен станкалык пулемётту жок кылды.

Жогорку Башкы Командачынын буйругун кужүрмөн иштери менен аткарып жаткан баатырга даңк!

Эргеш Чолпонбаевдей болгула!

Бул эрдиги үчүн жолдош Чолпонбаев өкмөттүк сыйлыкка көрсөтүлдү.

КЫРГЫЗДЫН УУЛДАРЫ АТА-МЕКЕН ҮЧҮН БОЛГОН УРУШТАРДА. (ФРОНТТОН КЕЛГЕН КАБАРЛАРДАН)

Душмандын 1943-жылы жай айындагы чабуулун талкалоодо мыктылыгы салгылашкандыгы үчүн биздин бөлүк Жогорку Башкы Командачынын алкышын алды. Немецтик-фашисттик баскынчылар менен болгон айыгышкан салгылашууларда Советтик Ата-Мекендин ар-намысы жана көз каранды эместиги үчүн күнөстүү Кыргызстандын уулдары башка бир тууган республикалардын жоокерлери менен бирдикте жан аябай кайраттуу кармашып жатышат.

Июлдагы айыгышкан кармашууларда советтик баатырлар кайраттуулуктун укмуштарын, согуштук чеберчиликтин жана өз Мекенине жандили менен берилип кызмат кылуунун өрнөктөрүн көрсөтүштү. Мына бир нече мисалдар:

Кыргызстандын Үч-Коргон районундагы «3-я пятилетка» артелинин мурдагы колхозчусу кенже сержант Халим Алимбеков өзүнүн отделениеси менен душмандын тылына кирип барып, кол пулемёт менен 20 дан ашуун фрицти жана расчёттору менен душмандын станкалык пулемётун жок кылган.

Фрунзе шаарында иштеген ветеринардык фельдшер, комсомолдун мүчөсү Урмамбетов Айдарбек өзүнүн командири менен кошо душмандын окобуна кирип барып, душманды мылтыгы менен ата баштаган. Мынанын чачырандысы тийип Урмамбетовдун мылтыгы сынат, бирок ал жерде жаткан душмандын мылтыгын ала коюп атууну уланта берет. Ал эми патрондору түгөнгөндө, душманды штык менен жайлай баштайт. Командирди атмак болуп, пистолет менен мээлеп жаткан офицерди жайлап, немецтердин траншеясына секирип түшүп душмандын үч солдатын колго түшүрөт.

Эл турган Н. пункту үчүн болгон салгылаштын учурунда наводчик-солдат Хохлов жарадар болот. Расчёттун экинчи номур комсомолу Солсото Мамбетов аны алмаштырат. Ал беш фрицти ошол эле замат сулатат. Немецтер эр жүрөк пулемётчуну байкап калышат. Мына анын жанынан октор ышкыра баштады. Бир ок Мамбетовдун колун каарып кетти. Ал колу ооруганына чыдабай кыйкырып жиберди, бирок ошол эле замат анын пулемёту кайрадан иштей баштады. Душмандын

огу жоокердин эркин сындыра алган жок. Уруштан кийин гана Мамбетов санитардык бөлүккө барды, бирок бат эле кайра келди.

— Бул эмнең? — деп сурады командир таң калып.

— Пулемётту таштабайм мен,— деди Солто,— жолдошторум менен бирге барууга уруксат бериңиз. Антты бирге бергенбиз, бирге салгылашабыз.

Дагы бир элдүү пункт үчүн болгон урушта чачыранды тийип, бутунан жараланганда командир санитардык бөлүккө барууну Мамбетовго бир нече жолу айтса да, акыры анын өтө эле көктүк менен сурангандыгынан улам, командир аны пулемёттун жанында калтырууга аргасыз болду.

Калган немецтер туш-туштан жабылып келе берди. Фашисттик офицер: «Рус, багын!» деп кыйкырды.

Ротанын парторгу, мурунку куруучу, фрунзелик Яков Иванович Камлюк немецтерди жакын келгенге чейин коё берип, пулемёттон ок жаадырды.

— Коммунисттер, алга! — деп жоокерлерди баштап жөнөдү. Душман артка чегинди.

Камлюк саздак жерден пулемёту менен немецтердин флангасына өтүп, окту мөндүрдөй жаадырды. Аны көздөй душмандын пулемётто-

ИСМАИЛОВА АСИПА — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы санитары. Кыргызстандын үч кызы жана комузчу Айманбетов дегендер менен фронтко ансамблдин составында барып өз ыктыяры менен 8-дивизияда калып калышат. Алар ырдап беришкенде солдаттардын көңүлдөрү ачылып душманды ылдам талкалоого кыжырын кайнатышчу.



АЛЕКСЕЙ ТРОФИМОВИЧ ЛУТОШКИН — гвардиянын старший лейтенанты. 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун взводунун командири.

Азыркы күндө Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районунун Ананьев кыштагында жашайт.



ЖАПАР БАРАКАНОВ — 8-гвардиялык дивизиянын артиллериялык полкунун солдаты. Азыркы убакта Кыргыз ССРинин Кемин районунда согуш комиссары болуп иштейт.



ру ата баштады. Камлюк четке карай эмгектеп жылып барды да сокку берди. Немецтер токтошкон жок. Алар күч топтоп жатышты. Камлюк душмандын оюн түшүнүп алга жылып барды да, фашисттердин төбөсүнө коргошун жаадырды. Бул урушта ал 70 гитлерчини жок кылды. Айыгышкан уруш болуп жатты. Ротанын командири жарадар болду. Комсорг, Токмокто турган жигит Ваня Никифоров командалык кылууну өз колуна алып, жоокерлерди атакага баштап жөнөдү. Урушта билгичтик менен жетекчилик кылып, өзү 12 фашистти жок кылды.

Кыргызстан ЛКСМ БКнын кызматкери, старший лейтенант Вышкребенко да немецтик баскынчылар менен баатырларча салгылашты. Ал согушта курман болду, бирок анын жоокерлери өз командиринин өлүмү үчүн өч алышып, эл жашаган пунктка кирип барышып, андан немецтерди куып чыгышты.

КЫРГЫЗСТАН КП(б) БКнын СОВЕТТИК КЫЗЫЛ АРМИЯДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕРГЕ ЖАЗГАН КАТЫ

Кымбаттуу жолдоштор, жоокерлер жана командирлер! Силердин туугандарыңар, досторуңар жана жердештериңер Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 25 жылдыгына карата күнөстүү Кыргызстандан силерге ысык салам жиберебиз!

Мындан 25 жыл мурда пролетардык гениалдуу стратег В. И. Ленин башында турган большевиктер партиясынын жетекчилиги менен совет эли бактылуу турмушту кура баштады. Биздин өлкө ошол жылдарда ок менен кандын, согуш менен жеңиштин жолун басып өттү. Ал күрөштөрдө күч алып, прогрессивдүү жана эркиндикти сүйгөн бүткүл адамзаттын тиреги болгон күчтүү державага айланды.

Партиянын чакырыгы боюнча өзүнүн ар-намысы, эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн бүт өлкө фашисттик-немецтик баскынчыларга каршы айыгышкан күрөшкө аттанды. Советтер Союзунун башка элдери менен бирдикте, бир тууган орус элинин жардамынын жана большевиктер партиясынын акылман улуттук саясатынын натыйжасында өзүнчө улуттук мамлекет болуп, бактыга жетишкен кыргыз эли да Ата-Мекенди коргоого аттанды.

Кыргыз элинин уулдары революциянын жеңиштерин коргоп, совет жери үчүн фашисттик баскынчыларга каршы бардык фронттордо эр жүрөктүк менен кармашып жатышат.

Биз 8-панфиловдук дивизиянын гвардиячыларынын баатырдык иштери менен сыймыктанабыз. Алардын ичинен көптөгөн жоокерлер, атап айтсак, Шопоков жана башкалар Советтер Союзунун Баатыры деген наамга жана башка өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болушту.

Кыргызстандын фабрикалары менен заводдорунда, шахталары менен рудниктерде, совхоздору менен колхоздорунда фронтко жардам деген ураандын астында күжүрмөн тилек кайнап жатат, жүздөгөн жана миңдеген жумушчулар Октябрь алдындагы социалисттик мелдешке өтүшүп, өз нормаларын эки, үч эсе жана андан ашык аткарышууда. Айыл чарба кызматкерлери колхоз, совхоз талааларында большевиктерче эмгектенишүүдө.

Кыргыз эли Ата-Мекенге болгон сүйүүсүн коргоо фондусун түзүүгө активдүү катышуу менен билдирип жатат. Кыргызстандын эмгекчилери

Ата-Мекенди коргоочулар үчүн 13 миңге жакын узун жана кыска тон, 31 миңден ашык шырыма жана териден жасалган күрмө, шым, 34 миң жуп кийиз өтүк, 44 миң тумак, 500 миңден ашуун дагы башка жылуу кийимдер чогултушту.

Өлкөнү коргоонун фондусуна жана танктык колонналар менен самолёттордун эскадрилияларын курууга 70 миллион сомго жакын накта акча, 26 миллиондон ашык акча облигация түрүндө чогултушту, 61 миң центнер дан жана ун, 103 миң центнер жашылча, 13 миң центнерден ашык эт жана башка айыл чарба азык-түлүктөрү тапшырылды. 120 вагондон ашык белек, Кызыл Армиянын жоокерлери менен Ленинграддын коргоочуларына жөнөтүлдү.

Токтотуу, талкалоо жана артка чегиндирүү —мына ушул ой менен силер фронттордо салгылашып жатасыңар, ушул ой менен биз да тылда жеңишти даярдап жатабыз.

Душман али күчтүү, ал алга жулунуп жатат. Ага биз кайрат жана туруктуулук менен, большевиктик тартип жана уюшкандык менен туруштук беришибиз керек.

Октябрдын 25 жылдыгы фронтто согуштун бурулуш этабы болуш керек. Эгерде өткөн жылдагы ноябрь күндөрү, кышкы күрөштөрдүн түрткүсү катары роль ойносо, быйыл биздин бөлүктөрдүн техникалык жабдылуусу чыңалып, ал эми немецтик баскынчылар менен күрөшүү тажрыйбасы жогорулап калган учурда, биздин алдыбызда андан да чоң мүмкүнчүлүктөр турат.

Биз душманды талкалай алабыз, биз аны акыр-аягына чейин сокууга милдеттүүбүз. Бул үчүн бизде күч бар. Жеңиштин каражаттары биздин колубузда. Немецтик баскынчыларды соккула! Ата-Мекен үчүн алга! Жашасын биздин жеңиш!



Жоокерлер өткөн күндөрдү эскеришет...



Панфиловчулардын-ветерандары (солдон оңго карай). И. В. Старченко, Ш. Усубалиев, С. Эралиев, А. А. Дубинин, С. Жусуев, А. А. Ахметов.

I АТЧАН ЧАЛГЫНЧЫЛАР АРАКЕТТЕ...

Октябрь айынын эң оор күндөрүндө, душмандын эң күчтүү кысымы менен биздин дивизиянын бөлүгү Москваны көздөй артка чегинип жаткан учурда, генерал Панфилов салгылашуунун кайнап турган жеринде болду. Бул жолу кечинде да, ал биздин жаныбыздан чыккан жок.

— Душман менен атышып кетпегиле,— деди генерал мага кыскача буйруп.— Шаховская станциясы менен Княжья Горасында немецтер бар бекен ошону билгиле. Тапшырманы аткаруу убакыты 24.00 саатка чейин.

Түн. Айлана тынч. Кээде гана буттагы кургак кийиз өтүктүн кырчылдаганы, аттардын бышкырганы угулат. Күтпөгөн жерден алды жактан кандайдыр шуу угулду. Ал улам жакындаган сайын катуурак угула баштады... «Немецтер? деген ой кылт эте түштү. Текшерип көрүү керек».

Атчандар демин ичине алып, күтүп калышты. Жарым саат өтпөстөн бир топ адамдар көрүнүштү, алар аскер формасында, айрылган, арыпазган, артында бир топ аттар чегилген араба кире.

— Токтогула! — деп кыйкырдык,— колуңарды көтөргүлө!

— Өзүбүз, өзүбүз! — дешип кыйкырышты тигилер.

Көрсө алар бир топ күндөн бери душмандын курчоосунда болушуп, араңдан зорго Белоруссия тарабынан чегинишип келе жаткан биздин жоокерлер экен. Эми алардын кубанычы чексиз. Токтоого убакыт жок. Алдыны көздөй шашылыш керек.

Калың токой бозоруп, жарык боло баштады. Княжья Гора станциясына беш километр жете бербей, немецтердин бронетранспортёрло-

ру менен беттешип калышат. Алардын кузовасында жыйырмадай автоматчиктер бар экен. Дозордун сигналын так аткарып, биздин отряд аларды тылга карай өткөрүшүүдө. Мен өзүм биздеги бардык болгон «запасыбыз» танкка каршы ыргытылуучу эки гранатаны даярдай баштадым.

Ошол учурда менин карагер атым «Галя» мени түптүз машинаны көздөй алып учту. Ыргыткан граната түптүз кузованын ортосуна түшүп

НУРГАЗИЕВ МУХТАР НУРГАЗИЕВИЧ—8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын артиллериялык полкундагы чалгынчылардын мурдагы командири, гвардиянын старший лейтенанты. Азыр Кыргыз ССР, партиянын Ленин райондук комитетинин аппаратында иштейт.





КАЛИБЕРДИ ЛЕОНИД СЕЛИВЕРИСТОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын атчан чалгынчылар взводунун мурдагы командири, гвардиялык старший лейтенант. Азыркы күндөрдө Кыргызстан ички иштер министерствосунун системасында иштейт. Фрунзе шаарында жашайт.



СТАРЧЕНКО ИВАН ВЛАДИМИРОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы гвардиялык старшинасы. Окдары камдап күнүгө үч ирет алдыңкы чек арадагы солдаттарды тамактандырып, алардын пикирлерин, жетишпегендиктерин орундатып түндө уйкусуз, күндүз тынымсыз, көп иштерди аткарган. Азыр пенсияда, Фрунзе шаарында жашайт.

жарылып, бардыгын жайлады. Жалындаган мотор токтоду, оодарылган кузовада тирүү бирөө да жок болчу...

Мөөнөтүнөн үч саат мурун тапшырманын аткарылгандыгы жөнүндө командирге рапорт бердим да, немецтик китепчелерди жана автоматтарды тапшырдым.

— Түшүнүктүү,— деди ыраазы болгон полктун командири.—Генералга так ушундай деп айтабыз. Немецтер Княжья Горада экен.

... 1941-жыл ноябрь. Алабушево кыштагы үчүн кызуу салгылашуу жүрүп жаткан эле. Немецтер полктун позициясына тынымсыз чабуул коюп турушту. Кечке маал душмандын катуу кысымы астында коңшу токойго чегинүүгө аргасыз болдук. Кечке маал биздин оң жак флан-

ганы коргоп турган 1-батальонго барып, бирдиктүү чегинүү үчүн, убакытты утуу максатында алар контр атакага өтүшсүн деген ооз эки буйрукту жеткирүүгө тийиш элем.


Батальонго өтүүгө аракеттенип бара жатып, эң күчтүү автоматтын Айлана тегеректи байкап көрүп, бул тегеректе батальондун жок экенине көзүм жетти. Ал көрсө чегинип кетишкен экен, мен болсом душмандын курчоосунда калыптырмын. Демек, артка, «Полктун штабын көздөй токтоосуз кетүү керек» деген чечимге келдим. Менин чегинүүчү жолумду тосуп, бет маңдайымда аткылап жаткан автоматчыны, карагайдын артына жашынып туруп эки жолу атып жок кылдым. Бирок сол жана оң жагыман мени аткылай башташты. Ордумду ылдам алмаштырдым. Экинчи автоматчыны жок кылдым, а үчүнчүсү карагайдан секирип түшүп качууга бет алды. Качкан фашисттин кең далысын кароолго алып эки жолу аттым. Немец мүдүрүлүп барып тынчып калды. Артыма карай ылдам чуркадым. Бирок кыштакта киши жок: чегинишкен. Эки немецтик танк күйүп жатат. Кыштактан чыга бериште биздин атактуу бронебойщик жолдош Куреной араң жылып баратыптыр. Бутунан жарадар болгон экен, бирок танкка каршы атчу куралын ташбастан араң сүйрөп келе жатыптыр. Жолдошумду колтуктап полктун кеткен жагына жыла баштадым. Бир аздан кийин күрүлдөгөн танктын табышы угула баштады. Биз буйтап оңтойлуу позицияны алдык. Куреной мага үч патронун берип: «Акыркысы, таамай ат, эгер жаза атсаң анда жакшылыктан үмүт үзгөнүбүз» деп айтты. Мен танкты 50 метрге жакын жиберип аттым, ал ордунда айлана түштү, экинчи жолу аткынымда жалын аралаш көк түтүн бурк этти. Кубанчыбыз чексиз. Куреной экөөбүз кучакташып алып өбүштүк.

Караңгы боло баштады. Арылап жөнөдүк. Коңшу кыштакка басып келбестен, сүйрөлүп араң жеттик. Биринчи жолуккан үйгө кирип, мен жолдошумдун жаратын таңдым. Андан ары жөнөдүк. Бизди атчандар тосуп алышты. Мен Куренойду атка мингиздим да полктун штабына жөнөдүк. Немецтик үч автоматчыны өлтүргөнүмдү, бир танкты талкалаганымды полктун командирине айтып бердим. Ошол эле замат, дайынсыз болуп калган 1-батальон менен артиллеристерди издөө жөнүндө буйрук алдым. Алар менен байланыш жок болуп калган эле. Эртең менен буйрук аткарылды, байланыш жөнгө келтирилди.

...1942-жылдын ызгаардуу февралында биздин батальон немецтердин тылында катуу салгылашты башынан өткөрүп жатты. Батальондун максаты душмандын старорусстук группировкасын бөлүп таштап, немецтер үчүн Демьяновск котелун түзүү болчу. Биз урушуп отуруп 200 километр жол бастык да, немецтерден 250 калк жашаган пункттарды бошоттук.

Биздин гвардиялык полк алдыңкы катарда болгондуктан, атчандар взводу немецтик майда топторду жок кылышып, чалгындоо иштерин активдүү жүргүздү. Операциянын учурунда биздин чалгынчылар тарабынан 150 чамасында немецтер жок кылынды жана бир топ согуштук

Панфиловчулардын ветерандары — 1966-жылы сентябрда Фрунзе шаарындагы № 6-орто мектептин алдында Панфиловго эстелик ачуу жыйналышында. (Солдон оңго карай) Ткачев В. Ф. (панфиловчу), Ахметов А. А. (панфиловчу), Рындин А. Г. (Кыргызстан согуш комиссариатынын саясий бөлүмүнүн башчысы), Калиберда Л. С. (панфиловчу), Старченко И. В. (панфиловчу), Самсалиев С. С. (Республиканын согуш комиссары), Капылов Г. Н. (панфиловчу), Мануйлова О. М. (скульптор).



куралдар, азык-түлүктөр колго түшүрүлдү. Операцияны дем албастан, уйкусуз жүргүзүүгө туура келди.

Дайыма операцияга барарда, взводдун жартысын гана алчумун, калгандарына эс алууга мүмкүндүк берер элем. Алибетте, суук токойдо, кардын үстүндө эс алуу деле анчалык ыракат эмес болчу, бирок күч кубат берчү. Атты бир нече жолу алмаштырып минип, күнү-түнү чалгындоочубуз. Бирок командованиенин буйругун аткарбай калуу деген бизде болчу эмес.

... 1943-жыл май. Старая Русса-Холмдагы коргонуу чегинде бир топ күн туруп калдык. Күндөрдүн биринде мени полктун штабынын начальниги чакырып алды:

— Кеп мындай, жолдош Калиберди, кандай гана болбосун «тил» алып келишиң керек.

АЛЕКСАНДР ИВАНОВИЧ ЧЕРНЫШ — 8-гвардиялык дивизиянын чалгынчылар взводунун командири, гвардиялык старшина. Азыр Кыргызстандын Токмок шаарында бульдозерист болуп иштейт.




МОИСЕЕВ БОРИС ПЕТРОВИЧ, 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын автоматчиктер взводунун командирининмурдагы орун басары, гвардиялык сержант. Азыр Фрунзе шаарында «Киргизгипрострой» институтунда иштейт.





МУРАВЬЕВ ВАСИЛИЙ ЕМЕЛЬЯНОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы катардагы аткычы. Азыр Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районундагы «Новая жизнь» колхозунда иштейт.



ВАСИЛИЙ МИХАЙЛОВИЧ БАБИЧЕВ — старший сержант, 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун автоматчиги. Азыр Чүй геологиялык экспедициясында иштейт.

Операциянын планы бул: өз ыктыяры менен ар кайсы ротадан чогулган жоокерлер, немецтер өтүүгө болбойт деп эсептеген саздан түн ичинде өтүп, Чекуново кыштагынын чет-жакасындагы ДЗОТко жетип, таң алдындагы сигнал боюнча чабуул коюу. Сигнал — (жарык берүүчү ракета) 5,°° да атылыш керек. Биздин сол жана оң тарабыбызда үч километр аралыкта турган чалгындоо отрядынын штурмалык роталары чабуул коюуну уюштурушат.

Турнабай менен карасам караңгыдан улам ДЗОТтун болор болбос карааны, анын нары жагынан тамдар көрүнөт. Айлана жымжырт. Чабуул коё турган убакыт келди деп ойлойм, бирок сигнал жок да жок. Мына саат 5 тен он минута өтүп кетти. Ошол учурда бизге мотордун күрүлдөгөнү угулуп, бир нече солдаты бар эки жүк ташуучу Старая Руссадан Холма жакка багыт алды.

Моторлор өчүп, үстүндөгү солдаттар жерге түшүшүп, жолдун боюна бириндеп таралышты да, эч капарсыз тамеки чеге башташты. Ыңгайлуу учур деген ой кылт дей түштү, даярданууга буйрук бердим.

Автоматтардан эки кезек берип алдык. Көз ачып жумганча автоматчиктердин отделениясы жолго чыгып, сулап жаткан гитлерчилердин өлүктөрүн аралап, тирүү же жарадар болгондорун издедик. Жолдун четинде онтоп жаткан эки фрицти таптык. Эки албеттүү чалгынчы биринчисине асылды, экинчисин мен ийниме арта салдым. Машиналарды күйүүчү май куюлган бөтөлкөлөр менен өрттөп жибердик.

Эми биз токойго жашынууга сазды айланып өтүүгө шаштык. Арадан көп убакыт өтпөй биздин артыбыздан жана оң жагыбыздан немецтер миномёт менен жана танктан ата башташты.

...Күндөрдүн биринде биздин атчан чалгынчылардын взводу полктордун аралыгындагы участокторду кайтарып калдык. Таңга маалкы суук убак болчу. Душман жактагы токойдун четинен ак халат, тумак кийген лыжычан беш караан чыкты. Алар биздин ППШ автомат менен куралданышкан. Топко старший лейтенант жана старшина жетекчилик кылат экен. Аларды курчап куралсыздандырып, старший лейтенантты мага алып келүүнү буюрдум. Старший лейтенант мага сыймыктуу басып келип, таарынгандай мындай деди:

«Мен, аралаш бригаданын өкүлү Григорьевмин, чалгынчылардын жоокерлери менен чалгындап келе жатам», деп удостоверениесин көрсөттү. Чын эле штампы, мөөрү бар. Ишенүүгө болот, бирок лыжылардын боолору жаңы, немецтики экенин байкадым. Мен андан «Орустун лыжысына немецтин боосу кандайча байланып калды?» деп сурадым. Мукактанды. Куралдарын үстөлдүн үстүнө коюуга буйрук бердим. Буюм салган мешогун аңтарсак берүүчү радиостанция жана бир топ шек санатчу буюмдар бар экен.

Сурakта немецтик чалгынчы 9 айлык атайын мектепти бүткөндүгү аныкталды. Анын тобунун максаты биздин тылга өтүп, аскердик күч-төрдүн топтолушуна жана кыймылына көз салуу экен. Кийинки күнү да немецтик үч топ кармалды. Бардыгы болуп жыйырма диверсанттар кармалып, полктун штабына жеткирилди.

II. БИЗДИН ГЕНЕРАЛ

1941-жылдын июль айынын күндөрүнүн биринде мен чакыруу кагазын алып, аскер комиссариатына шашылыш келдим. Ал жерден мага Алма-Ата шаарына жөнөрүбүздү айтышты. Биз адегенде 400 киши элек. Бул адамдарды Пржевальск шаарынан Алма-Ата шаарына чейин баруучу жолдо керектүү нерселер менен жабдуу иши мага тапшырылды.

Ошол учурдагы кире менен Пржевальскийден Алма-Атага жетиш өтө узак эле. Пристанга чейин строй менен жөө келдик. Биздин командада орустар, украиндыктар, татарлар, кыргыздар жана башка улуттардын өкүлдөрү бар эле. Жол бою бардыгыбыз бир ырды ырдадык. Улуу Лениндик партиянын жол башчылыгы астында гүлдөгөн Ата-Мекенибизди, душмандарга тепсетпей сактап калаарыбызга толук ишенимде элек.

Көңүлүбүз куунак болчу. Жолду карай ырдап жүрүп отурдук. Көпчүлүгүбүз мурда чек арада кызмат кылганыбыздан аздыр-көптүр тажрыйбабыз бар эле. Алибетте, 1932—33-жылдардагыдай мен катышкан басмачылар жана чек араны бузган контробандисттер менен болгон согушту—немецтик-фашисттер менен боло турган согушка теңештирүү мүмкүн эмес экенин биз түшүнчүбүз.

Баарыбыздын жүрөгүбүз алып учуп, эртелеп фронтко жетип, душман менен бетме-бет салгылашууга, Ата-Мекенибиздин жүрөгү—Москваны коргоого шаштык.

Алма-Атада бизди 316-дивизиянын командири И. В. Панфилов жана дивизиянын комиссары Егоров тосуп алышты. Бир аз аңгемелешкенден кийин бизди подразделениелерге бөлдү. Биз эч токтоосуз согуш өнөрүнө машыгып жана саясий даярдыктарды өтө баштадык. Машыгуулар өтө кылдаттык жана зор кызыгуу менен өтүп жатты.

Генерал-майор И. В. Панфилов жана Кыргызстан КП ВКнин секретары А. Рысмендеев (булгаары тужуркечен) Ош областтык согуш комиссариатындагы офицерлер менен аскерге чакырылуучулардын арасында. Ош областынын Куршаб кыштагы. 1941-жыл июль.





ПРОКОПИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ АНИЩЕНКО — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун пулемёттор ротасынын старшинасы. Азыр пенсионер, Фрунзе шаарында турат.



СМАГЛЮК АЛЕКСЕЙ МИНИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын сержанты. Азыр Ысык-Көл районундагы Долинка селосунда, «Новая путь» колхозунда мал доктору болуп иштейт.

И. В. Панфилов чалгындоо отрядына жоокерлерди тандап алууда өзгөчө кылдаттык менен иштеди. Ал отрядга жетекчилик кылуу милдетин мага тапшырды. Чалгынчылардын арасына келгенде ал чын жүрөгү, чын дили менен аңгемелешер эле. Ал ар бир жоокердин ичиндеги сырын тартууга жана ой-максатын билүүгө аракеттенчү. Биздин чалгынчылардын самаганы, эртерээк эле душман менен беттешип, аларды талкалоо болчу. Кээде бул оюбузду жашырбай И. В. Панфиловго түз эле айтып салчубуз. Ал: «каргыш тийген душманды аёосуз талкалоо үчүн, адегенде Казахстандын талаасында согуш адистигине мыкты такшалгыла. Эсиңерде болсун, чалгынчы, бул подразделениенин көзү жана кулагы, алар ар дайым сезгич, чечкиндүү жана чынчыл болушу керек» дээр эле.

Бир күнү И. В. Панфилов биздин взвод жайгашкан жерге келди. Мен взвод эмне иш аткарып жаткандыгы жөнүндө кыскача рапорт бердим. Ал жоокерлер менен саламдашты да, аттарга тез ээр токууга, взводду жөө стройго тургузууга буйруду. Генералдын буйругу өтө ылдам аткарылды. Бирок генерал, бир чалгынчы шашып басмайылды бош



ВАСИЛИЙ АЛЕКСЕЕВИЧ ГОСТЕВ—8-гвардиялык дивизиянын чалгынчылар взводунун командири, кенже лейтенант.
Азыр Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районундагы «1-Май» колхозунда эмгектенет.



АЛЕКСАНДР ИЛЬИЧ ШЕРЕМЕТОВ—8-гвардиялык дивизиянын катардагы жоокери.
Азыр Фрунзе шаарында жыгач уста болуп иштейт.

тартып койгонун байкап калыптыр. Жоокерге он кадам алга чыгууга буйруду. Жоокер чыкты. Ошол замат атына минүүгө кайра буйрук берди. Жоокер атка мине баштаганда, ээр аттын капталына оор калды. Биз менен болгон аңгемелешүүлөрүндө ээрди туура токуу жөнүндө көп эскертчү. Туура токубоонун натыйжасында жоокер мерт болуп калууга мүмкүн экендигин айтчу, мага болсо көбүрөөк машыктыруу жөнүндө кеңеш берди. «Чалгынчылар, өзгөчө, атчан чалгынчылар бардык жагынан чечкиндүү жана шамдагай болуш керек» деп И. В. Панфилов ар дайым баса айтаар эле. — Анткени, алар душман менен көбүрөөк кездешет, окко көбүрөөк дуушар болушат, ошондуктан атчан чалгынчы атка чебер жүрүп, куралды жакшы пайдалана билүү керек, антпесе, ал жакшы чалгынчы боло албайт. Ал ошондой эле Ата-Мекенге бирото берилүүгө жана душманга аёсуз болууга тийиш.

Генерал-майор биздин дивизияны түзүүдө, аны согушка даярдоодо жөнөкөй катардагы жоокерден баштап взвод, рота, батальон, аягы бүткүл полкко чейин өзү жетекчилик кылды. Айыгышкан согуштарда атак-даңкка ээ болгон биздин дивизияны Панфилов өзү чыңдаган. Согуш жүрүп жаткан учурда да, бизди, чалгынчыларды ал унуткан жок.

Мындай бир окуя эсимде: жолдош Карпов жетекчилик кылган биздин коңшу полк душмандын күчтүү кысымынын натыйжасында артка чегинүүгө аргасыз болду, мунун натыйжасында фланг ачылып, бизге коркунуч туулду. Ошентип биздин полк эң оор абалда калды. Күнү бою душмандын атакаларына тынымсыз сокку берип турдук. Подразделениялярда байланыш тез-тез бузулуп тургандыктан, салгылашуунун аягына чейин атчан чабармандар аркылуу байланыш түзүп турдук. Өз ара жардамдашып туруунун натыйжасында душмандын тогуз жолку, кээ бир участоктордо андан да көбүрөөк чабуулуна сокку берип, немецтерди көп жоготууга учуратып, чегинүүгө аргасыз кылдык.

Салгылашуунун кызуу жүрүп жаткан учурунда биздин полктун штабына генерал Панфилов келди. Күн кеч болуп калган. Мени штабга чакырышты. Иван Васильевич мени менен мээримдүү атача учурашып, чалгынчылар жөнүндө жана бүгүнкү салгылашуу жөнүндө сурады. Мен бардыгы жөнүндө кыскача жооп бердим.

Генерал планшеттен картасын алып, дивизиянын штабы кечинде жайгаша турган жерин көргөзүп:—түз токойдун арасындагы жалгыз

Ата-Мекендик согуштун ветерандары, Панфилов дивизиясынын күжүрмөн жоокерлери. Бул урматтуу адамдар Ош областынын Ленин районунда турушат. (Солдон оңго карай) Абдырахманов Назар. Эшбаев Сабыржан. Умаралиев Арапбай. Усенов Исмаил. Жолдошов Сипбай.



аяк жол менен өткөрө аларымды сурады. Караңгы экенине карабастан картанын жардамы менен түптүз дивизиянын штабына жеттик. Ал жерден мени жана ат баккыч Михайловскийди тамактандырышты. Анан генерал турган үйгө кирдим. Мага картаны пайдалана билгениме ыраамат айтып, полктун командирине алып барууга пакет тапшырып, кетүүгө уруксат берди. Узатып чыкканда, немецтерге кезигип калбагыла, сак болгун, алар фланг аркылуу биздин коргонууга сарыгып өтүп калышты,—деп эскертти.

ЧУНИХИН ИВАН АЛЕКСАНДРОВИЧ— Иван Васильевич Панфиловдун шофёру. Генерал И. В. Панфиловду канча жолу кылдаттык менен алып жүрдү. Анын ондогон согуштук буйруктарын аткарган. Азыркы убакытта Фрунзе шаарында жашайт.





АЛЕКСАНДР ВАСИЛЬЕВИЧ ПОЛУКАРОВ—8-гвардиялык дивизиянын артиллеристтик полктун катардагы пулеметчиги. Азыр Кыргызстандын Кемин районунда турат.



ЗЮЗИН НИКОЛАЙ ПАВЛОВИЧ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы пулемёттук взводдун командири. Азыр Фрунзе шаарында таксомотордук автобазада иштейт.

Полкко эч кырсыксыз кайтып келип, полктун командирине пакетти тапшырып, толук баяндама бердим.

Эртең менен немецтер эң көп жоготууга учурап, бир топ аралыкка сүрүлүп таштalды. Биздин полктун коргонуу позициясы толугу менен өз калыбына келтирилди. Немецтер көп жоготуулардан кийин эки сутка жаңы күч топтоо иши менен алек болуп калышты. Ошол учурдан пайдаланып биздин подразделениелер күч жыйнап, кадимки согуштук тартипке келтирилди жана биз жайгашкан районду эки жума бою душмандан коргоду. Андан башка биздин коңшу полктор да өз калыбына келип, аракет кылууга киришишти жана Кашино, Выгород, Берегино, Пешкино жана башка кыштактарга жайгашышты. Биздин бөлүктөр контр атакага өтүштү. Бул контратакалардан немецтер узакка эстерин жыя албай калышты. Мунун натыйжасында биздин бөлүккө уюшкандык менен артка, жаңы коргонуу чегине жылууга жакшы өбөлгө түзүлдү.

Өзгөчө кан төгүлгөн катуу салгылашуулар Волоколамск шаары үчүн болду. Душмандар бул шаарды алуу үчүн моторлоштурулган жөө аскерлерден, танктардан, авиациядан турган зор күчүн жумшады. Бирок аларга 314-жөө аскердик аткычтар дивизиясынын жоокерлери менен командирлеринин эр жүрөктүүлүгү, тайманбастыгы каршы турду.

Биздин генерал Иван Васильевич Панфилов өзүнүн туруктуулугу, тайманбастыгы менен душманга кандай сокку берүүнүн үлгүсүн көрсөттү.

Волоколамск шаары үчүн болуп жаткан салгылашуунун учурунда полктун командири жолдош Шехтман мени чакырып алып, кандай кыйынчылык болсо да коңшу полк менен байланышып, кырдаалды билүүгө буйрук берди. Командирдин буйругун аткаруу үчүн ат багуучу Михайловский экөөбүз атка ыргып минип сол флангадагы коңшу полкту көздөй чаап жөнөдүк. Волоколамск—Москва шоссесине чыкканыбызда жолдун так ортосунан шаарга жакын кыштактын четиндеги шоссе жолдо турган эки адамды көрдүк. Жакын келгенимде И. В. Панфилов менен саясий бөлүмдүн начальниги экенин тааныдым.

Кайда жана кандай тапшырма менен бара жатканыбыз жөнүндө генералга рапорт бердим. Ал аттарды ат баккычка тапшырып, жакын жердеги сарайга коюп кайра өзүнө ылдам келүүнү буйруду. Мен анын буйругун дароо аткардым. Генерал Панфилов үч кабат мектептин имаратын көрсөтүп, ал жерде өзүнө керектүү полктун штабы болуу керектигин айтты. Генерал мага биринчи туш келген жөө аскерди берди да, аны менен бирге мектепке чейин коо менен ылдам жетип: эгерде полктун штабы дагы аерде болсо кырдаалды так алып, өзүнө келүүнү буюрду.

Ошол учурда Волоколамск шаарында согуш кызуу жүрүп, шаар күйүк жыттанып, снаряддар, бомбалар жарылып, жарадар кишилердин кыйкырганы, аттардын кишенегендери угулуп, алаамат болуп жаткан эле. Жоокер Гаврилов менен бирге, мектепке тез жетип, аны эшик алдына калтырып, үч кабатын бүт карап чыктым. Бирок эч кимдин дайны билинбейт. Төмөн түшсөм жоокер Гаврилов өлүп жатат. 80—100 метрче чуркап барып, талкаланган үйдүн түбүнө көмкөрөмөн жаттым. Аңгыча коркунучтуу жарылуунун үнү кулагымды жарып жиберди. Мен барган мектепке самолёттон бомба түштү. Мен дагы ары чуркадым. Генерал Панфиловду таптым да, кырдаалды айта баштадым. Ал мени жарадар болгон жоксуңбу деп сурады. Ал планшетинен өзүнүн картасын алып, менин картама коңшу подразделениенин жайгашкан жерин так көчүрүп, полкко барууга уруксат берди. Бул картаны мен И. В. Панфилов өлгөндөн кийин да көпкө сактадым. Биздин генералдын буйругун аткаруу мен үчүн чоң сыймык болчу.

Кызмат абалым боюнча генерал-майор И. В. Панфилов менен көп кезигишчүмүн. Ал дивизиянын чалгынчыларынын партиялык чогулушуна, кеңешмелерине, инструкциялык сабактарына дайыма катышчу. Дем алуу убагында чалгынчыларга ар дайым бир нерселерди айтып же сурап билүүгө аракет кылчу. Генерал Панфилов душмандын начардыгы жөнүндө эч качан эчтеме айтчу эмес. Ал бардык кырдаалды туура баалаган адам болчу. Ал ошондой эле жоопкердик тартипти бузгандарга,



ПУЗЫРЕВСКИЙ КОНСТАНТИН АЛЕКСАНДРОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы пулеметчиги, гвардиянын кенже сержанты.
Согуштан кийинки күндөрдө Фрунзедеги орус драмтеатрында иштеген.



ПОНКРАТОВ ВАСИЛИЙ АЛЕКСЕЕВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы катардагы зенитчиги.
Акыркы убакытта Фрунзе шаарында жашайт.

коркокторго элдешпес мамиле жасоочу. Чынчыл, эр жүрөк жоокерлерди, командирлерди чын жүрөгүнөн урматтоочу жана алар менен берилип сүйлөшүп, кеңешүүдөн эч качан баш тартчу эмес.

Генерал кээде түз эле жоокерлердин казанынан бирге тамактанчу. Ушул убакта ал:

«Жалпы жоокердик ашканада даярдалган тамак таттуу болот, а, эгер, жоокер өз котелогунда даярдаса андан да даамдуу болот. Ошондуктан ар бир жоокер өзү даярдай билиш керек. Согушта дайыма эле ашкана боло бербейт» дээр эле.

Анын адамкерчилиги жана жөнөкөйлүгү чоң сыйга ээ болду. Биз, панфиловчулар, анын кандай гана буйругу болбосун аткарууга даяр болчубуз. Кай жерде салгылашуу оор болсо, генерал Панфилов да ошол жерде боло турган.

28 баатыр-панфиловчулардын эрдиги дагы жана дагы эске түшө берет. Согуш болордун так алдында Дубосеково разъездинин жанындагы кырдаалды чалгындоого менин взводумдун үлүшүнө туура келди. Тапшырманы аткарып жаткан учурда, разъездге келип калган эки танк менен бизди атышты. Кайра келип, мен чалгындоонун натыйжасын айтып бердим. Ошол танктарды жок кылуу үчүн бир топ панфиловчулар жиберилди. Аларга Дубосеководо бекем турууга буйрук берилди. Анткени, ал биздин дивизиянын бөлүктөрүнүн чегинүү жолунда турган эле. Немецтик командование биздин дивизиянын чегинишине тоскоолдук кылуу үчүн көп сандаган танктарын жибериштн.

Биздин взвод батальондордун ортосунда душмандарга байкоо жүргүзүп жана өтүүчү жерди коргоп турушту. Атчан чалгынчылар Ушаков, Иваненко, Кочнич, Михайловский, Косиков, Беспалов, Симиволос жана башкалар взводдун саясий жетекчиси Дагадаев менен немецтердин жатагына жакын келишип, бир топ фашисттерди жок кылдык. Биздин

ВЛАДИМИР ЕФИМОВИЧ ВЛАСЕНКО — 8-гвардиялык дивизиянын ротасынын капитан командири. Азыр Казак ССРинин Курдай районундагы «Казсельхозтехникасында» магазиндин директору болуп иштейт.



ШАКИН ИВАН ФЕДОРОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы медициналык старшинасы. Азыр Фрунзе шаарында жыгач уста болуп иштейт.





ДУБИНИН АЛЕКСЕЙ АЛЕКСЕЕВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын пулемётчиктер взводунун мурдагы командири, гвардиянын старший лейтенанты. Анын пулемёттук взводу далай фашисттерди чалгы менен чапкандай сулаткан. Азыр Фрунзе шаарында жашайт, пенсияда.



ЧЕПЕНКО ВАСИЛИЙ ИЛЛАРИОНОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын байланыш батальонунун жабдуу боюнча мурдагы начальниги, гвардиянын лейтенанты. Азыр Фрунзе шаарындагы 20-ашкананын директору.

рок бул санга биз ыраазы болгонубуз жок. Дагы көбүрөөк өлтүрүүгө умтулчубуз. Уюштурулуп жаткан жаңы операция жөнүндө угуп, бул ишти мага берүүнү сурадым. Кырк кишиден түзүлгөн отрядга бир бөлүктөн турган миномётчиктерди кошуп берди. Аябай катуу даярдангандан кийин өзүмө атчан чалгынчы Кочкинди кошуп, токой аркылуу Чикуново кыштагына багыт алдым. Таңга маал биз максатыбызга жеттик. Төрт немецти тирүүлөй алып, 2 замбиректи, 30 дай солдаты менен 8 автомашинаны жок кылып, артка тарттык. Бизден эки жоокер кайткан жок. Өзүм болсо ошол салгылашууда контузия болдум.

Генерал-майор И. В. Панфилов башкарган дивизия ар улуттан уюшулган эле.

Биздин даңктуу жаштарга:—силер тынч жашап, окуп, эмгектенишиңер үчүн атаңар күчүн да, өмүрүн да аяшкан жок! Өзүңөрдүн атаңардын, агаңардын эрдигине татыктуу болуп, алардын даңкына даңк кошкула!—деп айткым келет.

Л. С. Калиберда.—Гвардиялык аткычтар полкунун атчан чалгынчылар взводунун командири.

Фрунзе шаарында жашоочу панфиловчу ветерандардын шаардагы пионерлер менен жолугушуусу. 1966-жыл сентябрь.



ТЕМИРКУЛ УМЕТАЛИЕВ —
гвардиячы — акын.



Темиркул Уметалиев

ГЕНЕРАЛ ПАНФИЛОВГО

Өлүмдөн башын тартпаган,
Өлөмүн деп айтпаган,
Кыйланы бузар чабыштан
Кыргын салбай кайтпаган.
Кыргыздан жайнап кол алдың
Кыраандарды мол алдың.

Айтканыңды айткандай
Тайманбастан жүргүздүң,
Отко куурай жаккандай
Жоонун танкын күйгүздүң.
Сойлой түшүп урганың
Сулаттың бери жылганын.

Кыйындыкты бир көргөн
Эл эми сени унутпайт.
Жеңиштен кийин гүл өнгөн
Жер эми сени унутпайт.
Арман жок, баатыр Генерал,
Асылды сүйгөн эл аман!

МЕНИН ЖОЛДОШТОРУМ— БАЙЛАНЫШТЫРУУЧУЛАР ЖӨНҮНДӨ

Биз жаш элек. 18—19 жашта болчубуз. 1943-жылы жаз Алма-Атага эрте келди. Алмалар гүлдөп турган учур. Гүл жыты аңкыйт. Бирок адамдар табихаттын бул кооздугун сезбегендей сыяктанышат. Согуш алып келген оор кайгы басымдуу болчу. Шаардын чет-жакасында окоп казып, чуркап, мылтык атып, күнү-түнү согуш өнөрүнө машыгуудабыз. Бизди фронтко жөнөтүүгө даярдап жатышты.

Жөнөөрдүн алдында бизге, атактуу Панфилов атындагы гвардиялык дивизияга кошуларыбызды айтканда, тоодой кубаныч, сыймыкка бөлөндүк.

...Дивизия Холм деген шаардын жанында турган экен. Биз жаңы келгендер — панфиловчулардын көкүрөгүндөгү гвардиялык значокторго, ордендерге, медалдарга кызыгып карайбыз.

Тылда машыгып жүргөнүбүздө бизди пулемётчулар дешчү, эмнегедир бул жерге келгенде мени бир топ жолдоштурум менен артиллериялык полкко байланыштыруучу кылып жиберишти.

Алдыңкы катарда кан төгүшкөн уруш болуп жатты. Фронттун алдыңкы линиясы колдон колго өтүп турду. Биздин байланыштыруучулар согуштун биринчи эле күнүндө, дивизиондун штабына чабуул койгон немецтерди гранаталар менен мизин кайтарууга туура келди. Көпкө узабастан абал кескин өзгөрүлдү. Гвардиячылар немецтерди кууп чыгып, коргонуунун биринчи линиясын ээлеп, ал жерде бекем орношуп калышты.

Жөө аскерлер менен бирге байланыштыруучулар да алдыңкы катарга жайгашышты. Биз телефондук байланышты тез эле калыбына келтирдик. Бирок көпкө узабастан кезектеги артиллериялык атуулардан кийин КП менен НП дивизионунун арасындагы телефон байланышы үзүлгөндүгү аныкталды.


Мен тажрыйбалуу байланыштыруучу А. Мырзаканов менен бирге бузулган жерди калыбына келтириш үчүн жөнөдүм. Боорубуз менен жылып аздан кээде дем алып, зымдарды колубуз менен кармалап, үзүлгөн жерин издеп жүрүп отурдук. Акыры үзүлгөн жерин таптык, байланыш калыбына келди. Суу болуп, чарчап, бирок ишибиздин на-

ГОНЧОРОВ АЛЕКСЕЙ ПЕТРОВИЧ— 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын 27-артиллериялык полктун радио байланышы боюнча командирининмурдагы орун басары, гвардиянын майору. Азыр Сорочинска шаарындагы 7-мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы.



ТКАЧЕВ ВАСИЛИЙ ФЕДОРОВИЧ— 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын полктук байланышынын начальниги, гвардиянын капитаны. Айрыкча биздин бөлүктөрдүн чабуулунда взводдорду, роталарды жана батальондорду аткычтар полку менен үзгүлтүксүз байланыштырып турду. Азыр Кыргыз республикасынын Кант районунда Куйбышев атындагы колхоздун мүчөсү.





БЕККУЛУЕВ ОСУ—8-гвардиялык дивизиясынын артиллерия полкундагы катардагы солдат, байланыштыруучу. Өлөр-тирилерин билбей телефондук зымдын ящигин көтөрө чуркап жүргөн жаш бала эле. Ушул күндө Кыргызстандын Совет районундагы Кызыл-Жар оорукана-сында иштейт.

тыйжасына ыраазы болуп блиндажга келдик. Бул менин линияга биринчи чыгышым эле.

Алымкан Мырзаканов, 1942-жылы панфиловдук дивизия душмандын терең тылына кирип барышканда, биздин байланыштыруучулардын кандайча салгылашканын көп айтып берер эле.


Байланышты замбиректен, кээде миномёттон жана автоматтан ок мөндүрдөй жаап турганда оңдоого туура келчү. Кээде адам өтө алгыс сормо сазды өтүп, же күндүн суугунда тизеге чейин суу кечип, байланышты камсыз кылышчу. Душмандын тылындагы дивизия дайыма аракетте болчу. Ошондуктан байланыштыруучулар күн-түн дебей тынымсыз иштөөгө туура келчү.

Биринчи класстагы байланыштыруучу гвардиянын старший сержанты А. Мырзаканов эр жүрөктүүлүктүн үлгүсүн бир нече жолу көргөздү.

ОРМОНБЕК ТУРДАЛИЕВ — 8-гвардиялык дивизиясынын артиллерия полкунун байланыштыруучусу. Курляндия жарым аралынын былкылдаган саздуу токойлорунун арасында далай убактарда сууну кечип бөлүктөрдүн байланышын камсыз кылган. Согуштан кийинки убактарда Кыргызстандын Талас районунда турган.



ФИЛАРЕТ СЕРГЕЕВИЧ ПОПОВ— 8-гвардиялык дивизиянын штабындагы катардагы гвардиялык байланыштыруучусу. Азыр Кыргыз ССРинин Куйбышев колхозунда иштейт.



Өз жанын аябастан мөндүрдөй жааган октун алдында байланышты калыбына нечен жолу келтирген.

Кезектеги салгылашууда биздин эр жүрөк жердешибиз, байланыштыруучу Алымкан Мырзаканов душмандын снарядынан курман болду. Панфиловчулардын бирдиктүү үй-бүлөсүндө, нечен жолу эрдик көрсөткөн байланыштыруучу Осу Беккулуев да бар эле. Ал уруштарда далай жолу өзүн көрсөткөн. Новосокольники шаарынын жанындагы оор күндөрдө ал батареялар үзгүлтүксүз байланышып турушун камсыз кылган.

1944-жылдын башы ченде, Насва станциясында айыгышкан уруш болуп жатты. Биз, Беккулуев экөөбүз, темир жолдун кырдалган топурагынан кичинекей үңкүр казып алып, ошого жайгаштык. Уруш бир аз тынчый калганда биз ошол жерде эс алчубуз. КП жана

КИРЬЯНОВ ИВАН ИВАНОВИЧ— 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын радио станциясынын мурдагы начальниги, гвардиянын старший сержанты. Азыр Фрунзе шаарында курулуш керек-жарактарын чыгаруучу заводдун жабдуу боюнча начальниги.



ГРИГОРИЙ ПАВЛОВИЧ ЧЕРНЫШЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун пулемётчиги, гвардиялык сержант. Азыр Кыргыз ССРиндеги Чүй районунун токой чарбасында иштейт.





СУЛТАНАЛИЕВ ШЕЙШЕН — 8-гвардиялык дивизиянын байланыштыруучусу. Панфиловчулардын кыргыз элине жазган каттарынын ичинде Шейшендин ысмы чыкпай калчу эмес. 1942-жылы Фрунзеге келген делегациянын составында болуп аскердик далай турмуштарды элге айтып берген.



ГУРБА СЕМЕН ЯКОВЛЕВИЧ — 8-гвардиялык дивизиянын катардагы байланыштыруучусу. Азыркы убакта Кыргызстандын Жети-Өгүз районундагы Шевченко атындагы колхоздун мүчөсү.



ФЕДОР МАЛАФЕЕВИЧ НАЗАРОВ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясындагы, артиллериялык полктун байланыштыруучусу, гвардиянын сержанты. Азыр пенсияда. Пржевальский шаарында турат.

НП дивизиондордун аралыгындагы биз жүргүзгөн телефон линиясы душмандын снаряддарынын түз тийгенинен тынымсыз үзүлө берчү.

Бир жолу кезектеги үзүлүүдөн кийин Беккулуев экөөбүз телефон сымын алып алга чуркадык. Үзүлгөн жерин төз эле таап уладык да, кайра артка жөнөдүк. Жаңы эле траншеяга кирерде, бизди жерди солкулдаткан катуу жарылуу ыргытып жиберди да, тоңгон топурак басып калды. Биздин траншейге бир метр жетпей немецтик мина жарылган экен. Биз колубузду, бутубузду кыймылдатып көрүп, тирүү калганыбызга көпкө чейин ишенгенибиз жок... Акыры өзүбүздүн байланыштыруучуларга чуркап жеткенибиз эсимде.

Биз байланышты калыбына келтирип жүргөндө немецтик снаряд менин үңкүрүмө түз тийип жарылыптыр. Үңкүрдө калган буюмдар салынган мешоктор да жок болгон экен. Анда менин «лимонки» деген кол гранаталарым, патрондорум, наным бар эле. Ошол эле снаряддын чачырандысы биздин үңкүргө жакын жердеги Гальченко деген байланыштыруучуну жарадар кылыптыр.

...Көпкө узабастан жер менен жер болуп калган Насва станциясын бошотуп, андан ары жөнөдүк.

1944-жылдын марты да эсимде. Панфиловчулар Великий суусундагы немецтердин коргонуусун талкалап, анын оң жээгиндеги плацдармды кеңейтүүгө аракет кылды.

Бул салгылашууларда биздин гвардиячылар теңдеши жок эрдиктерди көрсөтүштү. Аскерлердин бардык түрлөрүнүн байкоо жүргүзчү пункттарын немецтер тартып алган, мына ошол Безымянной дөбөсүнө жайгашкан болчу. Ошол дөбөчө үчүн болгон урушта биздин көп гвардиячылар курман болушту. Беккулуев экөөбүз телефондун линиясын оңдоп, ошол дөбөчөгө далай жолу чыкканбыз. Буерде Беккулуевдин бутуна чачыранды тийип буту жарадар болду, ал госпиталга жөнөтүлдү. Эр жүрөк байланыштыруучу Беккулуев Өзгөн районундагы Каип-Тап селолук магазининде сатуучу болуп иштейт.

Аскердик милдетин ак ниет аткарган артиллериялык дивизиондун экинчи бир байланыштыруучусу Ормонбек Турдалиев да азыр Таласта-гы бут кийим тигүү фабрикасынын директору болуп иштейт.

1945-жылдын март айында биздин дивизия Курляндиянын токойлуу, саздуу жерлеринде эң оор уруштарда О. Турдалиев өзүнүн баатырдыгы жана билгичтиги менен айырмаланды. Уруштун эң оор учурларында Турдалиев душманды талкалап жаткан полктун артиллеристтерин чебердик менен байланыштырып турду. О. Турдалиев бир нече күжүрмөн ордендер жана медалдар менен сыйланды.

Мен өзүмдүн фронттук жолдошторум менен сыймыктанам.

Ата-Мекендик согушка арналган «Кызыл күн» аттуу повестимди жазып жатканда, панфиловчу-досторум—Алымкан Мырзакановдун, Осу Беккулуевдин, Ормонбек Турдалиевдин жана башкалардын элестери көз алдыма келип турду. Алар менин повестимдин каармандарынын прототиптери болушту.

Соронбай Жусуев

Панфилов атындагы артиллериялык полктун
8-гвардиялык дивизиянын мурдагы
байланыштыруучусу.

ЧАПАЕВ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ


Биздин батальон Волоколамск шоссесиндеги тынымсыз катуу салгылашуудан алсызгандан кийин, 1941-жылы ноябрдын орто ченинде Авдотьево кыштагын коргоого алды.

Ошол оор күндөрдүн биринде биздин батальонго 120 кишиден турган жаңы толуктоо келди. Алардын көпчүлүгү согуш ишине даярдыгы жок, мындайча айтканда, дарынын жытын билбеген эмелер болчу.

Ал күнү немецтер тынчып калышты. Биз көптөн бери жуунбагандыгыбыздан, батальондун командири мончону ысытып, жууныуга уруксат берди. Адегенде бардыгы ойдогудай болду. Ар бир взвод кезек менен кароолдо турушту, а башкалары жайбаракат жуунуп жатышты. Бизге да кезек келди. Жаңы эле жууна баштаганыбызда солдат Прокофьев: «Старшина, немецтердин алты танкы Голубцово кыштагы тараптан келе жатат!»—деп кыйкырды. Тез кийинип алып чуркап чыктык. Бирок биздин алдыңкы линияны немецтер бөлүп салышыптыр. Биз колхоздун темир устакана жана анын жанындагы курулуштарга жашынып алып, немецтер менен беттешүүгө даярдандык. Бизде күйгүзүүчү бөтөлкөлөр, танкка каршы ыргытуучу гранаталар аз болчу. Алар отуз гана чамасында эле, алардан үч бөлүк кылып байладык. Дагы он алты гранатаны жоокерлерге таратып бердик.

Бардыгыбыз айланта коргонууга даяр болгондо, мага сержант Куликов чуркап келип, мындай деди: «Немецтик танк биздин сарайдын жанына келип токтоп калды». Биз сержант Куликовду сарайдын чатырына чыгардык, ал акырындык менен билгизбей танктын тушундагы чатырдын четин ачты. Көпкө күткөн жокпуз.

Аңгыча танктын люгу ачылып, андан немец көрүндү. Даяр турган Куликов ошол замат бир таңгак гранатаны ачык турган люкту көздөй



ЯКОВ ТИМОФЕЕВИЧ СОКОЛОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы 45 мм замбиректин замковою. Азыр пенсионер, Кыргыз ССРинин Московский районундагы Беловодск кыштагында турат.

ыргытты. Укмуштуудай жарылуу үнү угулду. Биринчи танк иштен чыкты. Экинчи танк үйүлгөн самандын жанына келип токтогондо Кузнецов талкалады.

Күзгү күүгүм кире баштады. Душмандын танктары кыштактын жанындагы дөбөчөгө токтошуп, үйлөрдү, үйүлгөн самандарды аткылап өрттөй баштады. Биздин сарайдын артында, боолонуп жыйналбай калган загырдын боолору бар эле да, андан ары Строково кыштагына чейин созулган жар бар болуучу. Мен старший болгондугуман, ал жерде биздикилер бар же жогун аныктап, аларга кырдаалды түшүндүрүү жана эгерде чегинүүгө уруксат кылса, кызыл же жашыл ракета менен сигнал берүү тапшырмасы менен эки жоокерди жибердим. Бир саатка жетпестен Строководон сигнал беришти. Мен артка чегинүүгө буйрук

бердим. Жоокерлер боолордун арасы менен боортоктоп жарга карай жылып жөнөшү. Алардын чегинүүсүн мен, Боровиков, Прокофьев жана сержант Куликов душмандан далдаалап турдук. Немецтер биз тургандай сарайды атканча алар узап кетишти. Биз да чегине баштадык. Бирок немецтер бизди байкап калышып, пулемёт менен жардын өзүн ата башташты. Мен колумдан жарадар болдум. Жарга түшүп, анын ичи менен Строкового жеттик.

Дагы бир күнү лейтенант Солдатов Ильинское кыштагында турган көчүп жүрүү ашканасына жиберди. Биздин ашканабызды немецтик артиллерия талкалап салган. Мени менен болуп беш солдат жөнөдүк. Эки километр өтпөстөн жолдун боюнан «Артка!» деп орусча берилген буйрук угулду. Карасак бизди көздөй советтик офицер чуркап келе жатат. Көрсө биздин дивизия 122 мм замбиректери менен немецтерге ок жаадырып жатыптыр, биз болсок өзүбүздүн октун астында калып кала жаздаптырбыз. Бизге артиллериянын гвардия капитаны келип мындай деди: «Жолдоштор, биздин снаряддар түгөнүп баратат. Эми жаңы чекке чегинишибиз керек. Силер менин солдаттарым менен бизден сол флангабызды коргогула». Артиллерия токойго кирип көрүнбөй калганда мен сержанттан: «Бул 316-дивизиянын дивизионубу?» деп сурадым.— «Жок» деп жооп берди ал.— Биз башкы командованиенин резервибиз, дивизионго Василий Иванович Чапаевдин уулу капитан А. В. Чапаев командалык кылат».

Бул сөздү укканда эмнегедир кубанычта боло түштүм. «Демек, Чапаев тирүү экен да»,— деп ойлодум.

Оор күндөрдө мен дайыма Чапаевдин баатырдык иштерин жана анын уулу эр жүрөк капитан Чапаевди эстегенде дайыма жеңилдей түшөөр элем.

Илларион Сотников.
Аткычтар полкунун 3-батальонунун мурдагы гвардия старшинасы

МЕНИН ЖЕРДЕШТЕРИМ

Иван Васильевич Панфиловду биринчи жолу мен 1939-жылы Кыргызстандын КП Борбордук Комитетинин бюросунда жолуктурдум. Ал допризывниктерди даярдоо ишинин жүрүшү жөнүндө доклад жасаган болчу. Төшүнө согуштук Кызыл Туу орден тагынган, аскерче тыкан кийинген, орто бойлуу адам эле.

Ал республикадагы жаштарды советтик армиянын катарына кызмат кылууга даярдап жаткан райондук аскер комиссариаттары менен комсомол уюмдарынын кемчиликтери жөнүндө билдирүү жасады. Өзүнүн докладын ал мындай деген сөз менен аяктады.

— Окууда оор болсо—согушта жеңил болот!

Ал бул сөзүнө биздин дивизияны согушка даярдап жатканда да бекем туруп, бизди темирдей туруктуулукка, эр жүрөктүүлүккө жана башка жоокердик жакшы сапаттарга тарбиялады. Мына ошондуктан Москванын жанында Волоколамск шоссеси үчүн болгон салгылашууда панфиловчулар биздин борборубузду душмандан сактап калууда зор салым кошушту. Алар фашисттик беш дивизиянын кысымына туруштук берип, миңдеген солдаттары менен офицерлерин жок кылып, жүз элүү танктарын талкалашты. Ошол кан төгүлгөн салгылашууларда панфиловчулар көп сандаган эрдиктерди көрсөтүштү.

Биздин панфиловдук дивизия 1941-жылы Советтик Армиядагы биринчи болуп гвардиялык деп аталган. Көптөгөн салгылашууларга катышып, өздөрүнүн согуштук күжүрмөн туусун сыймык менен алып жүрүштү жана далай даңктуу эрдиктерди өзүнүн тарыхына калтырды. Бул ийгиликтер үчүн И. В. Панфиловго көп жагынан милдеттүүбүз.

316-аткычтар дивизиясынын командири катарында, ал өз эрдиги жана өрнөгү менен жоокерлерди жана офицерлерди тарбиялады. Жоо-

керлер жана офицерлер эң сонун полководец генерал-майор И. В. Панфиловду урматташчу жана сүйүшчү.

Генерал Панфиловдун курман болгон кайгылуу күнүндө душман өзгөчө алга умтулду. Айрыкча дивизиянын штабы орношкон Гусеново кыштагында согуш абдан оор болду. Немецтик танктан биздин позицияны тынымсыз аткылап турушту. Душмандын артиллериясы жинденип окту мөндүрдөй жаадырды. Лавриенко өз машинасы менен кароолдо турганда Панфиловдун командалык пунктуна жакын айланатегеректе миналар ар тараптан жарылууда. Генерал Катукованын танкисттери да дивизия менен бирдикте салгылашууда эле.

Дмитрий Лавриенко кимдир бирөөнүн: «Генерал жарадар болду!» деген үнүн угар замат, танктан секирип түшүп штабдын офицерлери чогулуп турган крыльцого жетти. Генерал эсине келбестен каза болду.

Мурунку панфиловдук дивизиянын жоокерлери жана курман болгон баатырлардын туугандары гвардиялык-панфиловчуларда конокто, 1963-жыл. Жайында.



Бул оор жоготуудан кайгыга чөмүлгөн анын согушташ командирлери купкуу болгон кансыз генералдын өңүнө карап, үнсүз турушту. Лавриенко генералдын сөөгүн көрүп, муштумун ооруганча бекем түйдү.

Ал эң сонун генералды билүүгө жана баалай алууга жетишти. Өзүнүн айланасында атылып жаткандарга, эч эчтемеге көңүл бурбастан танкын көздөй жай басып жөнөдү. Ошол учурда: «Танктар!» деген байкоочунун үнү угулду.

Немецтик сегиз танк дивизиянын штабын көздөй келе жатышкан экен. Лавриенко селт этти да, дароо эсине келип, аттап-буттап танкына жетти, зуулдаган бойдон немецтик танктарды көздөй бет алды. Бизге Лавриенко кагылыштырууга бараткан сыяктанып көрүндү. Анын машинасы абдан катуу ылдамдыкта немецтик машиналарга бара жатты. Аралык уламдан улам жакындай баштады. Мына, ал эми немецтик алдыңкы танкка барып урунат. Бирок акыркы минутада машина тык токтоду да каккан казыктай бир орунда туруп калды. Ошол замат биринчи атылуу угулду. Алдыдагы душмандын танкы снаряд тийип, өрттөнгөн үймөк чөптөй күйө баштады.

Немецтер советтик танкисттин баатырдык маневринен шашып калышты. Алар эсине келгенче удаа атылган жети снаряд жети танкты талкалады. Сегизинчи танк артына бурулуп качып жөнөдү.

— Бул силерге, генерал Панфиловдун өлүмү үчүн!—деп кыйкырган үнү талааны жаңыртып, биздин жана немецтердин рацияларында угулуп турду.


Генералдын өлүмү үчүн старший лейтанант Дмитрий Лавриенко ушинтип өч алды. Горон деревнясынын жанында, бир айдын ичинде ал душмандын 52 танкын жок кылды. Ушул жерде анын акыркы жолку салгылашуусу болду. Минанын чачырандысы баатырдын жалындаган жүрөгүн согуудан токтотту.

Панфилов атындагы 8-гвардиянын дивизиясында эрдиктин, согуштук жана саясий даярдыктын алдыңкылары дайыма коммунисттер болчу. Алардын артында комсомолдор менен партияда жок жоокерлер эле. Помазов, Коновалов, Агешков, Султаналиев, Семиволос, Голдовин, Дубцов жана башкалар мына ушундай коммунисттер эле.

Коммунисттердин үлгүлөрү, Ата-Мекенге жана партияга чексиз берилгендиктери жоокерлер менен командирлерди Коммунисттик партиянын катарына чубуруп кирүүгө түртткү берди. Ай сайын полктун партиялык бюросуна партияга мүчө кылып алуу жөнүндө 50—60 чамалуу өтүнүү арыздар түшүп жатты. Кээ бир күндөрдө, сагылашуулардын алдында бюронун заседаниесинде 20—30 арыз каралчу. Айрым жоокерлер салгылашуунун алдында атайын арыз берүүгө жетише албай: «Ата-Мекеним үчүн жан аябай салгылашам, мени коммунист деп эсептегиле» деген каттарды калтырышчу.



АЙДАРХАН АХМЕТОВИЧ АХМЕТОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун парторгу, гвардиялык капитан. Азыр Фрунзе шаарында № 16-курулуш башкармасынын бөлүм башчысы болуп иштейт.



КОПЫЛОВ ГРИГОРИЙ АЛЕКСЕЕВИЧ — 8-гвардиялык дивизиянын пулемётчиги. Гвардиянын сержанты. Мыкты пулемётчиктердин бири, жакшы мээлеп көп фашисттерди жалпэйткан. Азыркы убакта пенсияда, Фрунзе шаарында жашайт.

Көп учурларда полктун партиялык бюросу салгылашуунун алдында чогулуп, ошол жерден жоокерлер согушка партияга мүчөлүккө алынып, коммунист болуп кетишээр эле.

1943-жылы жайында, эң чоң чабуул коюунун алдында болгон полктун партиялык активинин чогулушу эч качан эсимден кетпейт. Ага төрт жүздөн ашык киши катышты.

«Биз согушта муундардын тагдырын чечебиз» деген доклад менен полктун командири Решетников сүйлөдү. Панфиловчул жыйырма сегиз баатырдын эрдиктери жөнүндө эскерип, биздин снайперлердин, чалгынчылардын, автоматчылардын, пулемётчулардын, миномётчулардын, бронебойщиктердин иштери жөнүндө айтып: коммунисттер жана комсомолдор полктун ар бир жоокери кандай болуу керек экендигине токтолду. Чогулушка катышкандар эң кызуу сүйлөштү. Ар бир сөздөн



КӨПБАЕВ ЖАПАР — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун комсоргу, өзүнүн үлгүсү жана эрдиги менен жаш солдаттарды далай чабуулга ээрчиткен. Күндөрдүн биринде солдат Агалы Өмүрбеков экөө алты фашист менен беттешип төртөөнү жайлап, экөөнү колго түшүрүп алышкан. Азыркы убакта Казахстандын Курдай райондук газетасынын редактору.



РЕЗАЕВ ФЕДОР АНДРЕЕВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын штабдык взводунун мурдагы гвардиялык сержанты. Азыр Фрунзе шаарында жашайт, пенсионер.

панфиловчулардын эрдиктерин дагы көбөйтүүгө жана алдыдагы салгылашууда аёосуз талкалоого умтулгандык сезилип турду.

Партиялык актив чогулуштун аягында өз подразделениелерине Интернационалды ырдап кайтышты. Токойдон ырдаган үн салтанаттуу жана сүрдүү угулуп жатты.

1944-жылы июлда немецтер Латвия республикасынын территориясында биздин армиянын чабуулдарына катуу каршылыктарды көрсөтүп турду. Чегинип бара жатышып, алар ар бир метр жерди секторго бөлүп аткылашты. Өзгөчө Резекне шаарын бошотууда катуу кармашуу болду. Анын жанындагы кыштак үч жолу колдон колго өттү.

9*



ГРИГОРИЙ АРТЕМОВИЧ ШЕВЧЕНКО — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун саясий бөлүмүнүн командиринин орун басары, гвардиянын капитаны.
Азыр Фрунзе шаарында эмгектенип жатат.



ВАСИЛИЙ МИХАЙЛОВИЧ БАБАЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын катардагы жоокери. Азыр пенсияда. Кыргыз ССРинин Токмок шаарында жашайт.

Ал кыштакты бошотуу үчүн биздин үчүнчү батальонго тапшырылды. Артиллерияны тынымсыз аткылап, немецтер биздин жоокерлерге төрт саат бою баштарын көтөрүүгө мүмкүндүк беришпеди. Ошол тозоктуу атууларда көп жоокерлер курман болду, минанын түз тийгенинен командир жана батальондун штабынын начальниги да каза тапты.

Командалык кылууну жолдош Назаров өз колуна алды. Жоокерлерди чабуулга баштап, өзү биринчи болуп алга умтулду: «Батальон, алга! Ур-раа! Мекен үчүн! Алга, жолдоштор! Кандай да болсо душманды жеңүүгө бел байлаган жоокерлер чечкиндүүлүк менен алдыга умтулушту. Немецтерден кыштак тазаланды.

Согуш күндөрүндө кээ бир мезгилдерде убактылуу мемиреген тынч күндөр да болуп калчу. Айрыкча жайдын күндөрүндөгү тегеректин баары гүл аралашкан жашыл чөптөр, бүрдөгөн кайың талдар, анын

арасындагы канаттуулардын үнү эриксизден көңүлүңдү мурунку бейпил күндөргө жетелеп, өзүңдүн туулуп өсүп жылаңайлак чуркаган жерлериңди көз алдыңа элестетет. Ошондой күндөрдүн биринде Рүстөм Назаров мага кезигип калды.

— Ээ, Айдаке! согуш бат эле бүтүп кетсе, каракчыларды биздин жерден кууп чыгып талкаласак, элге аман-эсен кайтсак мен сизге мындан дагы жакшы жана сонун жерди көрсөтөр элем. Биздин Чаткалда болгонсузбу?

— Жок.

— Оо, Айдаке! Сиз Кыргызстандагы Чаткал районундагы көк шибер тоолорун, саймалап токуган килемдей болгон чөптөрүн, асман тиреген карагай, арчаларын көрбөсөңүз, согуштан аман калып элибизге барсак, аларды көрсөтүүнү мен мойнума алам. Ага ишенип коюңуз... Мен бала чагымда жетимдиктин айынан, малдын артынан түшүп, Чаткалдын жашыл тоолорун, учсуз кырларын бир нече жолу басып жакшы жерлерин көргөнмүн. Жайлоолордун тунук суулары, атыр жыттуу абасычы...

Өкмөт менен партияга ыракмат. Мени жетимдиктен жетелеп интернатка алып барып, тарбиялап, жогорку билимди берип согуштун алдындагы күндөрдө Өзбекстан Самарканд обком партиясынын катчысы деген кызматка чейин көтөргөн. Мына ошентип чоңойткон эл үчүн, жер үчүн кантип салгылашпайм деген ой менден ар убакта нетпейт,— деп айтып калар эле.

Анысы ырас. Ал ошончолук катуу жарадар болуп госпиталдан госпиталга түшүп жүрсө дагы айыгып алып жердин түбү болсо да, өзүнүн аскердик бөлүгү болуп калган 8-Панфилов дивизиясына бир топ жолу келген. «Ата-Мекен үчүн, эл үчүн! Ураа!» деп далай жолу солдаттарды чабуулга баштаган.

1944-жылы июлда биздин дивизия Латвия республикасынын территориясында немецтер биздин соккуга чыдай албай артка чегинсе да, ар бир кыштакты жана хуторлорду өжөрлүк менен, амалсыздан таштап жатышты. Латвиянын Резекво деген шаарынын жанындагы бир кыштакты фашисттер ушунчалык өжөрлүк менен бербеске тырышып, кыштак эки үч жолу колдон колго өтөт. Ал кыштактагы эң акыркы чабуулда батальондун командири жарадар болуп катардан чыккандыктан жолдош Назаров командалык ишин өз колуна алып—«Панфиловчулар!.. Эл үчүн, жүргүлө алга! Ураа!» деп колундагы автоматын бийик көтөрүп душманды көздөй чуркады. Артынан солдаттар кошо тура жүгүрүп, бирөөлөрү экинчисинен озуп, кээси артында баратканда немецтик ок Назаровду жыгат. Коммунист жигит кайтпас жолго жөнөп кетет.

Анын солдаттары, командири Назаров үчүн фашисттерден өчтү



НАЗАРОВ РУСТӨМ — Гвардиянын старший лейтенанты. 8-гвардиялык дивизиянын батальндук командиринин орун басары. «Ата-Мекен үчүн кашык канды аябайлы! Алга, алга!» деп, далай жолу солдатгарды чабуулга үндөгөн. 1944-жылы Латвиянын территориясында баатырларча курман болгон.

алып кыштактан аларды күүп чыгышты. Эртеси кичине тынчтык болгон учурда бир тууганлык мүрзөгө, ар бир бөлүктүн өкүлдөрү менен мылтык атылып Назаровду жайына койдук.


— Кайран жолдошум, кандай эр жүрөк, патриот элең. Сенин кылыгыңды, жакшы жумшак мүнөзүңдү жалгыз уулуң Достонду көрсөм төкпөй-чачпай айтып берер элем.

Ал оор басырыктуу, сылык, бир аз уялчаыраак адам эле. Согушта дайыма эр жүрөктүүлүктү жана чечкиндүүлүктү көрсөтчү. Ал бир нече жолу жарадар болду, терең тылда да, фронттун жанындагы госпиталда да дарыланды, бирок айыкканда өзүнүн полкуна, өз батальонуна кайтып келчү.

Айтылып жаткан менин жердештеримдин бир тобу өзүнүн Ата-Мекени үчүн, социализм жана жаркыраган келечек үчүн өздөрүнүн өмүрлөрүн берген. Мен даңктуу фронттук жолдошторумду ар дайым эстейм, алардын Улуу Ата-Мекендик согуштагы өлбөс-өчпөс эрдиктери элдин жүрөгүндө кылымдар бою сакталат.

Көп жоокерлер согуштан кийин өз элине кайтып келишип, автоматтын ордуна колдоруна эмгек куралын алышып, заводдордо, фабрика-

1966-жыл, сентябрда. Фрунзе шаары, гвардиянын күнү. Панфиловчулардын ветерандык бир тобу.



ларда, колхоз, совхоздордо коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү үчүн ат салышып иштеп жатышат.

Согуш учурунда биздин тылда «Баардыгы фронтко» деген ураан менен эмгектенгендиги баарыга белгилүү. Тыл менен фронттун тыгыз байланышы жана биримдүүлүгү биздин жеңиштерибиздин чечүүчү факторлорунун бири болуп эсептелет. Элдердин бузулбас достугу жана биримдиги, советтик жогорку патриотизм 1941-жылы Кыргызстан ЛКСМ БКнын төртүнчү пленумунда Москванын жаштарына жана борборду коргоочуларга жазган катында эң сонун айгинелет.

«Кымбаттуу боордоштор жана достор! Ушул кыйын күндөрдө, немецтик жырткычтар биздин жүрөгүбүз, сүйүктүү Мекенибиздин борбору Москвага жанталаша умтулуп турганда, биздин оюбуз, сезимибиз бүт сенде боордош Москва, силерде борбордун жеңилбес жаштары.

Москванын жаштары коммунизм үчүн болгон улуу күрөштүн летописине өзүнүн бир нече барактарын жазды. Эң сонун жаңы заводдорду, жаңы индустрияны, дүйнө жүзүндөгү мыкты метрополитенди курууга киришип, өзүн өлбөс-өчпөс даңкка бөлөдү.

Азыр, немецтик желдеттер биздин Мекенге, биздин элибиздин чыгармачылыгынын эң сонун жеңиштерине сугун артат. Борбордун Ленindик комсомолу коммунизм үчүн болгон ыйык күрөштүн тарыхына дагы бир өлбөс эрдикти өзүнүн каны менен жазып жатат.

Кымбаттуу достор жана боордоштор! Силердин даңктуу эмгегиңер биздин улуу Ата-Мекендин бардык жаштарын эрдикке шыктандырат. Силердин эмгегиңерди бардыгы билишет, силердин эрдигиңерге Оштун пахтачылары, Тянь-Шандын чабандары, Жалал-Абаддын кенчилери, Чүйдүн колхозчулары көз салып карап турушат.

Советтик Кыргызстандын жаштары, ушул каардуу күндөрдө биз өзүбүздү силер менен мурункудан да жакын, боордош катарында жалпы максаттар боюнча силердин ишенимдүү шакиртиңер катарында сезебиз.

Советтик Кыргызстандын жаштары силер менен бирге фронттордо боордош Москваны, Ата-Мекенибиздин эрдигин, ар намысын жана көз каранды эместигин коргоодо.

Армиянын полкторунда Кыргыз жаштары кандуу салгылашууга даярданып, согуш өнөрлөрүн өздөштүрүүдө. Тоолуу Тянь-Шандын жайыттарында даңктуу атчандарыбыз үчүн эң сонун аттарды өстүрүп жатабыз. Биздин эмгек талааларыбызда Советтик Армия үчүн буудайдын, пахтанын эч качан болуп көрбөгөндөй түшүмү жыйналууда. Алтын, коргошун казып берип жатабыз. Тоонун түздөрүнөн душманды талкалоого керектүү болгон көмүр, ал-

Биздин тылдагы эмгек фронттогу согуштук эрдиктердин бир чоң

агымына кошулуп бирдиктүү күчтү түзүп, Гитлерди жер жүзүнөн түбөлүк шыпырып таштасын.

Комсомол жана боордош Москванын бардык коргоочулары, билгиле, биз баарыбыз москвалыкпыз, баарыбыз сени коргойбуз. Бир боорубуз, Москва!


Бардык элдин сыймыгысың Москва.
Окшоштурам Күнгө сени асманга.
Уландарың өз үйүндөй коргошуп.
Сактайт сени, бербейт сени душманга.

Душман өтө албайт! Өзүбүздүн жүрөгүбүз Москваны коргоого бардык күчүбүздү, каныбызды жана жаныбызды беребиз!


Душман өтө албайт! Биз бир тууган Москваны каргыш тийген душмандан көкүрөгүбүз менен тособуз!

Душман өтө албайт! Кылымдан кылымга Кызыл Москва жашап жана өсө берсин! Жашасын биздин баатыр Кызыл Армия!

ЧИЖОВ ИВАН ПАВЛОВИЧ— 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы катардагы аткычы. Азыр пенсияда. Кыргыз республикасынын Ысык-Көл районундагы Семёновка кыштагында жашайт.



ФЕДОР ДМИТРИЕВИЧ КАЛМЫКОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун катардагы жоокери.
Азыр Пржевальский шаарындагы техникалык училищеде иштейт.



Кыргызстан фронттон алыс болчу. Тянь-Шандын таза абасын, кэк шиберин, байкапар жаткан элинин тынчын фугастык жарылуулардын үнү бузган жок. Балдар бакчасында, жашыл парктарда балдардын балалык күндөрү түйшүксүз өтүп жатты. Бирок ыйык Ата-Мекендик согуштун духу Ата-Мекендин терең тылдагы, же фронтко жакын жердеги бардык крайлардай эле, биздин алыскы бийик тоолуу Кыргызстанда да бар болчу.

Кыргыздарга боштондукту, урмат-сыйды, теңдикти Совет бийлиги берди. Эгер Совет бийлиги, улуу орус элинин жардамы болбосо, кыргыз элинин тагдыры кандай болот эле? Бай-манаптардын, падышалык чиновниктердин эзүүсү астында эл түбөлүк кордукта, сабатсыз, караңгы бойдон кала бермек. Мына дал ушу себептүү биздин республиканын бардык заводдорунда, фабрикаларында, колхоз-совхоздорунда жалпы эл, айрыкча аталарынын, ага-инилеринин, күйөөлөрүнүн ордунда калган аялдар зор эмгек сиңиришти.

Тянь-Шандын, Ысык-Көлдүн, Ферганаанын, Чүй, Талас өрөөндөрүнүн аялдары колу бош боло калганда советтик командирлерге жана жоокерлерге белек катары кол кап, байпак согуп жөнөтүп турушту. Кыргыздын миңдеген патриот аялдары донорго[1] мүчө болуп кириштн. Коргоо фондусуна өзүнүн сактык кассасынан, малынан каражат топтошту, кыскасы миллиондогон акча өз эркн менен фронтко жардамга берилди. Усталар армия үчүн зор жүгөн, камчы жана башка ар түрдүү белектерди жиберип турушту. Тянь-Шань областындагы колхозчу аял Бүбүсара Кулубаеванын үндөөсү боюнча согуштун биринчи эле күндөрүндө колхозчулар ат жабдыктары үчүн 30 миң сом акча жана беш жүз атты фронтко жибериштн.

Биздин дивизиянын жоокерлери согуштун биринчи эле күндөрүнөн тартып, кыргыз элинин жана республиканын бүткүл калкынын моралдык жана материалдык жактан колдоосун сезип турушту. Бизге кыргыз эмгекчилеринин өкүлдөрү келишти. Алар менен кат жазышып, сүрөт салышып турдук. Миңдеген жеке жана топ-топтолгон посылкалар алынды. Бизге чолок тондорду, ичи көрпөдөн иштелген күрмөлөрдү, согулган свитерлерди, жылуу жүн байпактарды, кол каптарды, моюн орогучтарды. жүз аарчыларды, тамеки салгычтарды жибериштн. Кыргызстандан Панфилов дивизиясына эшелон менен эт-май, күрүч, вино жана жер жемиштер, даам-татымдар келип турду.

Фрунзе шаарынан фронтко Кыргызстан мамлекеттик филармониясынын, орус драм театрынын, республикалык опера жана балет театрынын артисттери келишип концерт бериштн. Кыргыз филармониясынын артисттеринин бир тобу өз каалолору боюнча Панфилов атындагы 8-гвардиялык дивизияда калышып, согуштун аягына чейин болушту. Артист патриоттор: Канипа Алиева, Асия Исраилова, Кынар Эралиева-



ФЕДОР НИКОЛАЕВИЧ ЧЕРНЫШЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы катардагы байланыштыруучу.
Азыр пенсияда, Кыргыз ССРинин Чүй районундагы Старая Покровка кыштагында турат.



АЛЕКСЕЙ ГАВРИЛОВИЧ ВОЛОШИНСКИЙ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы ротанын командири, капитан.
Азыр Фрунзе шаарындагы Кыргыз мебель бирикмесинин старший бухгалтери болуп иштейт.

лар бардык жерде, солдаттардын арасында, атүгүл блиндаждарда болушуп, концерт бериштн. Алар өздөрүнүн патриоттук тамашалары, лирикалык ырлары жана бийлери, декламациялары менен жоокерлердин көңүлүн көтөрүп, душманды талкалоого шыктандырышты. Кыргыз жоокерлеринин арасында өзгөчө сүйкүмдүү болгон жаш артист комузчу Сексенбай Айманбетов согуш бир аз тынчып калганда комузу менен блиндаждарга, окопторго келип, жоокерлердин көңүлүн көтөрчү. Кыргыз жоокерлер өздөрүнүн алыскы, сүйүктүү Ала-Тоосун көз алдыларына элестетишип, кызыгуу менен кунт коюп угушар эле.

Жыргалбаев, Өмүралиев, Аманов, Жакишев башкарган Кыргызстандын эмгекчилеринин делегациялары согуш жүрүп жаткан учурларда фронттук линияларда болушту. Алар жана бизге толуктоого келген кыргыз жигиттер республикабыздагы жаңылыктар жөнүндө айтып беришти.

Биз бардык нерселерден кабардар болуп турдук. Бул болсо, көңүлүбүздү көтөрүп, биз өзүбүздүн бир туугандарыбыз, жакындарыбыз менен бирге жүргөндөй сезчүбүз.

Түн ичинде Калинин токойлорунда турганда саясий бөлүмдүн начальниги подполковник Мухамедьяров мени өзүнө чакырганы эсимде.

— Жолдош Ахметов, сизге бир тапшырма бар, деди ал.—Командование сизди Фрунзеге жиберүүнү чечти.

Мен эмне дээримди билбей аң-таң калдым.

— Эмне үчүн?

— Бизге, Кыргызстандан делегация көп келет, дайыма алардын белектерин алып турабыз. Жооп кайтарыш керек. Сиз кандай дейсиз? Кыргыз элинин бизге кылган камкордугу, жылуу мамилелери, өзгөчө Панфилов дивизиясы үчүн болгон камкордугу үчүн алкышыбызды билдирип, биз кандай согушуп жатканыбыз жөнүндө айтып беришибиз керек.

Чынын айтсам, ушул сөздөн кийин да мен өзүмдүн боордош Кыргызстанымды, Фрунзе шаарын көрөрүмө, туугандарыма жана жакындарыма кезигериме анчалык деле ишене алганым жок. Экинчи күнү дивизиянын командири генерал-майор Чернюгов мени өзүнө чакырды. Генералдын блиндажында бир нече офицерлерден башка Иван Васильевич Панфиловдун кызы медсестра Валя Панфилова отуруптур.

Сизге Кыргызстанга барарыңызды эскертиштиби?—деп сурады генерал.— Чакан делегацияны сиз башкарып барасыз. Биздин фронт жөнүндө айтасыз. Сиз менен бирге Валя Панфилова да барат. Биз, кыргыз элине кат даярдап койдук, аны бересиз. Биз, азыр ал катты окуйбуз.. Эртең жолго чыгууга даяр болуңуз.

Катта мындай деп жазылган:

316-аткычтар дивизиясынын түзүлгөнүнө жакында эки жыл толот. Кыргыз эли бул дивизияны түзүүдө өзүнүн көп сандаган жигиттерин берип, аларга душмандарды жер жүзүнөн талкалап, өз Ата-Мекенин коргоого тапшырма берген.

Гвардиялык панфиловчулардын ынтымактуу үй-бүлөсүнө Кыргызстан жиберген өкүлдөр, силерге берген анттарын аткарып, немецтик баскынчыларды талкалоодо.

Силердин жердешиңер даңктуу полководец генерал-майор Панфилов жоокерлерди, командирлерди, мекенин чексиз сүйүүгө, эрдикке, туруктуулукка, жеңишке ишенүүгө үйрөттү, тарбиялады.

Биринчи салгылашууларда биздин дивизия өлбөс-өчпөс даңкка ээ болду. Капитан Манаенко немецтик он танктын курчоосунда калып, кашык каны калганча салгылашты. Гранатаны ыргытып, алдыда келе жаткан немецтик танкты күйгүзүп жиберди. Экинчисин жүрүүдөн токтотту. Капитан Манаенко курман болду. Бирок өзүнүн солдаттык милдетин так аткарды.

Өздөрүнүн көкүрөгү менен Москвага баруучу жолду немецтик 50 танктан тоскон жыйырма сегиз баатыр панфиловчулардын эрдиги бүт

дүйнөгө маалим. Баатырлардын тизмесинде сиздердин жердештериңиздер Дүйшөнкул Шопоков, Григорий Щемякин, Николай Ананьев, Григорий Конкин, Иван Маскаленко бар.

Гвардиячы-панфиловчулар 200 километрден ашык жерди салгылашуу менен басып өтүп, эл жашаган бир топ пункттарды немецтерден бошотту. Бир миңден ашык немец жок кылынды, 600 дөн ашуун автомашина жана башка курал-жарактар колго түшүрүлдү. Дивизия экинчи жолу Ленин ордени менен сыйланды.

Эр жүрөк жигит Ашырбай Коёнкөзов ондогон жолу немецтин терең тылында болуп, 140 тан ашык немецти өлтүрдү, дивизиянын шта-



1943-жыл. Панфилов дивизиясынан Кыргызстандын эмгекчилерине келген делегаттар. Гвардиянын укмуштуу генералынын кызы медициналык кызматкер, кенже лейтенант В. И. Панфилова жана гвардиянын старший лейтенанты аткычтар полкунун парторгу А. А. Ахметов.

бына 15 «тил» кармап келди. Замбиректин наводчиги Иван Петрович Цыганок ондогон душмандын дзотун талкалады, бир топ атуучу чекиттерин жок кылды. Цыганоктун замбирегинде 33 жолу тийген чачырандынын тагы бар, бирок ал мурункудай эле душманды талкалоодо.

Генерал-майор И. В. Панфиловдун кызы Валя нечен жолу бомбанын астында калып, фронттук оор шарттарда советтик жоокерлердин өмүрүн сактады. Ошон үчүн, Валя «Кызыл Жылдыз» ордени, «Согуштагы каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланды.

Катта орден жана медаль менен сыйланган кыргыз снайперлери Мамадалы Мадаминов, Токтогул Шобеков, Шааке Ашырбаев, Сайбутдин Жапалаев, Бөрүбай Көлбаев, миномётчулар Алымбай Керейбаев, Казабек Эсенкулов, пулемётчиктер Салы Абдраимов, Өмүралы Оморов, автоматчиктер Сейдалы Кадыркулов, Атабек Рахманов, бронебойщик Максутдин Айнов, Муминов жана башка ордендер, медалдар менен сыйланышкан кыргыз элинин уулдары жөнүндө айтылган.

Каттын акырында панфиловчулар мындай деп жазышты:—«Биз гвардиячы панфиловчулар алдыдагы салгылашууларда душманды аёосуз талкалап, өзүбүздүн жеңиш туубузду бийик көтөрүп, бизге тапшырылган милдетти аткарып, фашисттерди туулуп-өскөн жерибизден кууп чыгабыз деп ант беребиз».

Панфиловчулардын ушу каты менен биз Фрунзеге келдик. Вокзалдан жылуу, кубанычтуу жолугушуулар. Шаардын жүздөгөн эмгекчилери тосуп алышты. Оркестр, гүл, сыга кучакташуу, өбүшүүлөр болду.

Биз шаардын ишканаларында, мурдагы Ысык-Көл, Фрунзе областтарынын колхоз-совхоздорунда болдук. Бардык жерде бизди меймандостук менен кабыл алышты. Өзгөчө Сокулук районундагы Шопоков атындагы айыл чарба артелинин колхозчулары менен болгон жолугушуулар өтө мейримдүүлүк менен өттү. Жыйырма сегиз баатыр панфиловчулардын бири Дүйшөнкул Шопоков ошол жерде туулуп-өскөн. Көп эл чогулган жолугушууда баатырдын зайыбы Керимбүбү Шопокова чыгып сүйлөдү. Ал Дүйшөнкүл Шопоковдун колхоздо кандай иштегени балдарын кандай тарбиялагандыгы жөнүндө айтып берди. Сөздүн акырында ал мындай деди:

— Москва үчүн болгон катуу согуштун күндөрүндө мен эриме: «Оор сыноолордо эр жүрөк, тайманбас бол. Мен колума мылтык алып, сенин катарыңда болоор элем. Бирок колхоздо да ошол эле фронт. Ишен мага, эч күчүмдү аябастан мен да сага жардам берем». Дүйшөнкул да мага жазган каттарында өзүнүн үй-бүлөсүнүн жана колхоздун намысын таза сактайм деп, колхозчуларга убадасын берген.

Азыр Дүйшөнкул биздин арабызда жок. Ал баатырларча курман болду. Мен баатырга татыктуу жар болуп, күйөөм үчүн кант кызылчасынын түшүмүн жогорулатып, ак эмгегим менен эстелик тургузам. Муну панфиловчуларга айтып койгула!

Керимбүбүнүн бул сөздөрү ант катары болду.

Керимбүбү Шопокованын звеносу өзүнүн участогунан кант кызылчасынын ар бир гектарынан 700 центнерге чейин түшүм алды. Шопокова ордендер менен сыйланып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды алды.

Биз Кыргызстандын эмгекчилеринде мейман болгондо кыргыз эмгекчилери кайрадан бир эшелон вагон белек чогултушуп, биздин артыбыздан фронтко жөнөтүштү.

Жердештер менен болгон жолугушууларда мен биздин гвардиялык аткычтар полку 1943-жылдын биринчи жарымында немецтик 43 танкты, 102 замбиректи, 527 автомашинаны, 3 самолётту жок кылгандыгы жөнүндө айтып бердим. Полктун атынан, панфиловчулар жана ошондой эле Советтик Армия өздөрүнүн согуштук даңкына даңк кошуп, фашисттерди биздин Родинабыздан кууп чыгат жана аны өзүнүн үңкүрүндө талкалайт деп убада бердим. Биз өзүбүздүн убадабызды аткардык.

АБСЕЙИТ САРБАГЫШЕВИЧ АЛЫБЕКОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун катардагы солдаты. Азыр Кыргызстандын Кемин районунда мугалим.



БАИС ЖУМАЛИЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун катардагы солдаты. Азыр Кыргызстандын Кемин районундагы Каинды кыштагында иштейт.



БИЗДИН МАДАМИНОВ

Немецтик гитлерчилер менен салгылашкан каардуу күндөрдө генерал-майор И. В. Панфилов атындагы Сегизинчи Дивизиянын гвардиялык аткычтар полкунун снайперлери зор эрдиктерди көрсөтүшүп, жаңишке атактуу салымдарын кошушту. Кышында ак, жайында жашыл маска халат кийген биздин снайперлер күнү бүгүнкүдөй эсимде. Алар фашисттерди биздин жерден кууп чыгуу жана баскынчыларга аёсуз сокку берүү максаты менен гана жашашчу. Ошол максат үчүн кээде ачка болгонуна, сыз жерде жатып, саз кечип, оор шарттарда жүргөнүнө карабастан, керт баштарынын камын унутуп, көп сандаган немецтерди жок кылышты. Душманды талкалоо боюнча өз чеберчиликтерин күн сайын өркүндөтүп отурушту.

Биздин полктун алдыңкы снайперлеринин ичинен бир нече жүздөгөн немецтерди жок кылган Абил Нусупбаевдин, Түлөгалый Абдыбековдун, Мамадалы Мадаминовдун, Бөрүбай Көлбаевдин, Токтогул Шабековдун, Бозжигит Турдубаевдин, Уңгур Усмановдун жана башкалардын ысымдарын атоого болот.

1942-жылы Холм шаарынын жанында, Ловать дарыясынын жээгинде күжүрмөн чектерди текшерип жүрүп күүгүм ченде эки снайперге: Бөрүбай Көлбаев менен Мамадалы Мадаминовго жолуктум. Ал экөө тең армияга Кыргызстандан чакырылган, демек, менин жердештерим болчу. Мен алар менен жер кепеге кирдим.

Жоокер-снайперлер эс алышта экен, кээси газета окуп отурса, кээси үйүнө кат жазуу менен алек. Бир нече жоокер чулгоолорун темир мешке кургатып отурушат. Мени көрөрү менен алар суроону жаадырышты.



М. МАДАМИНОВ — 8-гвардиялык дивизиясынын атактуу снайпери. Ал бир нече СССРдин ордендери, медалдары жана снайпердик мылтык менен сыйланган. Ата-Мекен үчүн болгон согушта курман болгон.



Т. АБДЫБЕКОВ — 8-гвардиялык дивизиясындагы аткычтар полкунун атактуу снайпери, 254 гитлерчилерди атып өлтүргөн, сүрөт 1943-жылы согуштук армияда жүргөндө тартылган.

Аңгемелешүү бүткөндөн кийин, Мадаминов экөөбүз сыртка чыгып, дөңгөчкө олтурдук. Мадаминов ойлонуп калды. Алибетте, аны бүткүл советтик адамдар ойлогон ой бийлейт. Өч алуу, фашисттерди кууп чыгуу. Мен бул жигиттин эрдиктери жөнүндө билчүмүн. Бирок толугураак билүүгө кызыгып сураганымда, ал өзүнүн биринчи согуштук эрдиги жөнүндө төмөнкүлөрдү айтып берди:

«Фашисттерге аңчылык кылуучу жерди мен күн мурунтан даярдап алдым. Мылтыкты текшерип, бир нече күн машыктым, анан маскировкалоочу халат кийип, Бөрүбаев менен бирге атуучу жерге күн чыга электе жөнөдүк. Катуу шамал болуп, кар аралаш жаан бетке уруп турду.

Кечке чейин аңдып жаттык. Бирок бир да фашист башын көрсөткөн жок. Кечинде кур кол кайтууга туура келди. Бир нече сааттан кийин, таңга маал Бөрүбаев экөөбүз кайра чыктык. Аңдып жатсак немецтик блиндаждан бир нече солдат көрүндү. Алар траншеяны карай багыт алышты. Мен сүйүнгөнүмдөн аз жерден кыйкырып жибере жаздадым. Биз менен немецтердин аралыгы 75 метрдей болчу. Шашпай мээледим. Эртең мененки тынчтыкта атылуунун үнү угулду. Фашисттердин бирөө колун жаңсап жансыз жыгылды. Калгандары качып кетти.

Башталышы жаман болгон жок. Алдыда дагы бир күн. Кечке чейин дагы бир топ немецти жок кылууга болот. Негизгиси жаза атпай, түз тийиш керек. Көп өтпөй көк-жашыл куртка лар көрүнө баштады. Эңкейип алышып, алар өлгөн немецти көздөй келе жатышкан. Экинчи жолу атылганда, алдыңкы немец мурду менен жерге сайылды. Ага чуркаган экинчи солдат да жалп жыгылды. Мадаминов өзүнүн снайпердик эсебин ийгиликтүү баштаптыр деген кабар, полктун бүткүл подразделениелерине тарап кетти. Жоокерлердин арасында таамай аткыч деген сөз тарады. Ал немецтердин окопторуна байкалбай сойлоп баруну үйрөндү, атүгүл кээде өтө эле жакын барып калчу. Снайпердик мерген менин жердешимдин кесиби болуп калды. Ал күн сайын эч кимге билинбей кетип, кайра түн ортосунда кайтчу. Жоокерлер бул жөнөкөй жигиттин өнөрүнө таң калышчу. Күн сайын анын тажрыйбасы өсүп, снайпердик өнөрдү мыкты өздөштүрө баштады. Ал бир нече немецтерди жыга аткандан кийин, алардын буйдалып калганынан пайдаланып, мурунтан даярдап койгон жаңы орунга которулчу да, шашпай бир бирден терип ата берчү. Улам бир орундан экинчи орунга которулуп атканда немецтерге бирөө эмес, бир нече киши атып жаткандай болуп сезилчү.

Мадаминовдун башка снайперлердей эле, бир топ шакирттери бар эле. Алардын суроосуна атактуу снайпер мындай деп жооп бере турган:



НИКОЛАЙ ИВАНОВИЧ ФИРСОВ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун гвардиялык катардагы жоокери. Азыр пенсионер, Кыргыз ССРинин Пржевальский шаарында жашайт.



ЗИНОВИЙ ЕФРЕМОВИЧ ДЖУНКОВСКИЙ — 8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкундагы гвардиялык старшина. Азыр пенсионер, Быстровка кыштагында жашайт.

Снайпердик өнөрдө негизгиси сабырдуулук. Немецтерден коркуунун кереги жок, буйдалбай, түз атуу керек. Өзүң жашына тургандай кылып, алдын ала жаңы орунду даярдап коюу зарыл. Бирок аны бир да немец билбегендей болсун. Душманды «капканга» түшүрүүнү да үйрөнүү керек. Эгер бир топ немецти көрсөң биринчи келе жатканын өлтүрбөй, жарадар кылыш керек, калгандары ага жыла баштаганда, бир бирден терип ата бересиң. «Капкан» дегеним ушул.

Убакыт тез өтүп жатты. Мадаминовдун эсеби да өсө берди. 1943-жылдын январында полктун партиялык уюмуна: «Мени партиянын мүчөлүгүнө кабыл алгыла» деген Мадаминовдун арызы түштү.

Ал өзүнүн арызында: «Татыктуу коммунист болууга убадамды беремин, душмандан өз жерибизди куткарууда, керек болсо, жанымды да аябаймын!»

1943-жылы мартта Мадаминов партияга кабыл алынды. Ал учурда Мамадалы кырган немецтердин эсеби 257 ге жетип калган. Биздин полк өзүнүн снайперлери менен сыймыктануучу. Ал жалаң гана дивизияга үлгү болбостон, бүткүл гвардиялык армияга үлгү болгон.

1944-жылы июль айында Мадаминов өзүнүн эсебин 327 ге жеткирди. Биздин көзгө атар панфиловчу-снайперлерибиз душман менен мына ушунтип согушкан.

МИНОМЕТЧИКТЕРДИН КОМИССАРЫ

Генерал Панфиловдун атындагы атактуу 8-аткычтар дивизиясында далай мыкты жигиттер Мекенди душмандан коргоодо эрдиктерин көрсөтүшүп, чоң салгылашууда курман болушкан.Аларды эл эч качан унутпайт, алардын ысымдары элдик тарыхта алтын тамга менен жазылып, өлбөс-өчпөс болуп кала берет.

Кыргыз эли өзүнүн далай миңдеген уландарын жана кыздарын согушка жиберди, алардын душман менен беттешкенде көрсөткөн эрдиктерине сыймыктана алат. Дүйшөнкул Шопоков, Ашырбай Коёнкөзов, Мамадалы Мадаминов, Шайхитдин Нарынов, Чолпонбай Түлебердиев сыяктуу азаматтарды ушул азыр деле биз менен бирге жүргөндөй сезебиз, алардын ысымдары күн сайын чыгып, угулуп турат.

Эрдик көрсөтүп ысымдары аталбай жүргөн адамдар да бар. Кааердун баатырдыгы эске түшө калат. Алардын бири менин согуштук күжүрмөн жолдошум Юлдаш Амраев эле.

Ал согуштан мурун бир топ жылдар бою Кыргызстан Коммунистик партиясынын Ош обкомунда иштеп келген. Согушка обкомдун экинчи секретардык кызматынан кеткенде эки жылга жакын убакыт 8-гвардиялык дивизиянын 30-аткычтар полкунун миномётчулар батареясында комиссар болуп кызмат кылды.

Юлдаш Амраев солдаттардын жана офицерлердин арасында чыныгы ата болуп, акыл айтып көп иштерге үйрөтчү эле. Солдаттар өздөрүнүн ички сырларын ар качан ага билдирип, анын жылуу сөзүн угуп отурган учурларын көп кезиктирчүмүн. Оор кыйынчылыктарга карабастан Амраев жагымдуу кыткылыктаган күлкүсү менен, элдик тамсилдер менен солдаттардын көңүлүн көтөрүп, эрдиктерге шыктандырып турчу. Ошондуктан ар бир взводдо, ар бир отделениеде комиссардын келишин зарыгып күтүшчү. Ал согушта кайраттуу эр жүрөк адам болгон.

Күндөрдүн биринде (1943-жылдын январында) Малая Васильевка кыштагында немецтерди көздөй чабуул башталып калды. Айлана-калың карга бөлөнгөн, ызгаардуу суук. Далай карагайлар кесилип, жол салынып, ал жол менен миномёттор, замбиректер согуштун алдыңкы чектерине жеткирилген.

Ал чоң чабуулда таң калардык эрдикти көрсөттү. Немецтердин чабуулдарынын биринде Амраевдин батареясынын бир миномётунун расчёту немецтердин снарядынан иштен чыгып калган. Жанында турган комиссар Амраев шинелин чечип ыргытып, өзү мина салгыч болуп миномёттун атышын далай убакка чейин улантып турган. Чабуул басылганда миномёттун миналары жарылган жерде жаткан далай каракчылардын өлүгү (байкоочунун билдирүүсүнө караганда) комиссардын күжүрмөндүгүн көрсөттү. Жанында кенже командир Василий Рубцов, «Ооба, жолдош майор мага жардам бербесе иш эң кыйын болуп, миномётум снаряд аталбай калат эле» деп өзүнүн күжүрмөн гвардиячы жолдошторуна айтып жатканын мен өз кулагым менен уккамын.

Холм шаарынын жанындагы калың токойдун ичинде март айынын башында немецтик алдыңкы блиндаждарды талкалап, душмандын позициясын чалгындоо, «тил» алып келүү иши биздин полкко тапшырылган эле. Полкто болгон бардык артиллерияны чогултуп узакка ок атуу жүргүзүлдү. Ага комиссар Амраевдин да батареясы катышты. Ал алдын ала ок атуучу позициядагы даярдыктарды, расчётторду жеке өзү карап, ар бир солдат менен сүйлөшүп чыкты. Артиллериялык даярдыктын алдына Амраев байкоочу пунктка барып, «Батарея» менин командованиемди уккула, деп взводдорго телефон аркылуу өзүнүн буйругун берди.

— Батарея экинчи номурдуу бутага тезинен ок аткыла!—деген үндөрү угулуп турду. Каскасын башынан алып, гимнастёркачан чекесинен аккан терин анда-санда көйнөгү менен аарчып коёт. Ок атуу кызыды, акырында буйрук аткарылды.

1943-жылдын кышы. Биздин полкко Великие Луки шаарын немецтерден бошотууга буйрук берилди. Өзүнчө бир аскердик бригада түзүлүп, командири болуп майор Камаров, комиссардыкка жолдош Амраев дайындалды. Салгылашуу төрт суткага созулду. Немецтер стратегиялык пунктту ээлөөгө көп аракет кылышты. Бардык куралдарын биздин жоокерлерге каршы топтошту—ар бир үйгө беш алты пулемёттон коюп көчөлөргө замбирек жана миномётторду орнотушкан. Сал-

гылашуулар ар бир үй, ар бир короо үчүн жүрүп жатты. Үйдүн биринчи кабатында биздин солдаттар болсо, экинчи кабатында немецтер ок атышып жатышты. Согуш ар бир бөлмөлөр үчүн да болду.

Биздин комиссар Юлдаш Амраев улуу Ата-Мекендик согушта бир нече күжүрмөн орден жана медалдар менен сыйланган. Жолдош Амраевди билген жана тааныган жолдош-жоролору анын эрдигине Родинага берилгендигине ыраазы болушат жана урматтоо менен эске түшүрүшөт.

Амраев кедей-дыйкан үй-бүлөсүнөн туулуп, эски Ноокат районунда чоңоюп, анын жеке эле согушта эмес, тынчтык турмушта да ишмер экенин Ош областындагы далай эски коммунисттер билишет.

ОМОРКУЛ ЭГЕМБЕРДИЕВ

Бул окуя мындан көп жылдардан мурунку убакытта болгон. 1943-жыл февралдын 21—22-күндөрү. Ата-Мекендик согуштун кыйын, каардуу күндөрүнүн убагы эле. Панфиловчулардын дивизиясы согуштук буйрук алып, кыштын кырчылдаган суугунда, белден келген ак кар, көк музга карабастан, карды көкүрөк менен жиреп командованиенин тапшырмаларын шексиз аткарабыз деп жаткан кез. Немецтердин тынымсыз, күндүр-түндүр чоң шоссе жол менен Руссо станциясы багытынан Холм шаары аркылуу Невелди көздөй жүздөгөн солдаттарды, миномёт-замбиректерди жана согуштук куралдарды ары-бери ташыган арактгери биздин кыжырыбызды кайнаткан.

Командованиенин буйругу боюнча биздин 8-гвардиялык дивизиябыз ошол чоң жолду тосуп, немецтердин жүрүштөрүн токтотуу керек эле. Мындай аракетке биздин дивизиябыз далай күндөр боюнча даярдык көрүп, немецтердин оюнда жок тарабынан, калың карагайлуу чер аркылуу, былкылдаган сазды кечип солдаттарга жана согуштук техникаларага жол салышкан. Бул багыт Холм шаарынын күн чыгыш-түндүк тарабында Чекуново кыштагында болгон. Биздин 30-гвардиялык аткычтар полку чабуулга даярданып жатты. Чабуулдун алдындагы түндүн ичинде бөлүктөрдү кыдырып жүрүп үчүнчү батальондун жетинчи ротасына келип, «Саясий жетекчи Эгембердиев кайда» деп дежурныйдан сурасам:

— Жолдош гвардиянын капитаны—ал блиндажда чогулуш өткөрүп, жатат,—деп жооп берди. Блиндажга кирип келсем саясий жетекчи Эгембердиев коммунисттерди чакырып алып, алар менен аңгемелешип жатыптыр. Келген бизди көрүп сөзүн аяктатып, корутундусун мындай деп айтты:—кымбаттуу жолдоштор, эртеңки боло турган биздин

чабуул эң кыйын жана жооптуу иш. Силерди панфиловчулар дейт, жыйырма сегиз баатырдын Кызыл туусу силердин колуңарда турат, аны бийик көтөрүп, коммунисттерче салгылашалы, жеңиштер менен жолдоштор!—деп сөзүн бүтүрдү. Чогулуш бүтөрү менен биз менен аз сүйлөшүп, алдында турган тапшырманы аныктап кайра даярдык ишке кириштик. Анын оор, салмактуу мүнөзү, чарчы бою, офицердик партупейлү кур менен курчанган белин сүйгүнчүктүү көрсөттү.

Саясий жетекчи Эгембердиев түн күзөтүү менен, солдаттарды «Бир аз уктап алгыла» деп ар бир взводдорду, отделениелерди аралап жүрдү.

Таң сүрүп, үрүң-бараңда артиллериялык атуулар башталды. Ондогон замбиректер, миномёттор жана катюшалар өздөрүнүн снарядарын немецтик позицияга жиберишти. Жер көчүп, кар эмес топурактар асманга учуп, ак кардын бетин карартты. Эгембердиев алдыңкы взводдордо болчу, ал жолдоштор, туугандар! Алга!—деп жүгүрдү. Анын артынан ураа! Ата-Мекен үчүн!—деп панфиловчулар туруп жүгүрүштү... Карды жиреп жүгүрүп, жата калышып немецтердин траншейине кирип барышты. Эгембердиевдин солдаттары өздөрүнүн көп чыгым болушканына карабастан, немецтердин далайын биринчи траншеядан кууп чыгышты. Алардын ичинде чын коммунисттерче, өзүнүн керт башын аябай, далай немецтерди автомат менен жолдош саясий жетекчи жайлады, деп чабуул басылганда экинчи взводдун солдаттары айтышты.

Ошондой траншеялык салгылашууда немецтик ок Оморкулдун көкүрөгүн талкалап кеткен. Анын тунук таза каны төш чөнтөгүндөгү партиялык белетинин чоло жерин калтырбай боёгонун 23-февралдын кечинде өз колума алып көрдүм.

Ошол эле күнү күүгүм кирери менен Оморкулдун сөөгүн бир топ солдат жана офицерлердин табыттары менен Чекуново кыштагынын жанындагы калың карагайдын ичине мылтык атуу менен көмдүк.

Бирок панфиловчуларга жолдош Эгембердиевдин айткан керезин орундап, анын өлүмү үчүн, үчүнчү батальондун жоокерлери немецтерден өчтөрүн алышты.

Оморкул согуштан мурун Фрунзеде—Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин аппаратында иштеп жүргөндө эле—ишти мыкты уюштырууну жакшы билген, эл менен мамилеси түзүк жигит экенин билчү элек. Фронтто да ошондой мүнөздөн чыккан жок.

НОВОРЖЕВДИН ЖАНЫНДА

Марттын баш чендери. 1943-жыл. Биздин 8-гвардиялык дивизияга «Новоржев шаарынан немецтерди кууп чыгуу керек» деген буйрук келди. Айланада дагы эле кар, кулак-мурунду аймалаган суук дагы эле бар. Новоржевде биздин Кыргызстандагыдай кар эрте кетпейт. Март айында кадимкидей кычыраган кыш мезгили. Чабуулдун алдында башкы партиялык уюмдардын парторгдорун чакырып алып, эртеңки чабуулга даярдык көрүү жөнүндө кээ бир деталдарды талкууладык. Байланыш ротасынын парторгу жолдош Агашков чыгып сүйлөп, өзүнүн сөзүндө мына буларды көрсөттү. «Биздин солдаттар качан буйрук болот деп эле күтүп олтурушат. Бардыгыбыз толук даярбыз. Анан дагы он чакты киши партиянын катарына кабыл алуу жөнүндө арыз беришти. Алардын күбөлүктөрүн тактап жатабыз» деп сөзүн бүтүрдү. Анын артынан Шейшен Иманалиев чыгып: «Даярдыгыбыз жакшы, чабуулга чыга турган убакытты тездетүү керек» деп сөзүн аяктады. Чогулуш бүткөндөн кийин полктун комсоргу Помозовду ээрчитип алып бөлүктөрдүн бир тобун кыдырып жүрүп, полктук снайперлер взводуна туш келдик.

Бардыгы тегиз тамактанышып жаткан кези экен. Кээ бирөөлөрү блиндажда кашыгы менен темир кателогун калдыратышып жатса, кээ бирөөлөрү тышта эле кобурашып тамактанышып жатышыптыр. «Ии, жигиттер кечки тамагыңар эң таттуу болуп калган го, башыңарды котелогуңардан көтөрбөй калыптырсыңар», деп тамаша кылсам: «Ооба, жолдош капитан, эртең мененки тамактан кийин эчтеке ичпегендиктен, солдаттын боткосу бал татып калыптыр» деп мыкты снайперлердин бири Гайыпов Темирбай жооп берди. «Ашыкпагыла, тамактан кийин бир аз сүйлөшө турган сөз бар» десем бардыгы бир адамдай макул дешти. Белгиленген убакыт келип чогулуп сүйлөшө баштадык.

— Жигиттер, шумкарлар, эртең таң зааpда панфиловчулар үчүн эң жооптуу күн. Чабуулга даярдык көрүүбүз керек. Алдыбызда турган шаарды каракчы фашисттерден бошотуубуз керек деген буйрук бар. Алибетте мындай чабуулда силердин ишиңер, эмгегиңер артыкча болот. Силердин взводуңар автоматчиктер менен бирге болушат. Автоматчиктерден калышпай таамай түз аткыла дедик.

— Туура айтасыз, жолдош капитан, биздин снайперлер биринчи жолу чабуулга киришип жаткан жери жок, биз бардык согуштук ыктарды колдонуп, элдин бизден күткөн тилектерин ар намыстуулук менен актап, душманга бир кишидей чабуул коёбуз,—деп чыгып сүйлөгөн катардагы жолдош Гайыпов Темирбай эле. Караңгы түндө алар менен коштошуп, колдорун бек кармап, кичине көз илинтип алууну айттык да, Помозов экөөбүз жөнөп кеттик. Эртеси үрөң-бараңда эртең мененки саат беште дүңгүрөтүп согуштун кудайы—артиллериялар менен артиллериялык атыштар башталды. Бардык солдаттар алдыңкы катардагы линияда тынымсыз даярдык менен буйрукту гана күтүп турушат.

Айлана кым-куут болуп, бөлүктөрдөгү бардык куралдар немецтерди көздөй багытталган. Миномёттор, замбиректер жана катюшалар ачууланып сайрап жатты. Алардын октору биздин үстүбүздөн жапыз өтүп, немецтердин алдыңкы позицияларын талкалап жатты. Артиллериялык даярдануу да токтоду. Жердин бети үрөң-бараң жарык боло баштады. Панфиловчулар немецтердин позицияларын көрүшүп, «Ураа!— Ур-раа! Ата-Мекен үчүн, элибиз үчүн алга!» деген кыйкырык менен көтөрүлүшүп чуркашты. Снайперлер биринчи баталондун автоматчиктери менен алдыда бара жатышты. Немецтер эсине келишкенче алдыңкы линиядагы траншейлерине кирип барышты. Немецтердин далайы биздин снаряддардан тоголонду. Бир тобу кол көтөрсө, бир тобу шаардын ичин көздөй чегиништи. Новоржев шаарынын тамтыгы мурун эле чыгып калыптыр. Ал жерде соройгон эле морлор көрүнөт, төбөсү жок тамдар, бардыгы иштен чыккан. Новоржевдин шаар деген аты гана катардан өчө элек болчу.

Биздин солдаттардын алды немецтердин экинчи чегине жеткенде душмандын артта турган артиллериялары биздин позицияны ата баштады. Бирок биздин солдаттарыбыз чабуулду токтотуп, эс-учунан татынып, делдейип калышкан жок. Жеткен жерине токтоп кол күрөктөр менен окоп казып орун ээлешти. Панфиловчулардын чабуулу бир топ токтоп, күндүзгү саат он экиде кайра кезекти артиллерияга берди. Артиллериялык даярдыктарды кайра калыбына келтирип жооп иретинде бир жарым саатка чейин фашисттик баскынчыларга өлүмдүн үрөндөрүн бүркүп турду. Немецтердин нерви чыдай албады көрүнөт, алар шаарды таштап кача баштады. Жөөсү жөө, атчаны атчан, кээ бирөөлөрү машиналарын жүргүзө албай таштагандары да көп болду. Шаарды немецтерден саат үч менен төрттүн ортосунда таптакыр бошоттук. Жайнаган немецтердин өлүктөрү, эч бузулбаган тамак жана советтик акча, складдарын ачтык. Складдардын биринде көп нан бар экен. Биздин кагаз акчалар, экинчи бир складда немецтик салафанга оролгон нандар чыкты. Нандардын бетинде «1938-жыл» деген жазуулары бар экен. Демек, каракчы фашисттер кеңеш өкмөтү менен урушууга даярдыкты Гитлер өкмөт башына келгенден баштап эле даярданып келе жаткандыгы далилденди. Шаарды бошотуп жайлангандан кийин штабда отуруп коммунисттердин кимиси жок экендигин ар бир парторгдорду чакырып алып сураштырып отурсам, Новоржев шаарындагы согушта эрдиктерди көрсөткөн бир топ коммунисттердин тизмесин алып келип менден учёттук маалыматтарын текшерип калышты. Алардын ичинде снайперлердин тобунан жолдош Нусупбаев, Гайыпов, Эржанов жана башкалары да бар экендигин окудум. Булардын сыйлык баракчарында «Новоржев шаарын бошотконду эр жүрөктүүлүк, туруктуулук жана чыныгы коммунисттерче жакшы аткаргандыгы үчүн деп кыска жазылган.

Мына ошондой эле эр жүрөктүү кыргыз уландарынын бири жолдош Гайыпов Темирбай ушул күндө Ош областынын Баткен районундагы «Рават» совхозунда жашап жатат. Гайыпов Темирбай согуш убагында кандай кызмат кылса, азыр, тынчтык мезгилинде да алдыда.

Новоржев шаарын каракчылардан бошотуу согушу мындан далай жыл мурда болуп өткөн окуя.

МЕН ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАН БОЛОМ

Мезгил 1942-жылдын ноябрь айынын аягы.

Айлана аппак кар эле. Карагайдын бутактарына илинип ак селдеге окшоп самсаалап турган карлар жана кычыраган кыштын суугу кыш айларынын келгенин элестетет. Кышкы суук бетиңди аймаса, ошол эле тегеректен пулемёттордун, автоматтардын жана замбиректердин огунун үндөрү токойдун ичин жаңыртат. Батальондун командалык пунктунан—жолдош старший лейтенант! Сизди үчүнчү телефонго чакырып жатат деп байланыштыруучу чуркап келди. «Ооба алтынчы сизди угуп жатат» дедим. Сиз саат ондо штабда болуңуз, бизге бир топ жаңы солдаттар келиптир, алардын көпчүлүгү силердин элиңерден экен, ошолор менен сүйлөшүп роталарга бөлөлү деди.— Жакшы болот, келем. Саат ондо лыжы менен полктун штабына келсем, полктолуктоого келген солдаттарды жаңыдан стройго тургузуп жатыптыр. Бир аздан кийин эле солдаттарды алып келген командир полктун командири подполковник Решетниковго келген адамдар жөнүндө рапорт берип калды. Решетников өзүнүн орун басары жолдош Муранов жана мен үчөөбүз стройго келип салам айттык.

Байкап көрсөм чынында эле үч жүздөй адамдын жарымынан көбү кыргыз, казак жана өзбектерден экен. Арасында мен тааныгандардан бир гана адам бар. Ал Сокулук районунан келген Борончиев Эгембердиди деген адам эле.

Полктун командири жолдош Решетников жаңы келген солдаттарга 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын кандай күжүрмөндүк иштери бар

экенин кыскача айтып берди. Андан кийин солдаттарды роталарга бөлүп жатсак бир жаш сары чийкил жигит, жашы отуздарда—жолдош старший лейтенант, сизге бир өтүнүч менен кайрылууга болобу? Катардагы солдат Эгембердиев Сулайман экенин айтып тура калды. Ооба, болот—дедим. Мүмкүн болсо мени автоматчиктердин бөлүгүнө жиберсеңиз экен. Биз анын суроосун канааттандырып, бир топ солдаттар менен кошо бөлдүк. Жолдош Эгембердиевдин кайдан келгенин сураганымда, Ош областындагы Ленин районунан экендигин айтты. Андай болсо тууган турбайбызбы жана дагы билимиң бар экен, жолдошторуңа көз салып өзүңдүн адистигиңди тезинен үйрөн деп колун кармадым. Жакшы болот жолдош старший лейтенант деп жооп берди.

Сулайман автоматчиктер менен бат эле таанышып, алардын өнөрүн үйрөнө баштады. Алибетте, согуш күндөрү тезинен эле аны айласыздан жолго салып, көп узабаган аранын ичинде алдыңкы катардагы автоматчиктердин катарына кошулду. Анын сергек жана шамдагай мүнөзү жооптуу чалгынчылыктарга, коркунучтуу багыттарда постто турууга алпарды. Сулайман биздин дивизиябызга келгенден баштап эле ак карды көкүрөгү менен жиреп чалгынчылыкка барып, кээ бир мезгилдерде Калинин областындагы калың токойдун ичиндеги саздарды кечип «тил» алып келүүгө катышкан. Анын күжүрмөндүк кайраттуулугу үчүн, биздин командование бат эле аны «Каармандыгы үчүн» медалы менен сыйлады. Ал согуштун башкы күндөрүндө андай медаль менен сыйлануу бардык эле солдаттарга таандык эмес эле.

Сулайман өзүнүн курбу солдаттары менен каракчы немецтерди өзүнүн Ата-Мекенинен батышты көздөй кууду. Шинелинин этегин белине кыстарып алып, кээ бир убактарда тизесинен келген ылайды тепсеп, күндүр-түндүр батышты көздөй умтулду. Канчалык кыйынчылыктар менен ажалдын огун кулагынын жанынан өткөрүп Холм шаары, Чекуново, Великие-Луки, Новосокольники, Насва, Локно, Новоржев, Опочка, Лудзе, Резеких, Модона, Рига жана толуп жаткан кыштактарды жана шаарларды бошотууга катышкан. Айтканга гана оңой, бирок булардын ар бирин бошотууда Сулайман ажал менен минут сайын тиктешип, аны жеңген. Бирок Улуу Ата-Мекендик салгылашууда жылдап жүрүп жараланбаган же курман болбогон жигиттер аз. Мына ошондой эле, ал Латвиянын борбор шаары Риганы бошоткондон кийин кезектеги чабуулда бутунан катуу жарадар болду. Жара аны көп убактыларга госпиталдарда кармады, согуш бүтөрдүн алдында гана согуштун инвалиди катарында бошонду.

Сулаймандын Ата-Мекендик согушка кошкон салымы чоң. Душмандарга эч убакта кежигесин көрсөтпөй кайраттуу коммунисттерче салгылашкан. Андай иштерди далилдеп, анын көкүрөгүндөгү алтындай

жаркыраган гвардиялык значок жана бир нече ордендер, медалдар тагылып турат.

Согуштук замбиректердин үнү басылды, калкка тынчтык эмгектин доору кайтарылды. Коммунист Эгембердиев автоматтын ордуна колуна тынчтык эмгек куралдарын алып, Ата-Мекендик согуштун инвалиди экенине карабастан, колхоз курулушунун алдыңкы катарындагы адамдардын арасында жаркырап-жайнап иштеп жүрөт.

АБИЛ НУСУПБАЕВ

Токойдун арасында полктун партбюросунун заседаниеси болмок, ага беш минут мурдараак мезгилде келсем, менден мурун, калың карды лыжысы менен жиреп, ак халатчан, каскачан полктук бюронун мүчөсү Абил Нусупбаев келип солдаттар менен сүйлөшүп, бир солдатка күбөлүк кат жазып жатыптыр.

— Саламатсызбы, жолдош парторг,—деп жайнап тура калып честь берди. Абил келбеттүү, узун бойлуу, ар убакта кабагым-кашым дебестен жаркылдап күлүп, ырдап жүргөн снайпер эле. Анын кичи пейил кыялы, Ата-Мекен үчүн жанын аябаган бир мүнөздүү, полктун коммунисттерине абдан жагып, ар убакта анын ысмы полктун, партбюронун мүчөлөрүнүн арасында, активдик тизмеден калчу эмес. Жолдош Нусупбаев дивизиядагы снайперлер тобунун эң биринчи адамдарынан болуп, өзүнүн фронттук кыска мөөнөттүн ичинде 20 жаш солдатты снайпердик адистикке үйрөттү. Анын күлүп жумшак мамиле менен айткан сөздөрү жаштарга абдан жагып таамай атуу ишин үйрөнүүгө кунттарын коюшчу. Абил аларга ар убакта үлгүлүү үйрөткүч болчу.

Далай жаш снайперлер өзүнүн ичинде Абилдей болсок, Абилдей таамай атсак деген тилектерин көңүлдөрүнөн чыгарышпай жүрүштү. Ал жаштарга жалаң гана снайпердик чеберчиликти үйрөтүп тим болбостон ар убакта жаштарды чогултуп алып, полктун партиялык бюросунун жана партиялык активдин чечимдерин да окуп берчү. Ал гана эмес, Абил алдыңкы катардагы солдаттарды партияга өтүүгө кеңеш берип, аларга өзү күбө болуп жана коммунисттик партиянын уставы жана программасы менен тааныштырып окутчу. Жаңы газет-журналдар анын колунан түшчү эмес.

1943-жылы дивизия Казакстанга өкүл жибермекчи болгондо баруучулардын тизмесинде Абилдин ысмы биринчи болуп жазылган. Ошондо ал Алма-Атага барып, фронттук жолдошторунун күжүрмөн иштерин, казак элине төкпөй-чачпай айтып берген.

1942-жылы июлдун аягында биздин полк экинчи линияда азыраак күн туруп калды. Ошол убакта аны кезиктирип, иштеген иштери жөнүндө сурап калдым, ошондо оор басырыктуу гана: «Эмнени айтайын анчалык деле олуттуу иштерди иштеп жиберген жокмун, бирок эртеден кечке чейин ойлогонум фашисттерди тезирээк талкалап Ата-Мекенди бошотсок экен деген гана ой. Полк экинчи линияга чыкканда кенди башка солдаттарга бир кыйла жеңилдик болот да, немецтерден алыс болуп, алар менен атышпай эс алышат. Ал эми снайперлерге бул убактыда да тынчтык жок. Эрте туруп жашыруун жакшы позицияны таап, кээ бир күндөрдө бир эмес экини даярдап алабыз да, башын көтөргөн немецтерди аңдып ата беребиз. Күндөрдүн көпчүлүгүндө жамгыр, кар жаап турат. Анда дагы позициябызды таштай албайбыз, айланага түн киргенде гана ал жерден тура алабыз. Мына ошентип жүрүп айдан-айга, күндөн-күнгө өзүмдүн немецтерди өлтүрүү счётумду көбөйтүүдөмүн. Мына ушул 1943-жылдын аягына чейин 150 фашистти атып өлтүрдүм. Алибетте ушул эле сан менен токтоп калбайм», деп күлүмсүрөп койду. Согуштун бүткөнүнөн бери бир канча жылдар өттү. Бирок менин фронттук блокнотумдагы жазуулардын ичинде жолдош Нусупбаев жөнүндө жазуулар бир нече жерден кезигет. Анын полктук партиялык активинде сүйлөгөн сөзү, анын мени менен бирге 1943-жылы Кыргызстан жана Казахстанга барып келгени, кээде күңкүлдөп «Кара торгойду» ырдагандагы үнү ушул күндө да эсимден кетпейт.

ТОКТОЯНДЫК АШЫРБАЙ

Көгүлтүр Ысык-Көл Кыргыз Ала-Тоосунун арасында мелтиреп тынч жатат. Анын айланасы көргөндүн көзүнүн жоосун алып жана байкагандын моокумун кандырып сонун көрүнөт, айрыкча жайдын күнү асман тиреген аркайган тоолору чокусунан ак селдесин түшүрбөй менменсинет. Анын каптал-этектери жашыл карагайга, ак кайыңга, кызыл арча жана башка ар түрдүү бадалдарга бөлөнгөн, алардын арасындагы түрдүү куштардын үндөрү, атыр жыты буркураган абасы көңүлдү көккө көтөрөт. Айланадагы төшөлгөн килемдей гүлдөрүчү, алардын жытычы...

Фрунзеден Пржевальский шаарына бармакчы болуп тасмадай созулган, күзгүдөй жалтыраган асфальт жол менен Ысык-Көлдү бойлоп баратып Түп кыштагына жетесиң. Анын күн чыгыш жагында Токтоян деген кыштак бар. Биздин Ашырбай Коёнкөзов мына ушул жерде туулуп-өскөн. Ашырбай Жыргалаң жана Түп сууларынан далай-далай жолу балык кармап, Ысык-Көлдүн жээгиндеги кумга оронуп, күнгө кактанып жаткан. Мына ушуларды фронтто жүргөндө нечен жолу эстеген. Алибетте, мындай эл жана жерин, Ысык-Көлүн кыргыз эли үчүн кымбаттуу Москваны Ашырбай баатырдык менен сактоого тийиш болчу.

Ата-Мекендик согуш башталганда Ашырбай 1941-жылы июлда өзүнүн пржевальскилик жолдоштору менен аскерге чакырылган, далай узак жолду басып Алма-Ата шаарына келген. Бул жерде өзүнүн жердеши генерал-майор И. В. Панфилов түзгөн дивизияга кошулат. Коёнкөзов Ашырбай ага киргенден кийин далай кыргыз, орус жолдоштору менен аскердик машыгууну үйрөнөт. Ашырбай токтоо мүнөздүү, ишти аткарууда абдан сергек, салабаттуу жакшы жигит эле. Солдаттарды бөлүктөргө бөлүштүргөндө Ашырбай атчан чалгынчылар взво-

дуна жиберилишин сурады. Кийин взводдун командири лейтенант Пискун Ашырбайдын атка мингенин, кылыч чапканын жактырып, башкаларга үлгү катарында көп айтар эле.

1941-жылы октябрда Ашырбай Панфилов дивизиясынын катарында фронтко келип, Москваны фашисттерге бербеске жан-дили менен салгылаша баштады. Ашырбайдын фронттук өмүр-баяны жөнүндө Панфилов атындагы сегизинчи дивизиянын аткычтар полкунун мурдагы комсоргу жолдош Балтабек Жетписбаев жакшы билет. 1941—1942-жылдарда Москванын жанындагы салгылашууларда «тил» алып келүү үчүн душмандын позициясына жана тылына Балтабек бир канча жолу Ашырбай менен бирге барган.

Ошол эле жылы Ашырбайдын мыктылыгына көзү жеткен соң ага партиянын катарына өтүүгө күбө болот жана ал жөнүндө Балтабек өзүнүн эскерүүсүндө мындай дейт.

«Бул окуя Ата-Мекендик согуш убагында, Москванын жанында болду. Фашисттер Ата-Мекенибиздин борборуна жутунуп турган кез. Күндөрдүн биринде салгылашууда душмандар биздин коргонуч чекарабызды бузуп, биздин бөлүктөрдү кыса башташты. Фашисттердин танктары чабуулга өтүштү. Биздин траншейде турган чалгынчылар танктарды жакын арага чейин коё берип граната, күйүүчү майы бар бөтөлкөлөрдү жаадыра башташты. Алдында келе жаткан эки танк жалбырттай баштады. Калгандары тезинен жалт берип, артка чегине башташты. Бул салгылашууда жалгыз гана Коёнкөзов күйүүчү майлуу бөтөлкө менен немецтик машинаны өрттөп, мылтыгы менен он бешке жакын каракчыларды сулатты. Ашырбайдын эрдиги бат эле солдаттарга таркалып командование анын ысмын сыйлык баракчасына жазышты.

Дагы бир окуя эсимде—Волоколамск шаарынан көп деле алыс эмес, майда бадалдардын арасынан биздин солдаттар коргонуу ордун ээлешти. Жолдун ар жагынан бизге каршы немецтер орун алышкан. Командованиенин буйругу боюнча немецтерге чабуул жасоо керек эле, алибетте, алардын турган жерин билип алып, чалгындоо жана «тил» алып келүү үчүн Коёнкөзовдун взводу жиберилди. Чалгынчылар бирде боортоктоп, бирде бүкчүңдөп куурайдан куурайга далдааланып немецтин траншеясына жетип барышты. Ары бери жагын байкап, бир аз эс алгандан кийин тоонун жолборсундай кароолчу немецтин үстүнө секирип жыгылат. Ашырбайдын жолдоштору да траншеяны ээлейт. Тезинен эле эки немецтин колун артына байлап, оозуна чүпүрөк тыкканча шашып келе жаткан душмандын добушу угулат. Ашырбай эки «тилди» жаткыргыла деп буйрук берип, канжарын колуна кармап калкааланып тура калып, немец бурчтан өтө бергенде, анын далысына канжарды жетире малат да үстүнө баса жыгылат. Муну көргөн экинчи немец кыйкырыкты салып кайра качканда, душмандардын октору мөн-

дүрдөй жаайт. Биздин чалгынчылар да жооп бере башташат. Бир топ убакытка чейин атышуулар, гранаталардын жарылыштары түндүн тынчын алышат. Ошол эле урушта чалгынчылардын командири Григорий Пискун баатырларча салгылашып жатып курман болот. Чалгынчылар салгылашууну узартпастан «эки тилди» алдына салып айдап, Ашырбай командирдин денесин көтөрүп, өздөрүнүн позицияларына кайтышты.

Ашырбай согуштун бир жылдан ашыгыраак убагында панфиловчулар дивизиясынын составында жүрүп, 138 немецти өлтүрүп жана он беш каракчынын колун көтөртүп «тил» алып келген. 1943-жылдын башында Ашырбайды 8-панфиловчулар командованиеси бир топ солдаттар менен немецтин ыраакы тылына жиберет. Көкүрөгүнө чейинки көк муз, ак карды жиреп барып немецтердин далай ат-арабасын, ок дары сактаган складдарын, штабдарын талкалап, фашисттерди түн ичинде үйлөрүнө корголоткон. Ашырбайдын тобу немецтик ыраакы тылдан кайра чыгалбастан 1943-жылы биздин партизандарга барып кошулат да, немецтик тылдарда душмандарга бүлүк салат. Өзүнүн аңгемесинде Ашырбай жүргөн партизандык бригаданын саясий бөлүмүнүн башчысы жолдош Соловьев Петр Федорович (Азыр Фрунзе шаарында жашайт) мындай дейт. «Ашырбайдын тобу биздин бригадага 1943-жылдын башында келип кошулду. Согуштук ишти жакшы билип, сезими жакшы болгондуктан аны бир аз күндөн кийин эле партизандардын ротасынын командири кылып дайындады. 1943-жылдын аяк ченинде партизандар үчүн оор убакыттар болду. Гитлерчилерге советтик партизандардын кылыгы катуу тийгендиктен, алар карательдик аскерлерин көбөйтүп партизандарды кыйратуу үчүн буйрук берген. Декабрдын аягында биздин партизандарды немецтик солдаттар тегеректеп, колго түшүрүү максаты менен автоматтардан, пулемёттордон окту жаадыра баштайт. Жарылган гранаталар жаралантып, кээ бирөөлөрүбүздү арабыздан алып кетип жатты. Согуштун кайнаган жеринде Коёнкөзовдун ротасы кармашып жаткан эле. Немецтер бир аз салгылашуудан кийин бир топ жаңы кошумча солдаттарды алып, партизандарды көздөй бронемашинасын да жиберди. Немецтик пулемёт партизандардын баштарын эриксизден карга калкалатты. Абал жаман, айла табуу керек деген ой Ашырбайдын эсине кылт этип түшө калды...

«Ооба, биринчиден тез жетип бронемашинаны жок кылуу керек. Эгерде ал биздин чөйрөгө келсе, пулемёт менен бизди курутат» деп ойлоду ал. Акылын токтотуп, айланасын караса анын көзүнө далдаада турган ат көрүнөт. Эки колуна байланган эки топ гранатаны алып, илбирстей ыргып атка минет да, чаап жөнөйт. «Ой, бул эмне деген көзү жок эрдик» деп, жолдошторунун баары таң калышат. Анан тизгинди коё берип, эки колун эки жакка жая сунганда анын колундагы салаңдаган гранаталар жолдошторуна канаттарын жайып учуп бараткан тоо бүр-

күтүндөй болуп көрүндү. Чаап келе жаткан алпты көрүп, душмандар да селт эте түшүшүп, ок атууну бир аз токтотушту. Бирок бронемашинага жакын калганда аны немецтик пулемёттун огу чалгыдай чапты. Аска зоо кулагандай, аттын үстүнөн кулап түшүп, өлсөм да бербейм деген-дей жерди кучактай жыгылды.

«Жолдоштор, Коёнкөзов окко учту. Коёнкөзов үчүн өч алгыла, ураа!» деген партизандардын үндөрү токойду жаңыртты. Немецтер туш-тушка качышты, биздин пулемёттор: «Мына! Мына! Ашырбай үчүн, коргошунду алгыла!» деп октор душманды көздөй учушту. Бул окуянын бардыгын мындан да толугураак кылып панфиловчулардын күжүрмөн даңктуу музейи айтып бере алат. Ага Ашырбайдын музей-индеги илинип турган болот канжар да күбө боло алат.

Ашырбай өзүнүн айылынан алыс жүрсө да, советтик жерди коргоп жаш жанын курман кылды. Ал жөнүндө Псков областындагы Ручи-кыштагындагы анын мүрзөсүнүн үстүнө койгон гүлдөр баяндап турушат.

Ашырбайдын фронттогу күжүрмөндүк, патриоттук иштери унутулган жок. Өкмөттүк сыйлыкка ысмы далай жолу айтылып, кагазга жазылган. Атүгүл аны өкмөт согуштан кийин да эстен чыгарбай, СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-жылы биринчи мартта Ата-Мекендик согуштун убагында немецтик фашисттер менен салгылашууда эрдикти жана каармандыкты көрсөткөндүгү үчүн Ашырбайды Ата-Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени менен сыйлады. Ашырбай менен анын тууган-туушкандары, бардык күжүрмөн жолдоштору — панфиловчулар жана кыргыз эли сыймыктанат. Мына биздин Ашырбай ушундай жигит болчу.

ЧЫН ДОСТУК

1942-жыл октябрь эле. Партиялык бюронун заседаниеси кечке жуук Ловать дарыясынын жээгинде, алдыңкы чектеги траншеяда башталды. Тегеректи туман басып, эчтеке көрүнбөйт. Бирок ошондой болуп турса да немецтердин снаряддарынын, миномётторунун жана анда-санда атылган автоматтардын кезектери басылбайт. Биз жактан атылган октордун үндөрү даана угулуп, көңүлүбүздү кубандырат. Заседаниеде каралган маселе мыкты солдаттарды партиянын катарына алуу эле. Биринчи болуп Панфилов дивизиясында атагы чыккан снайпер Тлеугалий Абдыбеков, андан кийин катардагы аткычтар Вехов А. И., Негробов И. В., снайперисттер Гаипов Т., Ержанов А. жана башка мыкты панфиловчулар келип, честь беришип жатышты. Баарынын өңдөрү күлүмсүрөп, көңүлдөрү көтөрүңкү, ичинен сүйүнгөнү билинип турат. Калыбы душмандын баайкоочулары биздин топтошууну байкап калса керек, миномёттордун жана замбиректердин снаряддары биз тарапка карай атыла баштады. Партиялык бюронун заседаниесинин ордун башка далдаа жерге которуп, арыздарды кароо иши улантылды.

Партияга мурун өткөндөрдүн бир кыйласы ошол эле алдыңкы позицияда, дивизиянын саясий бөлүмүнөн партиялык белеттерин алып, жаш коммунисттер ок атуучу чекиттерге, чалгындоого, снайпердик уяларга жөнөп жатты. Снайперист Мамадалы Мадаминовдун, чалгындоочулар Шаршен Усубалиевдин, Семён Матвеевдин жана башкалардын арыздары каралды.

Гвардиялык бөлүктүн 1943-жылы жайында саздак токойдо өткөн партиялык активдин чогулушу ушул күнгө чейин эсимде. Ал чогулушка алдыңкы актив коммунисттер келип өздөрүнүн адамды толкундаткан сөздөрү менен Ата-Мекенибизге чакырылбай келген каракчыларды кууп чыгып, аларга катуу сокку берүүнү сунуш кылышкан. Чогулушта чыгып сүйлөшкөн чечендердин көпчүлүгү Панфилов дивизиясынын мыкты баатырларынын үлгүлөрү жөнүндө айтып беришип, алдыбызда турган салгылашууда чын патриотторчо күрөшүүнү айтып кетишти. Полктогу коммунисттердин көпчүлүгү чынында массанын жолбашчы-

лары болуп, кайда татаал, оор жер болсо, ошо жерге өз ыктыяры менен барып, өздөрүнүн сөздөрү менен солдаттарды эрчитүү гана эмес, колундагы автоматы жана гранаттары менен да үлгү көрсөтө алышкан.

Полктун артиллерия бөлүмүнүн башчысы, гвардиянын майору Коновалов Иван Николаевич, батальондун командирининорун басары, гвардиянын старший лейтенанты Левон Акопян ар убакта солдаттар менен бирге болуп, өзүнүн куудул-тамашалуу сөздөрү менен алардын көңүлүн көтөрүп, тамаша салып берер эле. Ал эми Иван Николаевич ар убакта ырдап «Где тяпкина-ляпкина» деген тамсилин оозунан түшүрбөй тамаша салса, Левон Акопян армяндык анекдоттор менен боорубузду катырчу. Кайран жигиттер өздөрүнүн керт башын эч убакта өлүмдөн калкалап, коркуп коюшкан коммунисттер эмес. Полкто бул экөө кезигип калса биринен бири өтүп, отурган жерди концертке айландырып, жолдошторунун көңүлүн ачып, аз да болсо аларды эс алдырып коюшчу. Левон Акопян Коноваловду менин «Тяпкин-Ляпкиним» кайда деп сураса, Коновалов Акопянды менин «Карапетяным» эмне кылып жүрөт болду деп кайгырчу. Алардын мындай чын жүрөк менен байланышкан согуштук жолдошчулуктарын полктун адамдарынын көпчүлүгү билишип суктанышчу. Бул азаматтар бош боло калса, жолдошторуна тамаша салып берип, чабуулдарда, чалгынга барганда да душманга кежигесин көрсөтүп, немецтердин огуна жүгүнүшчү эмес. Бул эки жигитти, коммунисттерди, бөлүктөрдө, жалпы адамдарыбыз ызаат-тап тосуп алышар эле, алар жок жерде «тамашакөй адам» деп суктанышып калышчу. Кыш күндөрүнүн бири. Чабуул боло турган убактын алдында коммунисттерди чогултуп, сүйлөшөйүн деп Акопияндын батальонуна келсем, ал жок экен. Бир ротанын коммунисттерин жана комсомолдорун жыйып, алдыда боло турган чабуул жөнүндө сүйлөшүп жатсам, Левон келди. Азамат ай, кыштын кычыраган суугуна карабастан шырдама шым менен фуфайкасынын үстүнөн—ак халатты кийип, белине гранатты байланып, мойнундагы автоматы менен кабагым, кашым дебей жаркылдап кирип келип, чалгындагы көргөндөрүнүн баарын солдаттарга айтып берип,—коркпогула немецтер жерге кирсин, деп олтургандарды кайраттандырды. Кеч кирип жердин үстүнө караңгы түшкөндө ал экөөбүз байланыштыруучу Андрейди ээрчитип алып бир ротадан экинчи ротага барып коммунист жана комсомолдор менен аңгеме өткөрдүк. Чогулуштарды бүтүрүп коюп, кайра командирдин пунктуна барганча алдыңкы чекте турган сакчы, кароолчуларды текшере кетели десем, макул болду да, экөөбүз жүрүп калдык. Эки-үч посторду текшерип,—баракелде, бүгүн эң жооптуу түн, жакшы сак болгула деп, башка постко жөнөдүк. Левон мен ушул посттогу солдатты текшерип, паролду айтпай жакындайын, бир аз бош жигит эле эмне кылар экен деди.—Ай, койсоңчу, атып жиберип жүрбөсүн десем болбой, жалгыз

алдыга басып кетти. Бир аз убактан кийин: «Токто, ким келе жатат!» деген үн угулду. Левон жооп бербеди. Солдат кайра дагы «Токто! Атам!» деп туруп мылтыгы менен келе жаткан Левонду атып жиберди. Левондун башынан тумагы учуп кетти. Көрсө, кароолчу аны башка мээлеп тумагын ыргыта аткан экен. Ошондо гана экинчи окту чыгарбасын деп «Волга» деп паролду айтат. Акырын кароолчунун жанына келип, азаматсың, жакшы атат экенсиң, сен бул жерде кароолдо турганда, бизде коркунуч болбойт деп солдатты мактап жанынан өттүк. Мындай окуяны, эр жүрөктүктү, Ата-Мекенди чын сүйгөн жоокерлер башатарынан өткөрүшөт. Акопяндын мындай иштерине күбө болуп айтып бере турган адамдар көп болчу. Анын жолдошу полктун артиллерия кызматынын начальниги Иван Николаевич Коноваловдун эр жүрөктүгү жана тамашакөйлүгү андан өтүп кетчү. Иван Николаевич кандай гана оор, коркунучтуу күндөр болбосун, жаркырап-жайнап тамаша салып күлүп турчу эле. Өзүнүн «Давайте мне Тяпкина, ляпкина» деген адатын ар убакта таштабай, кайда жүрсө да ошону айтып, чекесинен терди шыпырып коюп солдаттардын арасына олтуруп алып, котелоктон тамак ичип же болбосо тамеки тартууну эң жакшы көрчү. Ооба, маркум Иван Николаевич кабагым-кашым дебей, өлүп калам деген ойду ойлобой, шинелдин алдыңкы эки этегин белине кыстарып, канчалык балчык жерлерди, саздарды жана күрткү карды тепседи. Чекесинин терин гимнастёркасынын жеңи менен шыпырып таштап жайдыр, кыштыр «Батарея менин командамды уккула!» деп кыйкырып... «Аткыла! жана аткыла!» деген телефондогу кыйкырыгы, анын жолдошторунун эсинен бат эле кете калбас.

1943-жыл кышкы күндөрүнүн бири. Тегерек тунжурап калың, таза кар көздү уялтат. Суук абдан катуу болсо да, саздуу жер кар алдында деле былкылдай берет. Полктун боло турган чабуулуна даярданып, бөлүктөрдүн артиллерияларын жана миномётторун жаңы ок атуучу позицияга алып барууну камсыз кылуу иши жолдош Коноваловга тапшырылган. Күндүз карагайды тизип жол салып, түнүндө замбирек менен миномётту кыйын түйшүктөр менен ташып, кээ бир жерлерде солдаттардын жардамы менен күрткү, баткактан жана сормо саздан чыгарышкан убакыттар да болгон. Ошондой татаал жерлерде—«Кана, дагы бир аз түрткүлө!» деп өзү баш болуп Иван Николаевич жүрчү эле. Эмгекти сүйгөн офицер өзүнүн офицердик погонуна карабай, чечинип салып, катардагы солдаттар менен ишке кирип кетчү. Мындай мүнөз ар убакытта көпчүлүккө жагып, чогулган жоокерлердин далайын тамшандырчу.

А. А. Ахметов
8-Панфилов дивизиясынын 30-гвардиялык аткычтар полкунун мурдагы парторгу.

ГВАРДИЯЛЫК АР-НАМЫС

Сегуштун биринчи күнүнөн баштап турмуш өзүнүн кадимки ыгын өзгөрттү. Тынымсыз ойлонуп—өзүмдүн турмуштагы ордумду ээлесем: ушул оор күндөрдө мен кайда болушум керек, алыскы тылдабы, фронттон миңдеген километр алыстыктабы, же советтик адамдын, биздин бүткүл социалисттик мамлекетибиздин бүгүнкүсү жана эртеңкиси чечилип жаткан кандуу фронттобу? Согуш башталгандан кийин жүйөлүү шылтоо табышты да мени согушка жибербестен, жооптуу чарба иштерине калтырышты. Анткени менен бүт дитим, умтулуум согуш тарапта эле.

Республиканын бардык бурчтарындагы шаарда болсун, айыл-кыштактарда болсун өз эркү менен фронтко жазылуу башталды. Аларды тез арада согуш ишине даярдап, фронтко жөнөтүп жатышты. Анда ар түрдүү кесиптеги адамдар бар эле.

Арадан жумалар, айлар өтүп жатты, бирок мага кезек дагы эле жетпеди. Декабрь айында баатыр панфиловчулардын эрдиги, биздин мекенге жана бүткүл дүйнөгө тараган учурда бизди, кыргыз интеллигенциясынын бир топ өкүлдөрүн Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретарынын кабинетине чакырды. Узун бойлуу толук, уктабагандыктан көздөрү шишиген адам, бизге фронттордун абалы жөнүндө айтты да:

— Жолдоштор! Силердин арадардан ким өз ыктыяры менен фронтко баргысы келет? Бул жерде биз уюштурган дивизияны толуктоо талап кылынып жатат.

Отургандар биринин артынан бири орундарынан туруп, фамилияларын айта башташты. Мага кезек келгенде, мен мындай дедим:

— Мен да барууга даярмын. Согуштук адистигим—артиллерист, сөзсүз өзүбүздүн Панфилов дивизиясына жиберүүнү суранар элем...

8-гвардиялык Панфилов дивизиясы ошол учурда Калинин областындагы анча чоң эмес Ловать дарыясынын жээгиндеги Холм деген шаарда турган. Фронттогу абал бул жерде 1942-жылы майда стабилизацияланып, дивизиянын подразделениелери үйрөнүү иштерин кызуу жүргүзүп жаткан күндөр эле. Жоокерлер ок атууга машыгышып, блиндаждарды, дзотторду жана артиллерия үчүн атайын жайларды курушуп, тактикалык сабактарды өтүүдө.

Бизди келерибиз менен дивизиянын командири кабыл алды. Ал бизге кунт коюп карады да мындай деди:

— Сурооңор барбы? Жокпу? Анда өз подразделениеңерге тарагыла! Эртең менен өз милдетиңерди аткарууга киришкиле!

Мен капитан Бреславскийдин батареясына туш келдим. Биздин батареянын командирининжана жоокерлеринин согушка катышканына

ПАВЕЛ ГАВРИЛОВИЧ ПТУХИН — 8-гвардиялык дивизиядагы аткычтар полкунун 76 мм батареясынын наводчиги, гвардиялык, старшина. Азыр Фрунзе шаарында кендир ийрүү фабрикасында иштейт.



ААЛЫ ЮСУПОВИЧ — ЮСУПОВ 8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын полктук батареясынын мурдагы командири, гвардиянын старший лейтенанты. «Батарея огонь!» деп кыйкырып далай снаряддарды фашисттердин тобуна жиберип атуучу чекиттеринин жаагын жап кылган. Азыр Фрунзедеги «Киргизгипросельстрой» институтунун директору.



бир жылдан ашып калган экен, менин келгеним аларды анчалык деле кызыктырган жок. Мындай суз кабыл алуу мен үчүн кыйын болду. Таарынуу баарынан да мага жабык позициядан токойдун ичиндеги немецтердин солдаттары топтолгон жерине атууга буйрук келгенде күчөдү. Атылган снаряддын үчөө тең кароолго тийген жок. Мен апкаарып калдым. Ошондо взводдун командиринин орун басары жоокерлерге замбиректи ачык жерге сүйрөп чыгууга буйрук берди да, ылдам-ылдам ата баштады. Мени телефонго чакырышты. Дивизиянын командири шыңгыраткан экен.

— Жолдош лейтенант, өзүңүздүн взводдук командирдин орун басарына ыраазылыгыбызды айтып коюңуз,—деди ал.—Толук даярдыкта тургула!

Мен эриксизден өзүмдүн жардамчыма карадым. «Мына, мына. Демек, кимдин жетекчилиги менен замбирек ачыкка чыгарылып, кароолго таамай тийгени белгилүү болгон экен да. Чебердик!» Согуштун биринчи эле күнүндө жолум болбогонго менин өтө кайгырганымды взводдун командиринин орун басарынын кыраакы көздөрүнөн жаздым калбаптыр.

— Жөн эле кайгырып жатасыз, жолдош лейтенант,—деди ал экөөбүз гана блиндажда калганда. Силерди жабык позициядан атууга үйрөткөнү мага белгилүү. Ал да туура, бирок ага көп убакыт кетет... Согушта болсо көпчүлүк учурда бир минута да тагдырды чечет... Ошондуктан көрүнүп турган душманга ачык позициядан ата баштадык. Муну эч ким ойлоп тапкан жок, согуш оту үйрөттү. Кала берсе артиллериялык салгылаштын ушундай ыгын чоң командирлерден да жан-дили менен жактыргандар болду.

— Ал ким?..

Взводдун командиринин жардамчысы мени кусалуу көзү менен узакка тиктеп турду да, үнүн акырын чыгарып мындай деди:

— Панфилов! Анын биздин арабыздан кеткенине бир жыл болуп калды, бирок аны унута албайсың, жолдош лейтенант! Сиз биздин жоокерлерге көңүлүңүздү жакшылап буруңуз—ар биринин аракетинде, согуштук жетишкендиктеринде, биздин биринчи дивизиянын командири Панфиловдун эрдиги, акылмандыгы жашайт. Бизге Панфилов менен бирге Москваны коргогондордун эрдиктери үлгү.

Взводдун командиринин орун басары ойлонуп, бир аз убакыт унчукпай калды да, анан кошумчалады:

— Бүгүнкү окуядан сиз оңой-олтоң эле кутулдуңуз. Эгер полктун командири Момуш-уулунун жанында болгонубузда, ал сизге, бардыгыбыздын тилегибизди жакшылап туруп катырмак. Талабы катуу, бирок чындыкты сүйгөн командир. Панфилов аны менен көп кеңешип, анын ой-пикирине макул болчу экен. Кырк биринчи жылы Москванын жанында болгон салгылаштарда өз батальону менен ал далай жолу эң оор абалдардан кутулуп чыгыптыр... Сиз аны менен тааныш эмессизби? Момуш-уулу менен тез эле көрүшөсүз. Анын закону темирдей: баатырдыгыңды мактайт, бирок коркок, энөө болсоң аныңды өлгөндөй жек көрөт...

Взводдун командиринин орун басары кайдагы бир шашылыш жумушун шылтоо кылып, кетип калды. Мен траншеяда көпкө отуруп даңктуу генерал Панфилов жана анын окуучулары жөнүндө ойлодум.

Сүйкүмдүү ак ниет адамдар, сөз менен эмес, иш менен жер жүзүнө өз командири жөнүндө эстелик калтырышты. Алар буга татыктуу болушчу, анткени, алар өз жандарын аябастан Москваны коргоп калышты.

Кымбаттуу И. В. Панфиловдун мүрзөсүндө.





Алматылык панфиловчул — ветерандар. Я. М. Смирнов, С. Мухамедиев, В. А. Кортель жана генерал-майор Панфиловдун атындагы дивизиянын өкүлдөрү Кыргыз ССРинин панфиловчул — ветерандарында конокто. 9-май 1967-жыл.

Дагы бир эпизод эсимде. Эски панфиловчулар өздөрүнүн дивизиясынын биринчи командирин сүйкүмдүүлүк менен урматташчу. Немецтердин позициясын түн ичинде атууга бир саат калганда взводдун жоокерлери эмне кылып жатышкандыктарын текшерүү үчүн мен блиндажга түштүм.

Жоокерлер бирдемени талашып жатышканын уктум. Кызык, эмнени талашып жатышат, тыңшап калдым. Көрсө, чалгынчылар жөнүндө жана алардын оор эмгеги жөнүндө айтып жатышкан экен.

Талашуулардын эмнеден чыкканы белгилүү болду. Ошол түнү чалгынчылардын бир чоң отряды немецтин тылына алыскы рейдге кетишкен болчу.

— Эх, бүгүн мен ошолордун бирөө болуп калсам, чыгыштыктардын адетинче,—деп таңдайын так эттирип койду байланыштыруучу Мукай Календеров.

— Каалоо, бул жакшы нерсе, бирок сен ал ишке жарайсыңбы? Кеп ошондо,—деди дайыма шайыр жүрө турган наводчик Николай Фомичев каршы болуп.

— Бул эмне дегениң, кантип жарабайын?—Мукай таарына түштү.

— Мына ошентип... Жооптуу ишке адамдарды Панфиловдун өзү кандай тандаганын уктуң беле? Укkан жоксуңбу? Мына ушундай... Дагы таарынган болосуң...

— Кана, айтсаң Николай,—деп күркүрөгөн үнү менен кызыга сурап калды Латыпов. Бул жигит согушка чейин Таш-Көмүрдө шахтер болуп иштеген экен.

— Бул тарых, көптөн бери баардыгына белгилүү,—деп баштады Фамичев.—Ушу кезге чейин ал жөнүндө укпаганыңарга таң калам.

СТУКОШИН ФЕДОР МИХАЙЛОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясындагы артполктун мурдагы байкоочусу — корректировщиги, гвардиянын сержанты. Азыр Фрунзе шаарында жашайт. Кыргыз ССРинин сүрөтчүлөр Союзунда иштейт.



ДАВИД ФЕДОРОВИЧ ОНИСИМЧУК — 8-гвардиялык дивизиянын артиллериялык полкунун наводчиги, гвардиянын сержанты. Азыр пенсияда, Кыргыз ССРинин Пржевальский шаарында жашайт.



Мейли уккула. И, угуп тургула. Бул кырк биринчи жылы ноябрда, Волоколамск шоссесинде болгон. Немецтердин тылында дивизиянын бир нече подразделениелери калган экен. Аларды кандай жол менен болсо да, алып чыгып негизги күчкө кошуу керек эле. Кимди жиберүү керек, мындай жооптуу ишти кимге ишенип тапшырууга болот? Дивизиянын командири байкап жүргөн жаш, шыңга бойлуу, сулуу, бир командир болгон экен. Жогорку начальниктерге салам берүүнү, аларга кайрылууну укмуштуудай билчү. Өзүнүн жагымдуу кылык-жоруктары менен эриксизден ар бир кишиге сүйкүмдүү эле. Ал баатыр, билгич, адамгерчиликтүү болуп сезилчү.

Ошентип, Панфилов ошол офицерди жооптуу ишке жиберүүнү макул табат. Штабга чакырып, тапшырманы берип, жөнөөгө буйрук берет. Офицер кадимкисиндей честь берип, шарт бурулуп кетүүгө камынат. Ошол убакытта дивизиянын командири тигинин аркасына карайт. Мунун аркасы шашып калган, коркок кишинин аркасы экенин байкайт. Панфилов дароо өзүнүн буйругун өзгөртүп, ордуна офицердин жардамчысын чалгынга жиберип, мыкты деген офицерди жоокерсиз жалгыз калтырат.

— Укмуш!—деп кыйкырып жиберди Мукай, Фамичев унчукпай калганда.—Муну дивизиянын командири гана эмес, биздин полктун командири да, чалгынчылар тобунун командирин далысына карап туруп тандаганды билет...

— Полктун командириби?—деп Омор Алгуланов кайталап олуттуу сурады.—И, болуптур, ошондой эле болсун дейли... А полктун командири жоокерди далысына карап тандаганды кимден үйрөнүптүр? Ыя? Панфиловдон эмеспи? Мына көрдүңбү, кеп ушунда!

Жоокерлер унчугушкан жок. Бирок мен траншейдин ичинде көпкө чейин калдым да арабызда өзү жок болсо да солдаттардын жүрөгүнө душмандарды жеңе турган керектүү үлгүсүн калтырган адам ким болсо, ошол жөнүндө ой жүгүрттүм.

Мен жогоруда айткандай кырк экинчи жылдын акырында, бизге каршы турган немецтик 16-дивизиянын командалоочусу өзүнүн күчтөрүнүн бөлүгүн Волгадан өтүү үчүн даярдай баштады. Бирок немецтердин абалы күндөн күнгө начарлай берди. Биздин армиянын командованиясы мындай абалдан пайдаланып, душманды мүмкүн болушунча батышка карай сүрүп, эгерде оңунан чыкса ыңгайлуу стратегиялык позицияны ээлеп калууну чечти. 8-гвардиялык панфиловдук дивизияга стратегиялык жактан эң маанилүү пункт болуп эсептелген Чукуново кыштагын бошотуу жөнүндө буйрук болду.

Биздин аскердин чабуулу таң атканда башталды. Түн аппакай эле да, айланадагы жерлердин бардыгы жакшы көрүнүп турат. Биз замбирек менен душмандын топторуна каршы тынымсыз таамай атып турдук. Бул объектинин бардыгы, мурда эле, биз коргонууда турган убакытта жетерлик жакшы аткыланган болчу. Немецтер аябай каршылык көргөзүштү. Көптөгөн техникасын, адамдарын жоготконуна карабастан, алар ар бир метр жер үчүн чабуул коюп жатышты.

Мен үчүн бул биринчи салгылашуум болчу. Фамичев, Алгуланов, Календеров жана взводдун башка жоокерлери чечкиндүү, абдан мыкты салгылашып жатышты. Биз, биздин аткычтар үчүн жол бошоттук. Душмандын тирүү күчтөрүн кыйраттык. Бирок ошол кандуу салгылашууда, биз да кайгылуу жоготууларга учурадык. Латыповдун замбире-



И. Л. ШАПШАЕВ — Советтер Союзунун Баатыры — отставкадагы гвардиянын полковниги, уулу Юрий менен политрук Клачковдун ысмы жазылган аскердик бөлүктүн кызыл туусуна сыймыктанууда.

ги бардык согуштук расчёттору менен бирге снаряддын таамай тийгенинен бүт талкаланып, өзү да курман болду.

Андан кийин кайра коргонуу, андан кийин жаңы кубаттуу күч менен алга каргуу, Великие Лукини көздөй бет алуу. Чокуновону алгандан кийин бат эле Кыргызстандын эмгекчилеринин өкүлдөрү бизде мейман болушту. Меймандардын алып келишкен белектеринин ичинде жоокерлер үчүн көлөмдүү «Манас» китеби бар эле. Биздин полктун командири Момыш-уулу меймандарга баалуу белектер үчүн чоң ыракмат айтты, бирок токтоно албай меймандардан «Манас» сыяктуу мындай чоң китептерди согушуп жаткан кырдаалда жоокерлерден кимиси алып жүрө алат деп сурады. — Солдатка кичине көлөмдөгү кылычтан курч жана жазбай тийген ок сыяктуу китептер керек!—деп айтты Момыш-уулу кыргыз меймандарга.

— Жакшы, биз бул кемчилигибизди оңдойбуз,—деп убада беришти өкүлдөр. Алар убадасын аткарышты. Көп узабай эле, биз чабуул коюп, Великие Лукиге жакындаган убагыбызда, Кыргызстандан жиберилген белектер бизди кууп жетти. Анда Аалы Токомбаевдин, Жоомарт Бөкөнбаевдин жана башка кыргыз акындарынын ырлары бар эле.

Көп уруштардын ичинен кырк үчүнчү жылдын башында биздин дивизия Великие Луки темир жол станциясы жана Безымянный бийиктиги

1966-жыл Таллин шаары. Тыниомыгы аянты. Делегациянын мүчөлөрү Ата-Мекен үчүн курман болгон панфиловчулардын монументине гүл коюуга бара жатышат.






Баатыр панфиловчулардын эстелигине арналган митинг. 1966-жыл. Гвардиянын полковниги КОРОСТЫЛЕНКО А. Ф. сүйлөп жатат.

үчүн жүргүзүлгөн уруш бөтөнчө эсимде калыптыр. Немецтер бул участокко эң көп танктарын, замбиректерин топтогон жана өздөрүнүн мыкты адам резервдерин жеткизишкен.

Эки жактан тынымсыз бороондой атышуулардан жер безгек болгондой титиреп жатты. Өрттөрдүн түтүндөрү аркылуу жана түн ичинде да токтобой артиллериялык снаряддын жарылууларынан согуштун кандай абалда жүрүп жаткынын байкоо кыйын эле.

Үчүнчү сутканын акырында биздин кыймылдуу подразделениелердин бөлүгү бийиктикти эки жагынан курчап айланып барып, чындыгында немецтердин тылына барып калышты. Курчоо коркунучу бардык жактан немецтердин көздөрүнө элестеди, жана алар бул участокко топтогон өздөрүнүн аскердик күчтөрүн артка кетенчиктете башташты.

Таңга маал, артиллериялык катуу атуулардан кийин биздин жөө аскерлер бийиктикти штурмалоону башташты.



ИВАН ГРИГОРЬЕВИЧ ТКАЧЕНКО — гвардиянын старший сержанты. 8-аткычтар дивизиясынын артиллеристтик полкунун 122 мм Гоубицынын замбирекчиси. Азыр Кыргызстандын Сокулук районундагы XXI партсъезд колхозунда иштейт.



ВАСИЛИЙ ЗАХАРОВИЧ ПРОХВАТИЛОВ — гвардиянын ефрейтору, 8-гвардиялык дивизиянын сапёру. Азыркы күндө Кыргызстан Жети-Өгүз районунда «Победа» колхозунда иштейт.

Бир нече сааттан кийин, көп салгылашууларда ок менен тешилген, дарыга чалдыккан биздин кызыл туу карагайлуу тоонун чокусунда желбиреп турду. Ошентип биздикилер бийиктикти ээледи. Кечинде немецтерден тартып алган траншейде бара жатып, биздин батареялык Тёркин—Николай Фомичевдин кезектеги аңгемесин угуп калдым. Ал блиндаждын бурчуна отурган да, боткону өзүнө тартып сугунуп, кызууланып айтып жатат.

— Мына туугандар, жашадык, демек, кайсы күнгө чейин! Мурун ар бир элдүү пунктка жүздөгөн солдаттарды жиберип турсак, а азыр эки солдат кыштакты ээлеп жатат...

— Кайсы жерде ушундай болду эле, Фомичев?—Кимдир бирөө сурап калды.

— Кайсы жерде дегениң кандай! Кече күнү беш чалгынчы тетиги кыштакка тылдан кирип барышып, ушундай бир чуу чыгарышканда, немецтер коркконунан аларды полк кирип келген экен деп ойлошкон.

Солдаттардын ушундай сүйлөшүүлөрүн угуу кандай жагымдуу. Анткени, алар биздин жоокерлердин согуштук чеберчиликтеринин арткынын гана күбөлөндүрбөстөн, бирок эң башкысы, алардын терең жана азыр өздөрүнүн күчтөрүнө олку-солкусуз ишенишкенине күбө болот.

...Көп жылдар өттү. Биз, панфиловчулар, бири-бирибизди каттар аркылуу гана билдик. Мына эми, дивизиянын түзүлгөнүнө жыйырма



Панфиловчу-ветерандар Фрунзе аэропортунда. Панфилов дивизиясынын өкүлдөрүн жөнөтүп жатышат. 1966-жыл, июль.

беш жыл толорунун алдында күтпөгөн жерден кубанычтуу кабар келди: республиканын өкмөтү жыйырма алты жылдыкты майрамдоо үчүн дивизияга өзүнүн делегациясын жиберүүнү чечти. Башкарууну мага тапшырган делегациянын составында Советтер Союзунун Баатыры даңктуу панфиловчу Дүйшөнкул Шопоковдун зайыбы, Социалисттик Эмгектин Баатыры атактуу кызылчачы Керимбүбү Шопокова жана машина куруучу заводдун жумушчусу Социалисттик Эмгектин Баатыры, рейхстагдын үстүнө желекти орнотууга катышкан Гришин бар.

Дивизияга бара жатканда, биздин учу-кыйрына көз жеткис өлкөбүздүн бардык бурч-булуңдарынан келишкен панфиловчуларды дуулдап, тааный алар бекенбиз деген ойдо болдук биз. Мына, тынчын алган бал челектеги аарыдай дуулдап, эбегейсиз чоң мейманкана турат. Эшиктер шарт-шурт ачылып-жабылып, адамдар суунун айлампасындай уюлгуп кирип-чыгып жатышат. Биз тааныш адамдарыбызды издейбиз. Башкаруучунун кабинетине топтошуп киребиз. Туш-тушка көз чаптырабыз, көздөрүбүз менен тааныш кишилерди издейбиз. Күтпөгөн жерден биз күткөн жактан эмес, таптакыр башка жактан шайыр, кубанычтуу үндү угабыз:

— Панфиловчулар! Биздин кымбаттуу кыргыз туугандар! Ошентип, мына силер кайдасыңар!

Узун бойлуу, жаак чачтары агарган адам чемоданын астанага койду да, толкунданып бизди өз кучагында кыса баштады. Көрүштүк, таң калдык: көрсө бул биздин дивизиянын мурдагы комиссары Логвиненко экен. Андан башка Панфиловдун зайыбы Мария Ивановна жана алардан башка дагы панфиловдук ондогон жоокерлер, офицерлер бар эле.

Ошол эле күнү биздин дивизиянын командири кабыл алды. Андан кийин биз парадда болдук. Трибунанын тушунан так катар тизилип, офицерлер менен солдаттар өтүп жатты. Алар мына ушу бүгүнкү таалайлуу эркин турмуш үчүн салгылашкан тирүү калгандардын же курман болгон жоокерлердин уулдары эле. Биз алардын парадын кубануу менен карап турдук. Эгер керек болсо дивизиянын командиринин наамындагы дивизиянын ветерандары кандай коргосо булар да, биздин Ата-Мекенди ар-намыс менен коргоруна терең ишендик.

А. Юсупов
Гвардиянын старший лейтенанты.

СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ — 8-гвардиялык дивизиянын катардагы байланыштыруучусу. Акын, жазуучулар союзунун мүчөсү, Фрунзе шаарында жашайт.



СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

ЖЕҢИШ КҮН

Уйку көрбөй, бут кабарып ал чакта
Чаалыксак да бизге кубат бериштиң.
Кан шорголоп, акыл-эстен тансак да,
Сага карай арыш кердик, жеңиш күн.

Келдиң, жеңиш, эрдик, даңктан жаралып,
Жерди арылтып дары жыттап, түтүндөн.
Куш сайрады, кыздар чачын таранып,
Бак гүлдөдү жеңиш сенин күчүңдөн.

Сенин баркың канын төккөн эл билет.
Нурга бөлөп, көрктүү, бейпил жер үстүн,
Чоктой кызыл байрак болуп желбиреп
Жылдан жылга жаркырай бер, жеңиш күн!

ТУУЛУП-ӨСКӨН ЖЕРДИ КОРГОП

Мен кызмат кылган 316-дивизиянын артиллериялык полкунда көп жолдоштorум бар эле, алар менен мен Алма-Атадагы айыл чарба институтунда бирге окугамын. Алардын ичинде Дмитрий Поцелуев (Снегин), Макатов, Филимонов, Красиковдор бар эле... Ушул жерде сокулуктук жолдоштор—Ситоленко, Енин, Калюжный жана дагы көп башкалары бар болчу.

Менин наамым кенже лейтенант болгондуктан, артиллериялык полктун үчүнчү дивизионун түзүп жана ага убактылуу командалык кылууну тапшырды. Кийинчерээк дивизионду аскердик училищеден келген старший лейтенант Анохин кабыл алды. Мен батареяга командир болуп калдым.

Дивизияны жана биздин артиллериялык полкту түзүүгө жана даярдоого бир айдан ашык убакыт кетти. Биз адамдар менен замбиректик расчётторду, взводдорду, батареяларды, дивизиондорду комплекттедик, жаңы замбиректерди, кол курал-жарактарын алдык. Жаңыдан эле кыргызстандын жайлоолорунан, Казакстандын талааларынан алынып келинген азоо аттарды чегүүгө, минүүгө үйрөттүк. Окуу тревогасын өткөздүк, жөө аскерлер полку менен бирге талаага чыгып уруш чебердигин үйрөндүк.

Мына эми, дивизия фронтко жол тартты. Тылды көздөй эшелон менен келе жатышкан эвакуацияланган аялдар, балдар, карылар жолугушушту.

Алардын өңдөрү согуштун биринчи күндөрүндөгү кайгысынан өтө жүдөшкөн. Жылмаюу да, күлкү да жок. Улам батышты көздөй терең деген сайын Ак деңизден Кара деңизге чейинки эң чоң фронттун дем алганы, көрүнбөгөн согуштун дем алганы сезилип турду.

Согушка чейин мен Москва көп, калктуу, шуулу, шаңдуу, гүлдөгөн, электр жарыгынын деңизине чөмүлгөн шаар экенин билчүмүн. Бул жолу калыбында көрөм го деген ойдо болчумун. Бирок Москва караңгыланган, адамдар жок дээрлик жым—жырт, сак экен. Душмандын самолётторунун чабуулунан сактануу үчүн, фашисттердин тарпчылдарына сокку берүү үчүн шаарды кубултууга бардык чараларды көргөндүгү сезилип турат. Мына биздин истребителдердин калкалоосунда Ворошиловградчи станциясынан Новгородду көздөй кетип баратабыз. Жөө аскерлер менен артиллеристтердин арасынан жөө келе жаткан орто бойлуу, улгайган, жогорку даражадагы белгиси менен айырмаланган адам бара жатканын көп убакытта көрөсүң. Ал биздин дивизиянын командири Иван Васильевич Панфилов болчу.

Дивизия Новгороддон анча алыс эмес Крестцанын жанындагы Мста өзөнүнүн жанына токтоду. Немецтер бизден жыйырма чакырымча алыс эле жана алдыга жылышкан жок, биз ошондон пайдаланып тактика-

ПОЛТАРАЦКИЙ ВАСИЛИЙ ГЕРАСИМОВИЧ — 8-гвардиялык аткычтар дивизиясындагы артиллериялык полктун штабынын мурдагы начальниги, гвардиянын капитаны, азыр Кыргызстан айыл чарба институтунда кафедранын башчысы, айыл-чарба илимдеринин кандидаты.



ИВАН ФЕДОРОВИЧ СИВЕРСКИЙ—8-гвардиялык дивизиядагы артиллеристтик полктун ефрейтору. Азыр Кыргыз ССРинин Сокулук районунун Ленин атындагы колхозунда иштейт.



калык сабактарды жана күжүрмөн атууларды өткөрө баштадык. Бирок биз бат эле кайрадан Волоколамск районуна, артка которулдук.

Волоколамскинин батышыраак жагында 316-аткычтар дивизиясы келиири фронт боюнча коргонууну ээледи.

14-октябрда биздин дивизиянын душман менен биринчи чоң салгылашуусу болуп өттү. Артиллериянын тынымсыз атууларынан кийин душмандын жүздөй танкысы жана ондогон транспортёру дивизиянын сол фланга жагынан чабуул койду. Старший лейтенант Райкиндин батальону коргонууда болчу. Ал душманды көп жоготууларга учуратып, өзүнүн чегинде бекем турду. Бирок улам минута сайын бардыгы кыйындагандан кыйындай берди.

Оң флангада да уруш күчөдү. Ал жакка да душмандын жүздөн кем эмес танкы жөнөдү. Ар бир саат сайын сол флангада абал татаалданды. Душмандын танктары кутуруп окопторго кирди бирок, биздин жөө аскерлердин чогуу ыргыткан гранаталарынан артка качышты жана жаңы күч менен, каарданган жырткыч сыяктуу кайрадан атака коюшту. Аларды биздин замбиректер, брон тешкич мылтыктар койгулашты жана аларга гранаталар ичинде өрттөөчү аралашма заттары бар бөтөлкөлөр учуп жатты. Кайраттуу жоокерлер талкалашкан немецтик танктар алоолонуп өрттөндү, ордунан жылбай калышты. Бул урушта биздин жердешибиз Төлөгабылов баатырдык менен салгылашты жана курман болду. Ал үч танкты кыйратты, төртүнчүсүн, топтошуп бириктирилген акыркы гранаталарын белине байлап, типтик тура калып, гусеницанын таманына өзүн өзү таштады.

Бирок душман тынчыган жок. Урушуу талаасына улам жаңы бронодолгон машиналар келип жатты. Батальон алсырай баштады. Көп солдат өлдү, оор жарадар болушту. Бирок жарадарлар да, жараттарын эптеп таңып алышып, салгылашууну улантып жатышты.

Дивизиянын сол флангасынын абалы өтө коркунучтуу болгон убакытта, Панфилов резервдеги батальонду урушка киргизүүгө буйрук берди. Бул батальондун жоокерлери душмандын атакаларынын мизин баатырларча майтарып, өзүнүн чегин бир сотке кармап турушту. Батальондун позициясын душмандын самолёттору бомбалашты, аларды көздөй артиллериялар жана миномёттор менен аткылап турушту. Бирок жоокерлердин темирдей эркин алар майтара алышкан жок. Алар өлүмгө баштарын байлап коюшту.

Панфиловчулар туулуп-өскөн өздөрүнүн советтик жерди эрдик менен коргошту. Бардык мүмкүнчүлүктөр бардык ок-дарылар пайдаланылды, жогорку командованиенин буйругу боюнча гана жаңы чекке чегинди. Оор коргонуу уруштары күн сайын кыйын болуп жатты. Жоготуулары менен эсептешпестен гитлердик командование Волоколамски шоссесине жетүүгө аракеттенип, танктык жаңы бөлүктөрдү урушка

киргизип жатышты. Көп жолу биз күндүн акырында «таканын ичинде», башкача айтканда жарым курчоодо калып жаттык. Бирок ал кезде немецтер түн ичинде урушпоону артык көрүштү. Күүгүм кирери менен алар жарык кылуу үчүн алдыңкы линияга ракетчиктерди гана калтырып, анда-санда тартипсиз аткылап турушчу. Биз ошондон пайдаланып, «такадан» бошоп чыктык да, эртең менен жаңы чекти ээледик. Он жети сотке октябрдик аябай катуу уруштардан кийин, немецтер зор жоготууларга учурап 25—26 км гана алдыга жыла алышты. Немецтик-фашисттик командование панфиловдук дивизия менен болгон уруштарда бир танктык дивизиясын экинчиси менен алмаштырып, тылдан бир нече дивизиясын алып келди. 316-аткычтар душмандын жөө аскери менен танктарынын чабуулун кайтарып, мурункудай эле өзүнүн борборуна кире беришти, баатырларча коргошту.

Генерал Панфиловдун дивизиясындагы ар бир жоокер Москвадан бүткүл совет элинин жүрөгүн көрүшкөн. Адам оор жарадар болсо, ал кайра жашай алары, ал эми жүрөгүн жоготкон адам жашашы мүмкүн эместиги белгилүү. Советтик бардык адамдын ушундай жүрөгү Москва болуп кала берет. Москва болгон жана аны жакшы көргөн. Мына эмне үчүн панфиловчулар туруктуулуктун, баатырдыктын жана жоокердик-тин чеберчилигинин үлгүсүн көрсөтүп, душман менен тайманбай салгылашкандыгы ушунда.


Ноябрдын биринчи жарымында фронтто бир аз жымжырттык болду. Ошол убакытта немецтер Москвадан 100—200 километр алыстыкта эле да, жаңы чабуулга даярданып жатышты. Алар ири танктык топтор менен Волоколамски шоссесине жарып өтүп, ошо жүрүшүндө Москвага кирип келүүгө умтулушту. Ушул багытты коргоп турган советтик аскерлер, кандай гана болсун душмандын чабуулун токтотууга буйрук алды. Бул ардактуу тапшырманы аткарууга тапшырылган аскердик бирикмелердин ичинде биздин 316-аткычтар дивизиясы да бар эле.

Душман жаңы чабуулду 16-ноябрда баштады. Ошол күнү Дубосеково разъездинин жанында турган капитан Гундиловичтин танктарды кыйратуучу эр жүрөк отряды төртүнчү ротанын взводу унутулгус легендардык эрдиктерди көрсөтүштү.

Бир күн өткөн соң жыйырма сегиз гвардиячылар-панфиловчулардын баатырдык ийгиликтеринен кийин, биздин 316-аткычтар дивизиясына гвардиялык наам берилгендиги жөнүндөгү кабар басылган газетаны дивизияга алып келишти. Коргоо Министринин 17-ноябрдагы буйругунда мындай деген: «Биздин Советтик Ата-Мекен үчүн болгон көп сандаган салгылашууларда 316-аткычтар дивизиясы эрдиктин, тартиптүүлүктүн жана уюшкандыктын үлгүсүн көрсөттү. 1941- жылдын 20—27-октябрында өздөрүнүн кайраттуу билгичтиктери менен фашисттердин үч жөө аскердик дивизиясынын жана бир танктык дивизиясынын



СТЕПАН ДМИТРИЕВИЧ МАСЮТЕНКО—8-гвардиялык дивизиядагы аткычтар полкунун замбиректик, назодчик, катардагы солдат. Азыр Кыргыз ССРинин Сокулук районунда жашайт.



ТАРАС ГЕРАСИМОВИЧ ТКАЧЕВ—8-гвардиялык дивизиядагы аткычтар полкунун командири, гвардиянын сержанты. Азыр пенсияда Фрунзе шаарында жашайт.

чабуулун токтотту. Өздүк состав эр жүрөктүүлүк менен салгылашты, душмандын көп күч менен чойгон чабуулун токтотту, качууга мажбур кылды жана душманды көп жоготууларга учуратты, 80 танкты талкалап жана бир нече жөө аскердик батальонун жок кылды».

Өзүнүн дивизиясы үчүн алган гвардиялык наамды панфиловчулар зор сыймыктанып жана аябай кубанып кабыл алды. Бирок бул кубаныч зор кайгы жана жоготуу менен аяктады. Кийинки күнү Гусенево кышгытында душманды минасынын чачырандысынан биздин сүйүктүү генералыбыз Иван Васильевич Панфилов өлгүдөй жарадар болду.

Алтынчы декабрь Москва үчүн болгон салгылашууга катышкан ар бир жоокердин жүрөгүндө түбөлүк сакталат. Бүл датага бүткүл өлкө даярданды. Жаңы дивизиялар, танктар, катюшалар, самолёттор келди. Ок атуучу позицияга снаряддар тоодой болуп үйүлдү. Эртең менен эрте катюша ойноп, согуштун кудайы—артиллерия сүйлөдү. Замбиректердин атылууларынан жер дүңгүрөп кулак тунду. Москванын жанындагы декабрдик ызгаар суукка карабастан, биз, артиллеристтер жалаң



Москванын алдындагы Дубосеково разъездинде болгон катуу салгылашта өлгөн панфиловчу баатырлардын эстелиги.



УРАЗАЛЫ АТАБЕКОВИЧ САРАЛИНОВ—8-гвардиялык дивизиянын артиллериялык полктун парторгу, гвардиянын капитаны.
Азыр Фрунзе шаарында жашайт.



КИЙ ВАСИЛИЙ СЕРГЕЕВИЧ—8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын батареясынын мурдагы командири, гвардиянын капитаны
Азыр Фрунзе шаарында партиянын Свердлов райондук комитетинин аппаратында иштейт.



ДМИТРИЙ ДАНИЛОВИЧ ОТЮЦКИЙ—Гвардиянын старший сержанты, 8-гвардиялык дивизиясындагы аткычтар полкунун замибиregинин командири. Азыр пенсияда.

гимнастёркачан иштедик, бирок ошондо да ысып-күйүп жүрдүк. Тынымсыз атуулардан замбиректердин стволдору кызарып кетишти. Биз душмандын терең позициясын көздөй ата баштаганыбызда жөө аскерлер турушту.

Генерал майор Панфиловдун атындагы сегизинчи гвардиялык дивизия ошол убакытта Крюкового чабуул койду. Аны немецтер каршы туруунун бекем түйүнүнө айландырууга үлгүргөн экен. Бирок эчтеме жардам берген жок. Крюково кыштагынын үстүндө кызыл туу желбиреп турду. Дүрбөлөңдөгөн немецтер Крюководон качып, гитлерчилер көчөдө солдаттарынын көп өлүктөрүн жана көп техникаларын калтырышты. Немецтер көмүүгө ниеттенишсе керек, солдаттарынын өлүктөрүн додо кылып үйүп коюшканын мен токойдун ичинен көрдүм. Калктан талап алган—мүлктөр—кийимдер, кийиз өтүктөр, одеялдар, ич кийимдер, балдардын туфлийлери жүктөлгөн бир канча жүк ташуучу машиналар кетүүгө үлгүрбөй калышкан. Талкаланган үйлөрдүн бирөөнөн мен немецтик алты офицердин өлүгүн көрдүм, үстөлдүн үстүндө

ичилип бүтпөгөн орустун арагы бөтөлкөлөрү менен жана желбеген тамак-аштар калган.

Эки күндөн кийин биз Истра шаарынын жанына жеттик. Москванын жанында немецтерди катуу талкалагандан кийин, эс алууга жана кайрадан түзүүгө биздин дивизияны Нахабино шаарына жиберди, Москванын жанындагы согуштан тартып, өзүнүн традициясына чыныгы берилген панфиловчулар, командование кайда гана жибербесин, өздөрүнүн 8-гвардиялык дивизиянын күжүрмөн даңкын арттырып, бардык буйрукту так жана абийирдүүлүк менен аткарды.

Полторацкий

Гвардиянын капитаны

АЛ ДАЙЫМ АЛДЫДА БОЛЧУ

«Силердин дивизияңар башка дивизиялардан кандай өзгөчөлүгү менен айырмалануучу эле» деп бизге, панфиловчуларга көп суроолор ду беришет. Кээде мындай суроолорго андай жооп берүүнү дароо таппай да каласың. Анткени, бардык дивизияларга тажрыйбалуу согуш начальниктери, офицердик, сержанттык жана катардагы составдар командалык кылышкан, алар өзүнүн Ата-Мекенине чексиз берилген негизинен коммунисттер жана комсомолдор болгон, аларды Коммунисттик партия тарбиялаган. Штат боюнча куралдануу да, бардык аткычтар дивизиялары үчүн табелдүү, бирдей болчу.

Бул суроого жооп берүүнү ойлогондо, адегенде адамдарды, андан кийин куралдануунуу эске түшүрөсүң. Согуштун бүтүшүн адегенде адамдар, андан кийин техника чечет, анткени, ал согуштун башында душмандын техникасынан кемдик кылды. Панфиловдун образы көз алдыга элестейт. Биринчи көз карашта генерал бардык башка генералдардай эле болуп көрүнөт. Иван Васильевич өлгөндөн кийин дивизияга өздөрүнүн ишин билишкен генералдар: В. А. Ревякин, И. М. Чистяков, А. Д. Кулешов жана башкалар командалык кылышты, бирок Иван Васильевич падышалык армиянын солдаттык оор турмушун башынан өткөрдү, андан кийин Чапаевдик дивизиянын катарында урушка катышты, ошол убакытта взводго жана батальонго командалык кылган. Күжүрмөн тапшырмаларды үлгүлүү аткаргандыгы үчүн, ал жогорку өкмөттүк сыйлыкка — эки жолу Эмгек Кызыл Туу орденине татыктуу болгон. Дивизияга командир болуп дайындалганга чейин анын 27 жылдык согуштук жана аскердик-саясий иши боюнча тажрыйбасы бар эле. Кыргыз ССРинин согуш комиссары, Кыргызстан КП БКнын мүчөсү жана республиканын жогорку Советинин депутаты болчу.



Кыргызстандык жана Казакстандык панфиловчулар дивизиясынын ветерандарынын бир тобу, панфиловчулар дивизиясынан келген жоокер делегациялар менен бирге Панфиловдун эстелигинин жанында. 1966-жыл, июль.

Дивизияны согушка жиберүүгө түзүп жаткан учурда И. В. Панфилов өздүк составдын күжүрмөн даярдыгына, бөтөнчө көңүл бөлүп, ар бир жоокер урушта өзүнүн ордун билүү үчүн, согуштук техниканы өркүндөтө билүүгө, чыдамдуу болушуна, эң кыйын кырдаалда эр жүрөк жана тез баамдагыч болушуна жетүүгө умтулган. Ал көп учурларда «Эр жүрөк жана билгич адамга, душман коркунучтуу эмес», «Карбаластабай, билгичтик менен аракеттен», «Жалтанба жана орунсуз көкүрөк тосуп бербе», «Кайсы жерде салгылаш катуу болсо, биз да ошол жердебиз», «Немецтер канчалык жакын болсо, ошончолук бат өлүшөт» деп айтаар эле. Иван Васильевичтин бул сөздөрү кийин жоокерлерге чоң осуят болуп калды.

И. В. Панфилов менен 1941-жылы июлда менин биринчи жолугушуум өмүр бою эсимен кетпейт. 1941-жылы мен танктарды кыйратуучу отряддын командирининорун басары болуп дайындалып, ошо за-

БАКИ МОЛДОБАЕВ—гвардиянын старший лейтенанты. 8-гвардиялык дивизиянын батальондук командиринин орун басары. Согуштан кийин өлгөн.



СУЛТАНБЕКОВ ИБРАЙ — Гвардиянын капитаны, 8-гвардия дивизиясынын артиллериялык дивизионунун командиринин саясий орун басары. Азыркы убактарда Кыргыз республикасынын соода палатасынын президиумунун председателинин орун басары.





АСАНОВ КӨКҮЛ — 8-гвардиялык дивизиянын **аткычтар** полкунун сержанты. Азыркы убакытта Кыргызстандын Талас районундагы «Красная Заря» колхозунда мал доктору болуп иштейт.



АТАБЕКОВ САЙПЕДИН—8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун старшинасы. Азыркы убакытта Кыргыз республикасынын Сузак районундагы «Эркин» колхозунун председатели.

мат полктун штабына чакырылдым. Жаңы кийген гимнастёркам шөлбүрөп, анын үстүнө айырмалоочу петлицалар жана белгилер тагылбай, алар чөнтөгүмдө болчу. Мен штабдын кызматкерлери менен сүйлөшүп турганда, бөлмөгө дивизиянын командири Панфилов кирди. Ал зыңкыйган, көңүлү шат адам экен. Штабдын начальнигинин орун басары тиешесиндей рапорт берди.

«Вольно!» деп команда бергенден кийин Иван Васильевич баарыбыз менен кол алышып амандашты. Анын кыска кыркылган чачына кирген актары күмүштөй жаркырашат, а көздөрү таң калгандай ачык жана жаш.

— А сиз ким болосуз?—деп сурады Панфилов мен айырмалоочу белгисиз экенимди көрүп.

— Старший сержант Денисенко, танктарды кыйратуучу отряддын командиринин орун басарымын,—деп жооп бердим.

— Эмне үчүн петлицаңыз жок?

— Тагууга үлгүрө албадым, анын үстүнө ийне да жок.

Панфиловчул ветерандар жеңиш күнүнө карата И. В. Панфиловдун эстелигине венок алып баратышкан учуру. 1967-жыл. 9-май. Фрунзе шаары.



Кара тору, жаактары азыраак азгын Панфиловдун жүзүнөн мыскылдагын сыяктуу белги пайда болду. Ал башынан фуражкасын алып, аны аңтарды, ийне менен жип алып чыкты да, сылык, бирок шылдыңдай сүйлөдү:

— Мына, көрдүңүзбү, дивизиянын командиринен жип да, ийне да табылды.

Уялганымдан бетим кызарып туруп калдым. Мындай эскертүүдөн көрө, катуу сөгүштү угуу жеңил болмок.

Бул менин генерал-майор Панфилов менен биринчи жолугушканым эле. Андан кийин Москванын жанында дивизиянын өздүк составын үйрөткөн күндөрдө урушуп жаткан убакыттарда аны көп жолу көрүүгө туура келди. Бирок офицерлер менен жана мейли катардагы солдаттар менен сүйлөшкөндө, өзүнүн үнүн жогору чыгарганын бир жолу да укkан жокмун. Ал командирлерден талап кыла билчү, жогорку аң сезимдүү тартиптүүлүктүн күрөшчүсү эле.

Фронтто Иван Васильевичти күндүз да, түн ичинде да алдыңкы четтен—траншеялардан да, блиндаждардан да, офицерлер менен солдаттардын арасынан да көрүүгө мүмкүн эле. Ал орто бойлуу, жакалуу кыска ак тон, кулакчын тумак кийген киши катарында бардык панфиловчилурдын эсинде калды. Ал жүргөн жерде командирлер менен жоокерлер өздөрүн көңүлдүү жана кайраттуу сезишчү.

Дивизияны түзгөн убакытта анын составына Панфиловдой тажрыйбалуу көп офицерлер киришти, алар аткычтар полкунун командири подполковник Карпов, Чапаевдин дивизиясында Панфилов менен бирге кызмат өтөгөн батальондук командирлери Степанов жана Булатов, байланыш аткычтар полкунун начальниги, кийин дивизиянын байланышынын начальниги болгон майору Ахминеев жана башкалар бар болчу.

Мурда урушка катышкан тажрыйбалуу эски кадрлар, офицерлер дивизияда болушу өтө чоң роль ойноду. Алардын өздүк үлгүлөрүн жана уруша билүүлөрүн жаш офицерлер менен солдаттар өрнөк кылып алышты. Душман менен салгылашууга туруктуулугу иштелип чыкты. Адамдар өтө көңүл коюп мамиле кылганы, алардын күжүрмөн даярдыктарына такай камкордук көргөнү—генерал Панфиловдун өзү жана аны курчаган офицерлердин өздүк айырмасы дал ушунда эле. Дал ушул сапаттар дивизиянын жоокерлерин согушта жогорку жөндөмдүүлүктө болушун камсыз кылууга өбөлгө түздү.

Г. Денисенко,
8-гвардиялык дивизиянын оперативдик бөлүмүнүн начальниги

МЫНДАЙЛАР УНУТУЛБАЙТ

Бул 1943-жылы ызгаардуу ноябрь айынын күндөрүндө болгон. Ошол убакытта Панфиловдун дивизиясы Великие Луки шаарынын жанында орун алып турган болчу. Фашисттер Советтик Армиянын жеңиштүү алга илгерилешин токтотууга бардык чараларды колдонушту. Улуу Октябрдын 26 жылдыгын майрамдоонун алдында Великие Луки шаарынын асманы туташ түнөрүп тозокко айланды. Немецтик бомболоочу самолёттор толкунду толкун куугандай учуп келишип, шаарга өлтүргүч жүктөрүн таштап жатышты. Өрттөн шаар күлгө айланып кетчүдөй болуп көрүндү, бирок Ловать өзөнүнүн жээгиндеги орус шаары турган жана туруштук берди. Анда турмуш бир мүнөткө да токтогон жок, бомбалоо токтоор замат шаардын эли жоокерлер менен бирдикте өрттү өчүрө башташты. Жоокерлер жана шаарда туруучулар, душман советтик адамдар үчүн жаркыраган эң сонун майрамын майрамдатпай, капа кылууга аракеттенгенин жакшы түшүнүшкөн жана эр жүрөктүүлүктү жана тынчтыгын сакташтары.

Биздин ыйык жерге гитлерчилердин алып келген адамкерчиликсиз жоруктарын, азап-тозокторун азыр эске түшүрүү өтө кыйын. Көз көрүп, кулак уккандардан жүрөк муздап кетчү.

Чалгындоо отрядында мени менен бирге кызмат кылган Саша Архиповдун 7-ноябрдын кечинде айткан бир окуясы эч качан эсимен кетпейт. Мыкаачылар басып алынган территорияда калган анын бир туугандарын, эне-атасын бүт өлтүрүп ташташкан.

— Менде эми эне да, ата да, карындаш да, ини да жок. Бардыгын фашисттер кырып ташташты,—деп Саша айтканда, анын үнү калтырап турду. Ал өзүнүн коркунучтуу аңгемесин бардыгыбызды кайраттуу чакырык менен аяктады: фашисттерден аёосуз өч алуу керек. Биздин

ар бирибиз өз ичибизде фашисттердин татыктуу жазасын берүүгө ант бердик. Мезгил көрсөткөндөй, биз өз сөзүбүздө турдук.

Менин өмүрүмдөгү эң кызыктуу окуя мына ошол улуу майрамдын алдында болуп өттү. Биз, чалгынчылардын тобу, полктун парторгу Айдархан Ахмедович Ахмедовго келдик да, бизди Лениндик Коммунистик партиянын кандидаттыгына алууну өтүнүп арыз бердик. Биздин арызыбыз кабыл алынды. Бир аз күн өткөндөн кийин полктун командири подполковник Решетников парторг менен бирге бизге келишти.

— Жолдоштор!—деди подполковник,—силерге абдан жоопту тапшырма бар. Жаңы Сокольники шаарынын чет жакасына чалгындоо

УСУБАЛИЕВ ШАРШЕН—8-гвардиялык дивизиянын аткычтар полкунун чалгындоочусу. Азыр Кыргыз ССРинин маданият министерствосунун алдындагы кинофикация жана кино прокаттык башкармасынын начальниги.



менен бирге урушуп, душман жөнүндө жаңы маалыматтарды алып келүү керек. Кандай гана болбосун алып келүү керек.

Бул тапшырманы орундоого биз абдан чебердик менен даярдандык. Ошол жердин шартын үйрөндүк, тосмолордун системасын билдик, биздин душмандын келишин жана кетишин, психологиясын үйрөндүк. Ошентип, 19-ноябрдан 20-ноябрга караган түнү командованиенин тапшырмасын аткарууга кириштик.


Немецтердин блиндажын курчоого алып, үч сааттан ашыкка созулган уруш жүргүздүк. Полктук артиллериянын жана миномёттордун

И. В. КАРПОВ — гвардиянын полковниги, Ташкенттик горнизондун офицерлери менен. 1945-жыл.





ОЛЬГА ФИЛИППОВНА ДОБРОБАБИНА—8-гвардиялык дивизиянын медсанбатынын старший сержанты. Азыр Фрунзе шаарында иштейт.



ШУМБАСОВ ИВАН ФИЛИППОВИЧ—8-гвардиялык аткычтар дивизиясынын мурдагы сапёру, гвардиянын катардагы жоокери, азыр пенсияда, Фрунзе шаарында жашайт.

колдоосу астында чалгынчылар блиндажга жетип барышты, гранаталар менен жол ачышты. Чалгынчылардын көбү ошол күнкү катуу уруштан кайткан жок. Алар өздөрүнүн өмүрүн сүйүктүү Ата-Мекени үчүн курман кылышты. Алар москвалык жигит Михаил Чуйков, татарстандан Борис Галиев, челябиндик жоокер Семён Матвеенко жана башкалар болчу. Ошол урушта мен жакын жерден тийген жаргыч октон оң колум жарадар болду да, таңга маал гана медициналык санитардык батальондо эсиме келдим.

Госпиталда нечен түндөрдү уйкусуз өткөрдүм. Мен генерал Панфиловдун үй-бүлөсүн көргөнүмдө өзүмдүн Кыргызстанымды, бала чагымды эсиме түшүрдүм. 1939-жылы бекен же 1940-жылы бекен толук эсимде жок, республикабыздын борборунан кыргыздын биринчи «Анар» аттуу балетин көргөн элем. Залдагы көрүүчүлөрдүн баарынын тең көздөрү өкмөттүк ложада, зайыбы жана назик кызы менен отурган генералга бурулду. Мен генералды биринчи жолу көрдүм, жана алибетте, ал ким экенин билүүгө кызыктым.



ВЕТЕРАН ПАНФИЛОВЧУЛАРДЫН бир тобу, генерал Панфиловдун атындагы гвардиялык дивизиянын өкүлдөрү менен. Сүрөт 1966-жылы Кыргызстандын 40 жылдык юбилейинде Фрунзе шаарындагы согуш комиссариатынын имаратынын жанында тартылган.

— Бул генерал Панфилов, жанындагысы зайыбы Мария Ивановна, а тиги кызы Валя,—деп жооп беришти мага.

Кийин фронтто мен генералдын кызы Валя менен көп жолугушуп жүрдүм. 1943-жылы Валя парторг Ахметов менен Кыргызстанга барганына абдан суктанганмын. Аларды кайра келишкенде кандай тосуп алгандыгыбыз, артыкча ал менин жарадар колумду медициналык санитардык батальондо жан-дили менен берилип, эркелетип байлагандыгы эсимен чыкпайт.

Чейрек кылымдан көбүрөөк өткөн убакыттан кийин эске түшүрүүгө туура келет жана эчак унутулуп калган сыяктанган окуялар кайрадан жанданышат. Жок, бул фронттук жылдар эч качан унутулбайт. Фронттук достор жана жолдоштор эч качан унутулбайт. Чалгынчылардын взводунда мен алар менен бирге 17 ай уруштум. Тарых үчүн бул мөөнөт өтө эле аз, а фронттук турмуш үчүн эң зор. Согушта убакыт саатап, атүгүл мүнөт менен эсептелет. Фронтто достук, эч жерде жоктой өтө бекем. Бүгүн кимдир бирөө өзүнүн денеси менен сени калкаласа, эртең сен да ошондой кыласың. Советтик жоокерлер үчүн бул күндө болобербү окуя. Гвардиячы-панфиловчулар үчүн бул андан бетер.

Азыр ошол каардуу жылдардагы баатырдык окуялар сакталышты, жана аларды терең философиялык позицияда анализдейсиң. Мисалга Советтер Союзунун элдеринин достугун алалы. Ал биздин панфиловдук дивизиянын 30-полкунун чалгынчылар взводунда бекем иштелген. Ошол убакта 35 кишиден турган биздин чалгынчылар тобунун ичинде Советтер Союзунун 11 улутунун өкүлдөрү бар экенине мен анчалык маани берген эмес экемин. Азыр бул интернационалдык достукта душманды жеңүү чыңалганын, лениндик партиянын акылмандуулугу, Советтик мамлекеттин күч-кубаты мына ушунда экенин мен түшүндүм. Мен өзүмдүн бир полктоштурум, өзүмдүн командирлерим менен сыйлыктанам. Биз бардыгы сыяктуу Ата-Мекен үчүн эң кымбат—өзүбүздүн өмүрүбүздү аябай бир кишидей баатырдык жана ар-намысыбыз менен уруштук. Ал эмгектери үчүн менин жолдоштурум ордендер жана медалдар менен сыйланышты. Ал эми биздин атактуу командир, мурдагы тарбиялоочу капитан, андан кийин полковник Шапшаев Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болду.

Мына эми «дарынын жытын жыттай элек» деп айтышкандай жаштар өсүп жетилди. Мага уландардын жана кыздардын кубанычтуу, бейкут турмушу жагымдуу жана мен өзүмдү бактылуу сезем. Чын сөзүм. Эгерде кайрадан туура келсе, алардын кимиси болсо да ойлонбостон чалгындоого барарынан шек санабайм.

Шаршен Усубалиев
гвардиялык аткычтар полкунун чалгынчысы.

БОШОТУЛГАН ЖЕРДЕН ГВАРДИЯЧЫЛАР ЭМНЕЛЕРДИ КӨРҮШТҮ

Душмандын техникасын жана адам күчтөрүн кыйратып, Сегизинчи Гвардиялык Панфиловдук дивизия коргонуу уруштарда чыңалды жана туруктуу болду. 1941-жылы ноябрдын башында фронтто бир аз тынчтык боло калды. Немец танктык жана жөө аскер бирикмелерин жакындатты, урушта тымтыракайы чыккан подразделениелерин толуктады, жаңы генералдык чабуулга даярданды.

Сегизинчи гвардия чечкиндүү сокку берүүгө даярданды. Коргонууну чыңдады. Чалгынчылар күн жана түн дебей душмандын тылына барып, кандай бөлүк, канча жана кайсы багытты көздөй жылып жатышат жана фашисттик аскерлер кайсы жерге топтолуп жатышат, ушундай жаңы кабарларды алып келип жатышты. Чалгынчылар шоссенин боюндагы, миномёттордун октору жаап турган чоң жолдордун жээгиндеги жарларда бир нече сааттап жатууга, немецтердин танктарын, замбиректерин, солдаттары менен автомашиналарын эсептөөгө туура келди.

1941-жылы 15-ноябрда немецтер жаңы чабуулга өтүштү, айыгышкан катуу салгылашуу башталды.

Ушул оор күндөрдө Рябов кызмат кылган чалгындоо ротасы чоң жоготууга учурады. Үчүнчү взвод кезектеги күжүрмөн тапшырмадан кайра келген жок. Рябовдун взводу дивизиянын штабын коргоого туура келди, бирок ал да көп жоокерлеринен ажырады.


Дивизиянын командири генерал-майор И. В. Панфилов өлгөндөн кийин, муну фашисттер кандайдыр бир жол менен билишиптир да, дивизиянын командири өлгөндөн кийин, коргоочулардын арасында дүрбөлөң болуп, ыркы бузулат деп ойлошкон. Немецтер урушка жаңы

жана дагы жаңы күчтөрүн киргизди. Самолёттор дивизиянын позициясын тынымсыз бомбалашты, провокациялык баракчаларды ташташты. Бирок гвардиячылар солк эткен жок. Душманды жанга тийген жек көрүү менен, жүрөктөрү сыздоо менен салгылашты панфиловчулар. Алар өлгөн генерал-майор үчүн өч алышты. Алардын: «Бир кадам да артка чегинбе, артыбызда Москва!» деген ураяны болду. Душмандын ою ойрон болду. Ал чечкиндүү каршылык көрсөтүүнү тосуп алды. Айыгышкан урушта советтик жоокерлер талааны жана жолдорду миналаштыры, токойлорду кесип бөгөштү, танктарга каршы аңдарды казышты. Ээлеп алган кыштактардан фашисттер жылуу үйлөрдү жана даамдуу тамак ашты табышкан жок. Немецтер кыштактарды талап-тоношту, бардык жылуу нерселерди окопко ташышты. Фашисттик жоокер сөрөйлөр аялдардын көйнөгүн, кийишти, баштарына шалы жоолук

ТЕМИРБАЙ ГАИПОВ — 8-гвардиялык дивизиясындагы аткычтар полкунун катардагы солдаты. Азыр Кыргыз ССРинин Баткен районундагы «Равкат» совхозунда иштейт.



НИКОНОР ЕЛИСЕЕВИЧ МАТВЕЕВ— 8-гвардиялык дивизиянын катардагы солдаты. Азыр Кыргыз ССРинин Токмок шаарында коменщик болуп иштейт.



салышты, анын үстүнө пилоткасын баса кийишти. Ноябрдын аяк ченинде фашисттер Москваны алуу жөнүндө эми ойлошкон жок. Эми аныкталоончуларга айланышты. Алар курман болгон жана колго түшкөн советтик жоокерлердин жылуу кийимдерин чечип алышып, өздөрү кийишти.

6-декабрда кубанычтуу күн келип жетти. Кечке маал советтик артиллерия душмандын бекемделген пункту—Крюково станциясын ата баштады. Бул чабуул коюунун алдында аткылашуу гана болчу, а түн жарымында бардык замбиректер менен атышты.

Атуулардан жана жарылуулардан жер солкулдады. Немецтер жооп кайтарып аткылашты, бирок биздин залп немецтик замбиректерди кыйратты. Таңга маал урушка «катюша» кирди—биздин гвардиячылар чабуул коюшту. Душмандын быт-чыты чыгып талкаланды, бардык жерде немецтик солдаттардын жана офицерлердин өлүктөрү томурайып жатышты. Душман эң көп согуш техникасын таштап качты. Немецтер талкалангандан кийин Рябовдун ротасынын чалгынчыларына атайын тапшырма берилди: кандайдыр бир жерде душмандын автоматчиктери жашынып калышпасын?

Бошотулган территориядан чалгынчылар эмнелерди көрүштү?

Немецтик-баскынчылардан бошотулуп алынган Волоколамск шаарында.





Эне, советтик солдатты кучактап алып сүйүнгөнүнө чыдабай ыйлап жатат.

Чалгынчы Рябов мындай деп айтты.

«...Кыштак каңгырап бош болчу. Үйлөрдүн жанында талкаланган немецтик эки танк жана бронетранспортёрлор түтөп жатышкан эле. Биз үчөө болуп коктуну бойлоп бараткан элек: отделениенин командири Нарожный, мен жана дагы бир солдат болчубуз. Кокту азыраак бадалдары менен чабындыга окшош эле. Тынчтык убакытта аерде балдар гүл теришчү, тегерек тартып ырдап, бийлешчү. Азыр бул жерди көрүстөнгө айландырышкан. Ушул жерден биз оор жарадар болгон биздин жоокерди таптык. Ал эс-учун билбей чалкасынан жаткан экен,

Фрунзе шаарындагы Панфиловдун атындагы № 6 мектептин окуучулары мектептин алдына тургузулган генерал-майор, Советтер Союзунун баатыры И. В. Панфиловдун эстелигинин алдына венок коюшту. 1967-жыл—9-май.



ок сол чекесине тийиптир, кан сызылып чыгып, муздак жерге тиери менен тоңуп жатыптыр. Жанынан санитардык араба өтүп бараткан экен. Биз жарадарды арабага салууга санитарга жардам бердик да, ары жөнөдүк. Чабындыга чейин жеттик, кичинекей бадалдын түбүнөн немецтер атып өлтүрүшкөн советтик граждандын эки өлүк денеси жатканын көрдүк. Документтерден биз, булар Москванын жанындагы бир заводдун жумушчусу жана анын зайыбы экенин билдик. Эмне үчүн жана кандай кырдаалда буларды аткандыгын билгибиз келди. Мына бир үйдөн эки аял чыкты. Алар ушунчалык арыкташкан, кирдешкен, кийимдери тытылган, карап турууга коркунучтуу эле. Алар бизге кайгылуу окуяларды айтып беришти. Көрсө, немецтер кыштакты ээлердин алдында Москванын жанындагы заводдун жумушчусу жана анын зайыбы буерге туугандары менен учурашууга келишкен экен. Бирок капилестен уруш башталгандыктан, алар кете албай калышыптыр. А фашисттер кыштакты ээлегенден кийин, Москва жанынан келген бул экөөнө кыштактан чыкпоого буйрук беришиптир. Караңгы түшкөндө алар канткенде да үйгө кетмекчи болушат, жашынышып кыштактын чегинен өтүшөт, бирок фашисттер таап алышат да, атып ташташат.

— Колхоздун клубу,— дейт андан ары чалгынчы Рябов,— талкаланган. Айрылган китептер жана портреттер фашисттердин өтүктөрү менен тапталып, бардык жерде чачылып жатат. Биз жана совет адамдары үчүн кымбат баалуу нерселер күлгө айланган. Мен мурдагы клубдун башка, запас эшигинен чыктым да, адам чыдагыс жорукка жолуктум. Фашисттер 12 комсомолду атып ташташкан. Алар клубдан он метр алыстыкта ар түрдүү кебетеде жатышкан эле. Биз,— деди чалгынчы өзүнүн аңгемесин аяктап,— далай салгылашууларда чыңалган, коркунучтуу картиналарды көргөнбүз, бирок бул жоруктарды көрүп бүткөн боюбуз дүркүрөп, денебиз калтырап кетти. Биз шапкебизди алып атылган жана азап тарткан советтик адамдардын өлүгүнүн жанында көпкө чейин карап турдук жана биздин ар бирибиз бир гана нерсе жөнүндө ойлондук: «Фашисттерден өч алабыз». Өлүмгө өлүм! Жеңиш үчүн кашык каныбыз калганча күчүбүздү да, өмүрүбүздү да аябай салгылашабыз!»

СОГУШТУК-ТРАДИЦИЯЛАРДЫН ЖОЛУН ЖОЛДООЧУЛАР

«Кымбаттуу балдар! Чыныгы энелик жүрөгүм менен силерден сурайм: биздин өзүбүздүн бийлигибизди Василий кандай сактаса, дал ошондой сактагыла. Силердин жүрөгүңөр силерге кандай буюрса, ошондой кызмат кылгыла, бир туугандарыңардын, атаңардын салтын сактагыла» (Жаш жоокерлер-панфиловчуларга В. Г. Клочковдун энеси — Анастасия Михайловна Клочкованын жазган катынан).

Кечки иңир Советтер Союзунун чек арасын акырындык менен өз кучагына алды. Коммунизмдин эбегейсиз зор курулуштарынын үстүнө электр жарыгы жаркырады.

Күндүз да, түн ичинде да, автоматтык заводдордун жана фабрикалардын жанында, атомдук электростанциялардын жанында, кубаттуу радио-телескоптордун жанында, электрондук эсептөөчү машиналардын жана станоктордун жанында миллиондогон адамдар эмгектенип жатышат. Алардын ар бирөө өз жумуштарын тынч, коопсуз иштөөгө мүмкүнчүлүгү бар. Ата-Мекендин көрөгөч сакчылары, советтик жоокерлер күндүз да, түн ичинде да, коммунизмди куруучулардын тынч эмгегин кыраакы сактап турушат.

Коммунизмди кайтаруучу кубаттуу армиялардын ичинде жаш жоокерлер-панфиловчулар бар. Бул күндөрдө жоокер-панфиловчулар кандай гана маселени чечсе да, ал өзүнүн кызматында, өмүр бою жана окуусу менен жек көрүндү фашисттик сан жеткис аскерлер менен урушууларда жетишкен үч жолу ордендүү гвардиялык бирикменин даңкын, тынчтык күндөрдө жоокердик милдетин сөзсүз аткарууга жана арттырууга умтулат.

Согуш жылдарынан кийин жана өзгөчө КПССтин XXIII съездинен кийин панфиловчулар жоокердик эмгекте көп күчтөрдү жумшап, тырышышты жана согуштук-саясий даярдыктардын бардык түрлөрү боюнча жакшы көрсөткүчтөргө жетишишти. Алар өздөрүнүн согуштук устаттыктарын өркүндөтүшүп, уюшкандыкты жана тартипти чыңдап жатышат. Жаш жоокерлердин көпчүлүгү өздөрүнүн кызмат ордунда:



Панфиловчулар дивизиясынан келген делегациялар Кыргыз ССРиндеги айыл-чарба көргөзмөсүндө. 1966-жыл.

«Жашоо, окуу керек жана жоокердик милдетти коммунистче аткаруу керек» деген ураан менен эмгектенип жатышат.

Подразделениелерде күндөн күнгө окуунун алдыңкыларынын саны көбөйүүдө. Кимдин аскердик кызматы азыр тууроо үчүн татыктуу үлгү болуп эсептелген ондогон жана жүздөгөн жоокерлер бар. Алар офицерлер — Бондарев, Табулганов, Берикбаев, Кульбин, Прокопенко, Юрявичус, Парве, кенже сержанттар — Тажибаев жана Гурце, сержанттар — Леванович жана Курашин, старший сержант — Соонсейн, ефрейторлор — Конушбаев жана Курашвили, катардагылар — Сараев жана Зверев жана толуп жаткан башкалар. Алардын ысымдары дивизиянын чегинен алыска белгилүү.

Коммунизм куруп жаткан советтик элдин жараткыч тынчтык эмгегин сактоо бюнча жооптуу жана ардактуу милдетин орундап жоокерлер — панфиловчулар, техникалык даярдыктарынын деңгээлин дагы жогору көтөрүү үчүн зор күчтөрүн жумшап жана тырышып жатышат: расчёттордо жана экипаждарда чеберчиликтерин арттырууда.

Советтик Армиянын кубаттуулугунун негизинин негизи, анын жоокерлери өзүнүн элине, социалисттик Ата-Мекенине, коммунизмдин

И. В. ПАНФИЛОВДУН атындагы дивизиянын саясий бөлүмүндө комсомолго алынган окуунун отличниктери менен аңгеме өткөрүлүп жатат.





Ар дайым биз менен! Ар күнү кечинде солдаттардын текшерүүсүндө Клочков өз ордунда. Качан солдаттар бир катарга тизилгенде тынчтык өкүм сүрүп:
«Советтер Союзунун Баатыры Василий Клочков, Советтик Ата Мекендик согушта курман болгон» деген салтанаттуу сөздөр угулат. Сүрөттө: Советтер Союзунун Баатыры В. Г. Клочковдун керебети. Аның аты гвардиялык дивизиянын бир бөлүгүнүн тизмесинин катарына түбөлүк өчпөс кылып жазылган.



Кыргыз ССРинин 40-жылдык юбилейинде панфиловчулар дивизиясынын делегациясы Фрунзе атындагы музейде.

Ветеран Панфиловчу — срогунан ашык аскер катарында иштеп жүргөн старшина Н. А. Мурзин дивизияга жаңы келген солдаттардын арасында.



улуу идеясына чексиз берилгендик болуп эсептелет. Офицерлер, саясий кызматкерлер, партиялык жана комсомолдук уюмдар, өздүк составды саясий жана аскердик тарбиялоо боюнча өзүнүн ишинин стилин күндөн күнгө өркүндөтүп жатышат.

Жаш жоокер — панфиловчулар өздөрүнүн даңктуу эмгегинде подразделениелердеги иштердин абалынын жетишкендиктерин жана кемчиликтерин терең анализдеп, объективдүү, өзүн өзү сыноо менен баалоону жетекчиликке алышат. Жетишкендиктер алардын баштарын айландырбайт. Алар Коммунисттик партиянын жарык кылган жолу менен алга карай жана гвардиялык күжүрмөн Кызыл Тууну ишенимдүү желбиретип жогору көтөрүп барышат.

Элдин чыныгы уулдары, олку-солкусуз туруктуулук менен, бардыгын жеңүүчү маркстик-лениндик окуу менен куралданган, коммунизмдин улуу жеңишине терең ишенген жоокерлер — панфиловчулар, милдеттин жогорку чекитинде болуу үчүн бардыгын иштешет, коммунизм курууучулардын жараткыч эмгегин көрөөчтүк менен сактап турушат.

А. Коростыленко

ОНИ — ПАНФИЛОВЦЫ

Составители — авторы А. А. Ахметов.
А. П. Филипович.

Которгон А. Сманалиев.
Редактор А. Аралбаев
Худ. редактор Е. Г. Соколов
Тех. редактор Н. И. Концеткина
Корректор М. Ашымбекова

Терүүгө 4/V 1970 ж. берилди. Басууга 4/X 1970 ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×90 1/16 15,79 басма табак 13,65 учёттук басма табак. Заказ № 1404 Тиражы 12 000. Мукабасыз баасы 47 т. Мукабасы 10 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин-ва культ. Кирг. ССР, г. Фрунзе, ул. Жигулёвская, 102.

ОШСКАЯ областная БИБЛИОТЕКА Инв. № 190868